United Nations Peacebuilding | ООН ЖЕНЩИНЫ | UNFPA | IOM UN MIGRATION | КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | STAT KG

**GSPS** | ГЕНДЕР КООМДУН КАБЫЛ АЛУУСУНДА ИЗИЛДӨӨ

# АЯЛДАРГА ЖАНА КЫЗДАРГА КАРШЫ ЗОМБУЛУК

## Кыргыз Республикасы

ОКТЯБРЬ 2018

©2018 «БУУнун Аялдар» түзүмү. Бардык укуктар корголгон.

Кыргызстандагы "БУУнун Аялдар" түзүмү тарабынан даярдалды
Автор: Елена Ким
Редактор: Айдай Белекова
Көркөмдөөчү-дизайнер: Азамат Турсункулов

Бул басылмада берилген көз караштар авторго(лорго) таандык жана сөзсүз түрдө эле БУУнун Аялдар» түзүмүнүн, ЮНФПАнын, Эл аралык миграция уюмунун, БУУнун жана ага байланыштуу уюмдардын же Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн көз караштарын чагылдырбайт.

Отчетту бул интернет баракчадан карасаңыз болот: http://www.unwomen.org/en/digital-library/publications

ИЗИЛДӨӨ БОЮНЧА ОТЧЕТ:

# АЯЛДАРГА ЖАНА КЫЗДАРГА КАРШЫ ЗОМБУЛУК

## Кыргыз Республикасы

Бишкек, октябрь 2018

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА “ГЕНДЕР КООМДУН КАБЫЛ АЛУУСУНДА” ИЗИЛДӨӨСҮ“ (GSPS)

Ушул негизги отчет БУУнун тынчтыкты куруу фонду тарабынан каржыланган, “БУУнун Аялдар” түзүмү, Кыргыз Республикасындагы БУУнун Калкты жайгаштыруу фондунун жана Эл аралык миграция уюмунун биргелешкен аракети жана Кыргыз Республикасынын Статистикалык комитети менен өнөктөштүктө ишке ашырылган “Гендер коомдун кабыл алуусунда” изилдөөсүнүн (GSPS) бир бөлүгү болуп саналат. “Гендер коомдун кабыл алуусунда” изилдөөсү (GSPS) алдыңкы жергиликтүү университеттерден, илимий-изилдөө институттарынан, өкмөттүк министрликтер жана бейөкмөт уюмдардан болгон кызыкдар тараптар, ошондой эле Президенттин аппараты; Улуттук илимдер академиясы; Улуттук коргоо кеңеши; Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги; Коопсуздук, укук коргоо жана коргоо башкармалыгы жана Ички иштер министрлиги тарабынан колдоого алынган.

GSPS жалпы максаты болуп үй-чарбалар, коомчулук жана калк деңгээлинде Кыргыз Республикасында аялдарга жана кыздарга таасирин тийгизген гендердик теңсиздик, зордук-зомбулук коркунучтары (белгилүү, маани берилет жана пайдаланылат) боюнча негизги тобокелдик факторлору жөнүндө фактыларды жана маалыматты түзүү саналат.

GSPS айрым милдеттери төмөнкүлөрдү түшүнүүгө багытталган:

- Гендердик басмырлоого, зордук-зомбулукка жана эксплуатациялоого алып келген жеке-аралык жана түзүмдүк маселелерди актуалдаштырууну ;
- Жамаат денгээлиндеги тенденцияларды жана коомдун гендерлик стереотиптер жана мамилелер жөнүндө өзгөрүлүп турган түшүнүгүн;
- Гендердик теңсиздик, коопсуздуктун жоктугу жана талаш-тартыштардын потенциалдуу себептеринин өз-ара байланышын.

Ушул максаттарга жетүү үчүн, Кыргызстанда бүгүнкү күндөгү гендердик практикаларды жана түшүнүктөрдү түшүнүү үчүн негизги кызыктырган беш тема боюнча сандык жана сапаттык изилдөө жүргүзүлгөн: аялдардын саясий турмушка катышуусу, аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн жана укуктарын кеңейтүү, кыз ала качуу жана эрте турмушка чыгуу түрүндө аялдарга жана кыздарга карата зордук-зомбулук, аялдардын арасындагы диний ишенимдер жана практикалар, жана аялдардын эмгек миграциясына катышуусу. БУУнун калк фонду (ЮНФПА), жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан өткөрүлгөн (GSPS) боюнча Улуттук сурамжылоонун натыйжалары 2016-жылы күзүндө жарыяланган. (GSPS)нин ар бири кызыктырган беш теманын бирине багытталган компоненттери боюнча отчеттор сандык жана сапаттык изилдөөнүн жыйынтыктарын камтыйт. Компоненттер боюнча отчеттор жана сурамжылоо англис, орус жана кыргыз тилдеринде жарыяланган. Өзүнчө жарыяланган жалпы кириш сөз (GSPS) нин басылмаларын чогултуу үчүн контекстин жана усулдарын толук талдоону билдирет.

(GSPS) изилдөөсү гендердик теңсиздиктин булактарына гана, атап айтканда, Кыргыз Республикасында гендердик теңсиздикти колдогон көз караштарга жана түшүнүктөргө, багытталган комплекстүү изилдөөлөрдүн жоктугун толукташ үчүн, ошондой эле гендердик талаптарды эске алуу менен камтыган тынчтыкты алдыга жылдыруу үчүн тиешелүү факторлорду аныктоо үчүн башталган. GSPS алкагында коомчулуктар денгээлиндеги процесстерге аялдардын жана кыздардын бирдей катышуусу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жана стратегиясын аныктоого, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес институттарга ыкылас коюлган сунуштарды берүүгө, ошондой эле Кыргыз Республикасында гендерге багытталган саясатка далилдерди камсыз кылууга аракет көрүлгөн. GSPS нин натыйжалары БУУ системасында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүндө, ошондой эле окумуштуулар жана жарандык коомдун жана бейөкмөт уюмдардын мүчөлөрүнүн арасында кеңири таратылган.

# ИЗИЛДӨӨНҮ ӨТКӨРГӨН ТОП

Бул отчеттун автору : Елена Ким
Отчеттун талдоочулар тобу: Римма Султанова жана Айымбүбү Жапаркулова

## ГЕНДЕР КООМДУН КАБЫЛ АЛУУСУНДА ИЗИЛДӨӨСҮ (GSPS) ТОБУНУН КОЛДООСУ МЕНЕН

Башкы изилдөөчү: Мэган МакКормак

Изилдөө материалдарын иштеп чыккандар: Эсенгул Чинара, Горборукова Галина, Илибезова Лариса, Капалова Алтын, Хамидов Алишер, Кожобекова Айжаркын, Мурзакулова Асель, Аблезова Мехригюль,

### Сапат жагынан изилдөө тобу:

Негизги отчетторду жазгандар: Миргуль Каримова, Елена Ким, Асель Мурзакулова, Нургуль Укуева, Нупгул Эсенаманова, Айкөкүл Максутова

Аналитикалык колдоо көрсөткөндөр: Диана Асаналиева, Гулмайрам Аттокурова, Бектемир Багышкулов, Айкөл Болотбекова, Айымбүбү Жапаркулова, Бактыгүл Капалова, Мадина Касымова,Эльнура Казакбаева, Гулжан Ниязалиева, Жаркын Омурбекова, Римма Султанова, Зарина Урманбетова, Тынычбекова Аида

Маалыматты чогулткандар: Наргиза Абдырахман кызы,Диана Асаналиева, Гулмайрам Аттокурова, Бектемир Багышкулов Айкөл Болотбекова, Жамал Фронтбек кызы, Айымбүбү Жапаркулова, Бактыгуль Капалова, Эльнура Казакбаева, Гулжан Ниязалиева, Жаркын Омурбекова, Римма Султанова, Рустам Улуков, Зарина Урманбетова

Транскрипция кызматтары: “M-Vector” изилдөө жана консалтинг компаниясы тарабынан көрсөтүлду

Изилдөөнүн фото-сүрөтчүсү: Эльёр Нематов

### Сан жагынан изилдөө тобу:

Изилдөөнү башкарган жана кеңеш бергендер: Эльвира Исенкулова, Лариса Илибезова,Гулкумар Абдуллаева

Аналитикалык отчетту жазгандар: Гульмира Сулайманова,Людмила Торгашева, Нина Багдасарова, Лариса Праслова, Зульфия Кочорбаева, Евгения Карпович

Статистикалык документдер боюнча кеңеш бергендер: Тамара Таипова жана Чынара Турдубаева

Маалыматты кайра иштеп чыккан: Лариса Праслова

Регионалдык талаа жумуштарын координациялоо: Улан Аскатов, Жандаралы Садыралиев, Кыдыргыч Акматов, Мырзахмат Эргешов, Азизбек Рысбаев, Светлана Сатканалиева, Алмаз Шакулов, Кошой Исалиев, Торобек Ааматов

Маалыматты жыйнагандар: Нурбек Канназаров, Идеят Бекташева,Тилек Бактыбеков,Толгонай Ташибаева,Тологон Маматкулов, Болот Ибраимов, Мирбек Эсенкулов, Асылбек Кожонов, Барахатхон Байбубаева, Махарам Рахманжанова,Рахмат Акматов, Рахима Байбубаева, Парида Гапарова, Шахзада Саитова, Гулзат Нурматова, Батиржон Туракулов, Нурлан Шакулов, Салтанат Муратбекова, Айгуль Токтосунова, Гулсана Оморова, назира Жапарова, Чолпон Шатенова, Жазгул Иманова, Айсулу Момулбаева, Гульнара Садимова, Кубан Токторбаев, Алтынгул Сабирбаева, Уулжан Иманалиева, Зулайка Касымова, Нуржан Назаралиев, Айнура Турсунова, Медетбек Кабылбеков, Чолпонвй Аданова, Турдугуль Тохтарова, Мурзарахим кызы Айзирек, Муассархан Хамдамова, Аида Жолдошева, Жумагуль Бекмуратова, Муратбек кызы Самара, Маматилла уулу Эдилбек, Жазгуль Молдокабылова, Гульмира Орозбаева, Айнура Нааматова, Жумагуль Шабданова, Карлыгач Каниметова, Нестан-Дарежан Качаганова, Нурперизатханбубугуль Алмазбекова, Айгуль Абдыкеримова, Нурзат Эгембердиева, Мархабахан Каримова, Айгерим Камчыбекова, Айелес Шакирова, Турдукан Артыкова, Назгуль Шакирова, Айгерим Абдыкаимова, Сапармурат Муктаралиев, Анаркуль Сайнидинова, Айсулу Капарова, Толгонай Маатова, Сабира Темирова, назира Жумагулова, Азим Маатов, Айканыш Кенешова, Айнура Качкынбаева, Токторбек Байаманов, Таалайкуль Бакашева, Нур Султанкулова, Асель Темирбекова, Мээрим Каптагаева, Фатийна Кадырова, Бактыгуль Сыдыкова.

Коддоо жана маалыматты киргизүү: Ларисса Кобцова, Айгерим Молдоканова, Чопон Буваматова, Саламат Нургожоева, Айгуль Дордоева, Зарина Капарова, Мээрим Куздобаева, Чынгыз Абдыкаимов, Нуржан Таалайбекова,Бактыгуль Абдыкеримова, Замира Бержибаева, Мээрим Эркинбек кызы, Клара Калдыбаева

# ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ

“Гендер коомдун кабыл алуусунда” изилдөөсүн (GSPS) өткөрүү жамааттык күч-аракет болуп саналат, жана биз жетектеген, катышкан жана баа жеткис салым кошкон көптөгөн кишилерге биз чын жүрөктөн ыраазычылык билдирүүгө милдеттүүбүз. Биз, изилдөөнүн даярдоо, маалыматтарды топтоо, иштеп чыгуу жана маалыматтарды талдоо этаптарына катышкан ар бир адамга ыраазычылык билдирип, төмөнкү салымдарды баса белгилөөнү чечтик:

## БУУ нун Тынчтыкты куруу фонду

БУУнун Тынчтыкты куруу фондуна, ушул изилдөө долбоорун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган баалуу каржылоосу үчүн ыраазычылык билдиребиз, ал ошондой эле «БУУ-нун Аялдар уюуму» түзүмү тарабынан каржылык колдоого алынган.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

Биз, Кыргыз Республикасынын көптөгөн мамлекеттик мекемелерине ар кандай жолдор менен долбоорго колдоо көрсөткөдүгү үчүн ыраазычылык билдиребиз. Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги тарабынан долбоордун негизги иш-чараларына көрсөтүлгөн жардамды жана катышуусун баса белгилеп кетебиз. Биз ошондой эле, изилдөөнүн сандык компонентин ишке ашырууда өнөктөш болгон Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин кызматкерлеринин бүтүндөй жактоочулугуна ыраазыбыз жана жогору баалайбыз.

## Биргелешкен Координациялык Комитет

Президенттин аппараты жана БУУ нун туруктуу координатору тең торагалык кылган, мамлекеттик органдардын, жарандык коомдун жана БУУ нун мекемелеринин өкүлдөрү мүчө болгон Биргелешкен Координациялык комитет “Гендер коомдун кабыл алуусунда” изилдөөсүнүн (GSPS) ишке ашырылышына көзөмөлдү жүзөгө ашырган. Биз, Биргелешкен Координациялык комитеттин мүчөлөрүнө негизги натыйжаларга жетүүнү камсыз кылуу боюнча көзөмөл жүргүзгөндүгү үчүн ыраазычылк билдиребиз.

## Биргелешкен Координациялык Комитеттин Катчылыгы

Биз ошондой эле, БККнын катчылыгына, кызыкдар тараптар ортосундагы байланышты дайыма колдоп, долбоордун натыйжаларына жетүүнү көзөмөлдөп, БУУ менен өкмөттүн Кыргызстанда тынчтыкты куруу, анын ичинде «Гендер коомдун кабыл алуусунда» изилдөөсү (GSPS) жөнүндө коомдун кабардарлыгын жогорулатуудагы аракеттери үчүн ыраазычылык билдиребиз.

## Изилдөөнүн респонденттери

Изилдөө үчүн өз убактысы, күч-кубаты жана маалыматы менен респондент катары бөлүшкөн Кыргызстандын 7,000 ашык жарандарысыз бул «Гендер коомдун кабыл алуусунда» изилдөөсүн ( GSPS) өткөрүү мүмкүн болмок эмес.

## Өнөктөштөр - БУУнун уюмдары

Ошондой эле, GSPS ишке ашыруу боюнча өнөктөштөрдүн үчөөнөн тең колдоо көрдү жана башкаруучулук көрсөтмөлөрүн алды, «БУУ-нун Аялдар» түзүмүнөн жетектөөчү мекеме жана сапаттык компоненттин координатору катары, БУУнун Калк фонду изилдөөнүн сандык компонентин координациялаган, ал эми, Эл аралык миграция уюму жалпы изилдөөгө техникалык колдоо көрсөткөн. Биз ошондой эле, ишти колдогон БУУнун бардык кызматкерлерине жана үч органдарынын кызматкерлерине жазуу жүзүндөгү салымдары, ой-пикирлери, идеялары жана баалуу сунуштары үчүн ыраазычылык билдиребиз.

## Кызыкдар тараптардын кеңешчи тобу

Кызыкдар тараптардын кеңешчи тобу (КТКТ)- мамлекеттик, илимий мекемелердин, эксперттердин жана жарандык коомдун кеңири өкүлдөрүнөн турган топ. КТКТ бир нече мамлекеттик жана мамлекеттик эмес кызыкдар тараптарга изилдөө методологиясы жана аспаптары боюнча маалымат жана кеңеш берүү, акыры аларды бекитүү үчүн аянтча катары кызмат кылган. Биз, бул демилгеге өз убактысын бөлүп жана биргелешкен күч-аракетке өзүнүн таандыгын көрсөткөн адамдарга терең ыраазыбыз.

## Изилдөөчүлөрдүн тайпасы

Аягында, изилдөөнүн сандык да сапаттык да компонеттери боюнча изилдөөчүлөрдүн тайпасына өзгөчө ыраазычылык билдиребиз. Бул отчетту иштеп чыгаруу алардын тынымсыз жана түгөнгүс берилгендиги болбосо, мүмкүн болмок эмес. Биз, сандык изилдөөлөр боюнча тайпанын ушул отчетко кошулган сандык аналитикалык отчетту түзүүдөгү олуттуу салымына ыраазыбыз. Биз, ошондой эле, сапаттык изилдөөнү жүргүзгөн топко,ушул отчетту жазууда негиз болгон ой-пикирлери, толуктоолору жана алардын мазмундуу жана толук отчеттору үчүн ыраазычылык билдиребиз.

# МАЗМУНУ

ГЛОССАРИЙ 8

КЫСКАРТУУЛАР 8

НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР 9

КИРИШ СӨЗ 11

1. Изилдөөнүн ыкмалары 15

2. Изилдөөнүн жыйынтыктары: кыздарды ала качуу 18

2.1. Аялдардын үндөрү 22

2.2. Сексуалдык зомбулук: ачык жана жашыруун 24

2.3. Ала качкан адам 31

2.4. Башка туугандарынын ролу: жеңелер 35

3. Изилдөөнүн корутундулары: эрте/бала кездеги никелер 39

3.1. Эрте никелердин себептери 40

3.2. Эрте никелердин кесепеттери 48

3.3. Формалдык жана формалдык эмес институттардын ролу 52

4. Тыянактар жана сунуштамалар 67

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТЫН ТИЗМЕСИ 73

# ГЛОССАРИЙ

| | |
|---|---|
| *Адат* | Түндүк Кавказ, Борбордук Азия жана Түштүк-Чыгыш Азиянын мусулман жамааттарында болгон жергиликтүү каада-салттар |
| *Айыл башчы* | Айылдык администрациянын башчысы |
| *Айыл окмоту* | Айыл администрациясы |
| *Акимиат* | Райондук администрация |
| *Аксакал* | Орто Азиянын жана Кавказдын түрк элдеринде болгон элге баркы өткөн, кары даанышман адам |
| *Ала качуу* | Күчкө салып аял алуу |
| *Апа* | Күйөсүнүн энесине кайрылуу |
| *Жеңе* | Үй-бүлөнүн эркектеринин аялдары, мисал үчүн агалардын аялдары |
| *Имам* | Мечиттин жана мусулман жамааттын лидери |
| *Кайната* | Жубайдын атасы |
| *Кайнене* | Жубайдын апасы |
| *Кайрылман* | Өлкөнүн чегинен тышкары жерлерде, негизинде Таджикистанда, жашап жүрүп, ондогон жылдар өтүп тарыхый мекенине кайтып келген этностук кыргыздар |
| *Калым* | Келин үчүн төлөнгөн акы |
| *Келин* | Reeves (2004) боюнча термин жалпысынан ушул үй-бүлөдө жашаган, бирок башка үй-бүлөдөн келген жаш аялдарга караштуу айтылат |
| *Квартальная* | Жергиликтүү аймактык башкаруунун башчысы |
| *Куйо бала* | Кыздын күйөөсү |
| *Молдо* | Ислам теологиясынын жана ыйык мыйзамынын тармагында билими бар мусулман |
| *Нике* | Мусулман салттары боюнча баш кошуу аземи |
| *Дубан* | Административдик-аймактык бөлүнүш |
| *Алмашты-рылуучу карта* | Кош бойлуу аялдардын клиникалык картасы |
| *Сарпай* | Келиндин туугандарынан берилген белектер, көбүнчө кийим кечек түрүндө |
| *Себет* | Келиндин туугандарынан берилген белектер, көбүнчө тамак-аш түрүндө |
| *Суюнчу* | Жагымдуу жакшы жаңылык |
| *Тил кат* | Адамдын өз ыктыярдуулугун тастыктаган жазуу жүзүндөгү кат |
| *Тюбетей* | Борбордук Азияда улуттук баш кийим |
| *Уят болот* | Уятка салуу |
| *WhatsApp* | Билдирүүлөр менен алмашуу үчүн мобилдик тиркеме |

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| *АББТЖК* | Аялдарды басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюуу жөнүндө Конвенция |
| *МЭАУ* | Миграция боюнча эл аралык уюм |
| *ЖЖИИ* | Жашы жетелектердин иштери боюнча инспекциясы |
| *GSPS* | Гендер коомдун кабыл алуусунда изилдөөс |
| *КТИКИ* | Көп түрлүү индикаторлорду колдонуп кластерди изилдөө (MICS) |
| *БӨУ* | Бейөкмөт уюм |
| *УСК* | Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика Комитети |
| *АККЗ* | Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук |
| *ЮНИСЕФ* | БУУнун Балдар Фонду |
| *ЮНФПА* | БУУнун Калк Фонду |
| *БУУ* | Бириккен Улуттар Уюму |
| *ЗАГС* | Граждандык абалдын актыларын жазуу органы |

# НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Бул «Гендер коомдун кабыл алуусунда» изилдөөсү (GSPS) боюнча отчет, Кыргыз Республикасында эки кеңири жайылган зордук менен болгон нике практикасынын таасири аркылуу аялдарга каршы зомбулук темасына арналган. Эки негизги бөлүмдөн турган отчетто кызды ала качууга жана бала кездеги никеге көңүл бурулуп, коомдун бул эки маселеге болгон мамилесин жана жооп кайтаруусун түшүндүрүүгө аракет кылат. Бул көрүнүштөр аялдардын терең ишенбестигин туудурат жана ишенимди, мамилени өзгөртүүнү жана институционалдык артыкчылыктарды сактап калууну талап кылат.

Мындай зомбулукка дуушар болгон аялдарга көбүнчө физикалык жана психологиялык ден-соолугу, финансылык жана экономикалык көз карандысыздыгы, билим алуу мүмкүнчүлүгү жана кесипкөйлүк өнүгүүсү, жалпысынан жашоо сапаты жагынан зыян келтирилген. Отчетто көрсөтүлгөндөй, гендердик зомбулуктун башка учурлары сыяктуу эле, кызды ала качуу жана бала кездеги никелешүү жапа тарткандарга терең, узакка созулган жана күчтүү залал келтирген таасирин тийгизет. Аялдар үчүн ала качуу жана эрте никелешүү алардын жашоосуна эң эле орой кийлигишүү жана кемсинтүү аркылуу жашоосун өзгөрткөн окуя болот. Алардын баяндары ачууга жана азап-кайгыга толгон. Мисал үчүн, ала качуунун натыйжасында болгон сексуалдык зомбулук кыйноо менен жасалган топтук зомбулуктун жана кыйноонун мүнөздөрүнө ээ. Кыздар өздөрүн чыккынчылыкка алынган, сындырылган жана шылдыңга дуушар болгондай сезишет. Алар активдүү түрдө каршылык көрсөтүшөт, бирок алардын каршылыгы процесске макулдугун бергендей кабыл алынат. Кыздар үчүн мындай абалдан жалгыз чыгып кетүү көбүнчө, мүмкүн эмес.

Ошондой эле, отчетто ушул практикаларга кыйыр же түздөн-түз катышкан адамдардын жүрүш-турушу, мотивациясы жана күтүүлөрү талданат, жана алар-дын тандоо эркиндиги чектелген деген тыянак чыгарылат. Системага катышпай коюунун натыйжа-сында болгон тобокелдиктер абдан чоң, ал эми катышып социалдык күтүүлөргө туура келүү, ар кандай мүнөздөгү пайданы алып келет. Мисал үчүн, кыздын ата-энеси үчүн кызын ала качып кеткендиги жөнүндө жаңылык күтүлбөгөн жана жагымсыз болот, бирок алар процесске түздөн- түз кийлигишүү кыйынчылыктарын эстегенде, жагдайга моюн сунуп, көбү кыздарын ала качкан адамдын үй-бүлөсүндө калууга үндөшөт. Ал эми жигит үчүн болсо, кызды ала качуу – бул өзүнүн «чындап ниеттенүүсүнүн далили», жоопсуз сүйүүдөгү болгон сооротуусу, өзүнүн эркек-тигин көрсөтүү, жана башка нерселер. Ала качуу баланын үй бүлөсүнүн башка мүчөлөрүнө дагы пайда алып келет, алардын ичинде – үй тиричилигине арзан жумушчу күч тартуу, уялчак эркек баланы үйлөнтүү жолу, үйлөнүүнүн арзан жана бат жолу, статусун жогорулатуу жана өзүн сыйлоо мүмкүнчүлүктөрү. Биз болочок күйөө балдардын процесске катышпаган учурларын дагы көрдүк.

Ата-энелер тарабынан уюштурулган эрте никелер көбүнчө даярдыксыз жана күтүлбөстүк менен болуп өтөт. Алардын мотивдери ар түрдүү, алардын ичинде этно-маданият салттары, медициналык көрсөткүчтөр (элдик ырым-жырымдарга таянган), кыздардын эрте жетилүүсү, коопсуздук себептери, ата-энелердин шашылыш түрдө болгон миграциясы же оорусу, ошондой эле, кызы күйөгө тийбей калат деген коркунуч сезими. Кыздын кош бойлуу болуусу жана ошондой эле мектептен жетишпегендиги же мектептен чыгарылышы эрте никелердин себептери болуп аныкталды. Эрте никелешүүнүн негизинде жаралган үй-бүлөлөрдүн арасында, үй зомбулугунун, психологиясына, денесине келтирген зомбулуктун, финансылык, экономикалык зомбулуктун кеңири тарагандыгын, ошондой эле саламаттыкты сактоонун кызматын алууга жана толук кандуу тамактанууга мүмкүндүгү чектелгени белгилүү болду.

Эксперттер менен сурамжылоо көрсөткөндөй, күч менен никелелешүү практикаларына каршы чыккан мектептердин администрацияларынын, медициналык мекемелердин, укук коргоо органдарынын кызмат адамдарынын, диний кызматкерлердин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жана аксакалдар сотторун кошуп, мамлекеттик бийликтин өкүлдөрүнүн күч менен никелешүүлөргө кайчылаш мамилесин көрсөттү. Бирок алардын жеке тажрыйбалары алардын расмий көз караштарына карама каршы келет. Мындан тышкары, алар анда-санда кызды ала качуу же жашы жетелек кезде үйлөнүүгө тоскоолдук кылуу үчүн түздөн-түз чара көрөт. Алар

тажрыйбанын жана көндүмдүн жетишпегендигине жана башка институционалдык артыкчылыктарга шылтоо кылат. Жеке жагдайда, бул респонденттер ушундай маселелер менен алектенүү «ыңгайлуу эмес» же «комфорттуу эмес» деген ойлорун айтты. Жыйынтыгында, ушундай мамлекеттик кызматкерлер жана алардын мекемелери атайын же билбей туруп, зордук менен никеге туруу тажрыйбасын улантууга жол берет.

Кыздарды ала качуу жана жашы жетелек кезде никелешүү учурларын кыскартуу боюнча **сунуштар:**

АББТЖК (CEDAW) өкмөттөргө ала качууга багытталган жана тергөөнү, кылмышкерди айыптоо жана соттоону, ошондой эле, жапа чеккендердин укуктарын коргоо жана колдоо кызматтарын көрсөтүүнү камтыган комплекстүү стратегияны иштеп чыгууну сунуш кылат. Бул чаралардан сырткары, эксперттер айткандай, салттуу маданий мамиле жана ала качуунун себептери окутуучу иш-чараларды жана жана кабардарлыкты жогорулатуу боюнча аракеттерди талап кылат.

Ошентип, биздин жыйынтыктар кыздарды ала качуу жана бала кездеги никелешүүлөр, алардын уланып келе жатканына мүмкүнчүлүк берген, алар ишке ашып жаткан шарттардын контекстинде кароону талап кылган, көп кырдуу, татаал феномен экенин көрсөтөт. Биз бул практикаларга, коомдук тутумдун жана гендердик тартиптин өнүмдөрүнө катары мамиле кылуубуз керек. Бул өнүмдөр коомдогу алгылыктуу жүрүм-турумдун ченемдерине, стандарттарына жана формалдык, формалдык эмес институттардын иштерине көрсөтмө берип турат. Кыз ала качуу же бала кездеги никелер – бул бийликтин патриархалдык механизминин көрүнүшү, алар өзүнөн өзү болуучу нерседей кабыл алынат жана аларга жетиштүү институционалдык көңүл бурулбайт. Ар бир катышуучу, кандайдыр бир социалдык кыймыл конвейеринде катышуу менен, зомбулук актысына өзүнүн салымын кошот. Акырында бул аялдын күйөө тандоодого, эксплуатациядан жана зомбулуктан эркин жашоого, жеке өнүгүүгө мүмкүнчүлүгүнө жана көз каранды эмес болууга укугун одоно бузат.

# КИРИШ СӨЗ

Бул отчет, азыркы убакта Кыргыз Республикасында кеңири жайылган гендердик теңсиздиктин өзгөчө эки түрүн: ала качууну жана бала кездеги никелерди терең изилдөөгө арналган. Дүйнө жүзүндөгү бала кездеги никелер тууралуу изилдөөлөр, бул көрүнүш уландар жана кыздар үчүн айырмаланган (дифференциалдуу) кесепеттерге алып келээрин аргументтүү далилдеди. Кыз-колуктулар үчүн эрте турмуш куруу жеке өнүгүүсүнө жана бакубаттуулугуна түздөн-түз коркунуч алып келет. Бала кезде никеге турган кыздарды баштапкы учурдан тартып эле теңсиз, өкүмчүл мамилелер алардын күйөөлөрүнө көз каранды кылып, билим алуу, кесип тарабынан өнүгүү, өз алдынча болуу укуктарынан ажыратат. Мындай никелерде турган кыздар үй-бүлөлүк жана сексуалдык зомбулукка дуушар болушат. Ошондой эле алардын ден-соолугу кош бойлуу жана төрөт учурунда дагы кооптуу татаалдашуу сыяктуу тобокелдиктерге чалдыгат. Билим алууга жана экономикалык мүмкүнчүлүктөргө жеткиликтүүлүктүн жоктугунан улам, бул кыздар жардылыкка кабылып калууда (ЮНФПА, 2012). Бала кездеги никелерди түп тамыры менен жок кыла албаган өлкө, «ошол өлкөнүн гүлдөп-өсүүсүнө жол ача турган потенциалга жана инновациялык өнүгүүгө, жаш аялдардын мүмкүн болгон салымын кошуусун, толугу менен баалай албайт» (Girls Not Brides, 2016).

Кызды ала качуу жана бала кездеги никелер Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында жана бардык этникалык топтордун арасында кадимки тажрыйба болуп саналат. 2005 –жылы, ЮНИСЕФ тарабынан өткөрүлгөн изилдөө көрсөткөндөй, Кыргызстанда бала кездеги никелердин деңгээли, мурунку СССР мамлекеттеринин арасында, эң бийик болгон жана алардын саны 2010-жылдын жайындагы улуттар арасындагы кагылыштан кийин өсүп кеткен (Илибезова жана ж.б., 2013).

Үйлөнүү максатында ала качылган аялдардын санын стигма жана башка социалдык факторлор үчүн так аныктоо кыйын, бул отчет берүүнү татаалдаштырат. Аялдарды колдоо борборунун маалыматы боюнча жыл сайын 12 000 ге жакын жаш аялдарды жана кыздарды үйлөнүү үчүн ала качышат, деп жакында жаңылыктар макаласында берилген (Reuters, 2017). Дьюк университетинин отчетуна ылайык, «Кыргызстанда 16 дан тартып 23 пайызга чейинки аялдарды никелешүү үчүн ала качат, бирок бул көрсөткүч этникалык кыргыздардын арасында көбүрөөк, ал жерде бардык никелердин үчтөн бири ала качуунун негизинде түзүлгөн». Изилдөөнүн жыйынтыгында, сүйүү менен же макулдашуу боюнча турмушка чыккан аялдарга караганда, ала качылган аялдар жашыраак болот. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн маалыматтары боюнча мындай келиндердин орточо курагы 19 жашты түзөт.

Кыргыз Республикасында бала кездеги никелер (18 жашка толо элек адамдар менен расмий же расмий эмес түрдө никеге туруу) адамдын укугун жана баланын укугун олутту бузуу болуп эсептелет (ЮНФПА, 2012). Бул ченем өлкө тараптан кол коюлган эл аралык келишимдеринде гана бекилбестен, Кыргыз Республикасынын Конституциясы башында турган, улуттук мыйзамдарда да бекилген. Ушул тармактагы эң акыркы иштелмелерди белгилеп кетүү зарыл. 2013 –жылы ала качуу кылмыш деп таанылып, ал үчүн 10 жылга чейин эркинен ажыратуу түрүндөгү жаза каралган. 2016-жылы диний никелерди жарандык никелердин альтернативасы катары эсептөөгө тыюуу салынган, 2017-жылдын башында үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендерди коргоону жакшыртуу боюнча мыйзам кабыл алынган.

Аялдарды дискриминациялоону жоюуу боюнча комитеттин (CEDAW) 2015-жылкы отчетунда «кыздарды ала качуу социалдык жактан мыйзамдаштырылганы, жашырып унчукпай калуу жана жазасыздык маданияты менен курчалганы , ала качуу учурлары жетишсиз чагылдырылганы өтө терең тынчсыздандырат» деп айылган. 2015-жылкы отчетко ылайык, 2008-жылдан бери ала качуу боюнча бир эле айып өкүмү чыгарылган. Сындуу булактар, мамлекеттик кызматчылардын, бул көйгөйлөрдү жеке мүнөздөгү катары кабыл алуу менен, кийлигишпөөгө аракет кылгандыгынын кесепетинен, юридикалык ченемдердин натыйжасыз ишке ашуусун белгилөөдө (ЮНФПА, 2012). Ал эми башка булактар мыйзамдардын аткарылбоо көйгөйүнө, зарыл институттарынын жоктугу жана бөтөнчө ченемдердин болгондугу себеп экендигин көрсөтөт. Мисалы, улуттук мыйзамдардагы четтөөлөргө ылайык, адам 18 жашка толо электе биологиялык курагына чейин эрезеге жетүүсү мүмкүн, ушундан улам жаш курагы жете электе турмушка чыгууга уруксат берилет[1]. 17

жашка толо элек адам менен никеге туруууга мажбурлоо же фактылык нике катнашында болуу өлкөдө кылмыш болуп эсептелет, бирок мындай никелер баланын же ата-энесинин / камкорчуларынын макулдугунун негизинде боло турган болсо, куугунтуктоо үчүн тиешелүү жобо жок.

Академиялык көз караш боюнча, Кыргызстанда бала кездеги нике тажрыйбаларынын талдоосу менен, анык, так илимий булактардын жетишпегендигинин же таптакыр жоктугунун көйгөйү бар. ЮНИСЕФтин жакында, эл аралык демилгелеринин үй чарбачылыгына текшерүү жүргүзүүнүн алкагында өткөрүлгөн, Көп сандуу Кластер текшерүүсү (МИКО), маанилүү маалымат берди, бирок, мындан ары натыйжалуу превентивдик саясатты иштеп чыгуу үчүн ар кандай дисциплинардык, сандык жана сапаттык мүнөздөгү кошумча изилдөөлөрдү талап кылат.

Бүт дүйнө жүзүндө таанылгандай, бала кездеги никелер тажрыйбасы кайсы өлкөдө, кандай конкреттүү жамаатта ж.б. болуп жаткандыгынан айырмалануусу мүмкүн (ЮНФА, 2012). Ошондуктан, чечимдер жана жооп катары саясий чаралар сөзсүз түрдө жергиликтүү контекстти, өзгөчөлүктөрдү, шарттарды эске алуусу керек. Ушундай мамиле, конкреттүү жагдайларды терең талдоо менен алынган, жергиликтүү тажрыйбалар тууралуу билимдерди, көңүл салып колдонулуусун талап кылат.

Кыргыз Республикасында бала кездеги никелер кантип түзүлөт жана кандай себептер менен - бул аз изилденген маселе, ар кандай социалдык контекстте гендер ченемдеринин таасиринен, олуттуу иш-аракеттин сценарийинен, бул тажрыйбанын катышуучуларынын инсандар аралык мамилелерден, экономикалык, социалдык жана саясий катышкан адамдардын арасындагы бири-биринен көз карандылыкта ж.б. ушундай көп кырдуу, татаал көрүнүштү изилдөөгө ылайыктуу ыкмалар колдонулуп, болуп жаткан көбүнчө жергиликтүү терең изилдөөлөрдүн санынын жетишсиздигинен келип чыгат. Чындыгында, эрте никелер феноменин сандык изилдөө менен толук ачуу болбойт. Ага аралашкан адамдардын ар кандай көз караштарын жана үндөрүн угуу үчүн, ал бүтүн жана түзүмдүү изилдениши керек. Бирок ЮНИСЕФдин маалыматтарына ылайык, Кыргыз Республикасында эрте никелердин себептерин жана кесепеттерин изилдеген, чоң масштабдагы конкреттүү изилдөөлөр эң эле аз болгон же таптакыр жүргүзүлгөн эмес[2].

Мындай зомбулук тажрыйбаларын түп тамыры менен жок кыла турган натыйжалуу саясий программалардын иштелип чыгышын тажрыйбага негизделген далил базасынын жоктугу татаалдатат. Бул изилдөө ушул чакырууга жооп берүүнү көздөп, буга чейинки Кыргыз Республикасында болгон билимди бала кездеги никелердин тажрыйбасын тереңдетилген сапаттуу талдоо менен толуктайт. Бул тереңдетилген талдоодо фокус болуп кыздардын өзүнүн гана тажрыйбасы болбостон, бул тажрыйбаны ишке ашырып жаткандагы катышуучулардын көз караштары дагы эсептелет. Биз тараптан тандалган түзүмдүү мамиле, социалдык тутумдун татаал бөлүгү болгон феноменди бүтүн түшүнүүгө негиз болот. Биздин изилдөөдө биз ар кандай көз караштарга, ар кандай адамдардын үндөрүнө мейкиндик бердик. Биз көп катышуучулардын кыймылдарын, жүрүш-туруштарын жана мотивдерин, жеке тобокелдиктерине, аларга мүнөздүү болгон, күткөн пайдаларына өзгөчө көңүл буруу менен сүрөттөдүк. Зыян алып келе турган салттык тажрыйбалар ар дайым бири-бири менен байланышта. Кыргызстанда бала кездеги никелер көбүнчө ала качуунун натыйжасында болот. Ала качуу расмий тыйюу салынган, аялды ала качып алып, аны менен күчтөп, мажбурлап никеге туруу акты. Бул Кыргызстандагы мажбурлап никелешүүнүн кеңири жайылган формасы болуп саналат (Томас, 2009). Тарыхый тарабына көз салсак, ала качуу жолун, сүйүшкөн жуптар финансылык же социалдык чектөөлөр алардын үйлөнүшүнө жол бербеген учурда, колдонушкан

1 Жарандык кодекстин эки беренеси буга жол берет. Жарандык кодекстин 56-беренесине ылайык “Он сегиз жашка жеткенге чейин никеге турууга мыйзам жол берген учурда он сегиз жашка чыга элек граждан никеге турган учурдан тартып аракетке, жөндөмдүүлүккө толук ээ болот.Никеге туруунун натыйжасында ээ болгон аракетке жөндөмдүүлүк нике бузулган учурда да толук көлөмүндө сакталат.Нике анык эмес деп таанылганда өзү аныктаган учурдан тартып сот жашы жетпеген жубайы толук аракетке жөндөмдүүлүгүн жоготкондугу жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн. Жарандык кодекстин 62-беренесинде Жашы жете элек баланы аракетке толук жөндөмдүү деп табуу (эмансипация) аныкталган. Эгерде он алты жашка толгон жашы жете элек бала эмгек келишими, анын ичинде контракт боюнча иштесе, же ата-энесинин, асырап алуучулардын же камкордукка алуучунун макулдугу менен ээлик кылуу ишин жүргүзсө, ал аракетке толук жөндөмдүү деп жарыяланышы мүмкүн. Жашы жете элек баланы аракетке толук жөндөмдүү (эмансипация) деп жарыялоо ата-энесинин экөөнүн тең, асырап алуучулардын же камкордукка алуучунун макулдугу менен же мындай макулдук болбогон учурда соттун чечими менен балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнүн чечими боюнча жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасынын Үй бүлөлүк кодексинин Нике курагы 14-беренесине ылайык нике курагы он сегиз жаш деп белгиленет. Жүйөлүү себептер болгондо никеге турууну каалаган адамдардын жашаган жери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары бул адамдардын өтүнүчү боюнча балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрдүн комиссиялык корутундусунун негизинде эркектер жана аялдар үчүн нике курагын бир жылдан ашырбастан төмөндөтүүгө укуктуу. Иш жүзүндө жогоруда белгиленген жоболор 17 жаштагы адамдарга он сегиз же андан көп жаштагы адамдардай эле никеге турууга жана ошондой эле укуктуу болууга мүмкүндүк берет.

2 http://eeca.unfpa.org/sites/default/files/pub-pdf/unfpa%20kyrgyzstan%20overview.pdf

(Томас, 2009). Ушундай жасалма ала качуулар азыр дагы болуп жатса да, зомбулук менен кыздарды ала качуунун деңгээли, айрыкча 1991-жылы Кыргызстандын көз карандысыздыгыжарыялагандан кийин, алда канча жогорулады. Мисалы, 1999-жылы аялдардын отуз үч пайызы, ал эми 2004-жылы аялдардын кырк беш пайызы ала качуу жолу менен никеге турууга мажбур болушкан (Ибраева, 2011). Окумуштуулар жана активисттер, күчкө салып ала качууну, Кыргыз Республикасынын жарандык укугунун жана «адат» ислам укугунун, адамдын негизги укуктарынын одоно бузулушу деп таануу үчүн бир нече ирет айтып чыгышкан. Буга чейинки изилдөөлөр, советтик доорго чейин, ала качуу абдан сейрек тажрыйбаланганын көрсөткөн, ошондуктан бул тажрыйбаны «салт» катары эмес салттык кыргыз адат укугун бузуу катары кароо керек (Клейнбах & Салимджанова, 2007).

Ушул документте колдонулган Хьюман Райтс Вотчтун отчету (2006) Кыргызстандагы күч колдонуп кыз ала качуу процессин мындай сүрөттөйт:

> Аялдарды жана кыздарды, анын ичинде он эки жаштагыларды дагы, алар менен күч колдонуп никеге туруу максатында ала качуу – кызды алдоо же күч колдонуп кол салуу жолу менен, топ эркектер келечектеги күйөөсүнүн үйүнө алып келүүсү менен ишке ашырылат. Мындан ары ала качып келген адамдын үй-бүлөсү психологиялык, кээде кара күч колдонуп кысым жасап, кыздын никеге макулдугун алышат (31-бет).

Ошондой эле, ушул процессти толук сүрөттөө максатында, биз Борбиеванын (2012) этнографиялык материалын колдонгубуз келди,

> … анын туугандары аны [уурдалган кызды] өзүнчө бөлмөгө камашат жана башына ак жоолук салуу аракетин жасашат. Башына салынган ак жоолук, анын ала качып келген адамга турмушка чыгууга макулдугун билдирет. Бул аялдар (туугандары) кызды башына жоолук салынганга мажбурлабашы керек, ошондой эле алар жоолукту өздөрү салбашы керек. Тескеринсинче, жумшак жана катуу сөздөрү менен, алар аны күйөөгө чыгууга көндүрүшөт. Бул оңой эмес. Ала качуу кыздын макулдугу менен болсо дагы, ал өзүнүн ролун аткаруу менен каршылык көрсөтүүсү керек. Ала качып келген адамдын үйүндөгүлөр, кыз ыйлап, каршылык көрсөтүп, качып кетүү аракет кылуусун күтүшөт. Каршылык көрсөтүү менен, кыз өзүнүн намысын көрсөтөт, анткени жергиликтүү стандарттар боюнча, кыз күйөөгө чыккысы келгендигин көрсөтпөөсү керек. (146-р)

Борбиеванын макаласында (2012) биз кыздын жана ала качып келген баланын ата-энелеринин күтүлгөн аракеттеринин этнографикалык сыпаттамасын таптык:

> Ала качып алган баланын туугандары (аялдар) ала качылып келген кыздын жанында болгон учурда, аны алып качылгандыгы жөнүндө кабар кыздын ата-энесине айтылуусу керек. Акыркы сөз ала качылган кыздын ата-энесинде болот. Эгерде алар кыздын ал үйдө калууга көңүлү жок болсо, ала качып келген адамдын үй-бүлөсүнүн кадыр-баркы же социалдык-экономикалык статусу жакпаса, алар кызынын кетип калуусуна уруксат берүүсү мүмкүн. Бирок көп учурда алар кызга калып калуусун айтышат. Кыз көбүнчө, турмушка чыккысы келбесе дагы, ата-энесинин тилин алат. Эки жак тең макулдуктарын берген соң, никесин кыйууга имам чакырылып келинип, никесин кыят, ушундан кийин алар күйөө жана аял болуп жашап калышат (146-р).

Кыргызстан боюнча Хьюман Райтс Вотчтун (2006) отчету өзүнө ала качылып келинген аялдардын качып кетүүгө болгон мүмкүнчүлүгүнүн талдоосун камтыйт,

> Айрым учурларда жаш аялдар ала качылып келээр замат сексуалдык зомбулукка дуушар болушат, бул кыз уят болуп, үйүнө кайтпай калуу максаты менен жасалат. Башка учурларда ала качылып келген аялдарды нике кыйгандан кийин
> секске мажбурлайт же зордуктайт (9-р).

Колуктуну зордуктоо никени сөзсүз түрдө болтуруу жана кызды ошол үйдө калтыруу максатында колдонулат. Аял сексуалдык зомбулукка дуушар болбогон күндө дагы, коомчулуктун алдында уят болуу ага тандоо калтырбайт жана ошол себептен ал ала качып келген адамдын үйүндө калып калат. Социалдык ченемдер турмушка чыгып жаткан кыздардан кыздыгы болуусун талап кылат. Качып кеткен кыздарды ала качып кеткен адамдын үйүнөн сексуалдык мамилеге кабылгандыгы тууралуу шек санагандыктан, уят болуу жана үйүнөн кубаланып кетүү күтөт. Келечекте ал жаңы жигити менен жаңы мамилелерде кыйынчылыктарга дуушар болот.

Ала качылган аялдар физикалык, психологиялык жана эмоциялык жабыркоосунан кыйналышат. Алар маал маалы менен үй-бүлөлүк зомбулукка кабылып турушат. Аларды көп иштетип пайдаланышат, эркин жүрүүсүнө, жеке менчикке ээ болуусуна, билим алуусуна, акы төлөнгөн жумуштарда иштөөсүнө, жашоосуна (The Advocates for Human Rights, 2008), ошондой эле «эркиндигине жана коопсуздугуна,

жашоосуна жана денесинин эркиндигине, айрыкча үй-бүлөлүк жана сексуалдык зомбулук шарттарында» ар кандай чектөөлөрдү коюшат (ЮНФПА, 2006 Томаста, 2009, 3-бет).

Мынтан тышкары, «Демография» журналында жарыяланган изилдөөдө, ала качылган аялдар төрөгөн балдардын салмагы, макулдашылып турмушка чыккандарга салыштырганда, 80 ден 190 граммга чейин азыраак болот. Төрөлгөн баланын аз салмагы, оорунун коркунучу жогору болгондугуна, билим деңгээлинин жана айлыгынын төмөндүгүнө байланыштуу деп айтылган.

Кыргызстандагы ала качуулардын санынын көбөйүүсү ар кандай академиялык дисциплиналардын өкүлдөрү болгон айрым изилдөөчүлөр тарабынан талкууланган. Алар бул көрүнүшкө бир нече социалдык түшүндүрмөлөрдү сунуш кылышты. Мисалы, кыз ала качуу кыргыздардын маданий окшоштугунун жагымдуу маркери деген түшүнүк бар жана ал совет бийлиги менен куугунтукталган деген пикир бар (Хандрахан, 2007). Же, кыздарды ала качуу тажрыйбасы, ар кандай муундун арасындагы сүйүү жана нике жөнүндө болгон түшүнүүсүнүн айырмачылыгынан келип чыккан чыңалууну жумшартат (Борбиева, 2012). Ала качуу ошондой эле, эркектерге өтмө учурдун шарттарында аялдардын сексуалдуулугун жана эркин жүрүм-турумун көзөмөлдөөгө жардам берет (Вернер, 2009). Башка изилдөөчүлөр экономикалык факторлордун маанилүүлүгүнө басым жасайт, алар Советтер Союзунун таркоосу менен, аз киреше алып келген чарбалар кошумча жумуш күчтү талап кылышкан, башкача айтканда, жаш келиндер жана балдар жумуш күч болушкан (Ибраева жана башкалар, 2011). Дагы бир жакында жүргүзүлгөн талдоо, ала качуу тажрыйбасын, тутумдаштырылган мизогинисттик патриархаттын мисалы катары карайт, ал «күнүмдүк терроризм» деген атка ээ болду (Купер-Канингам, 2016).

Демек, бар болгон теориялардын бири дагы пайда болгон суроолорго жооп бере албайт. Тиги же бул теориянын себеп байланыштарынын тууралыгын далилдеп берүүчү, сезим таанымдык маалыматтар жок. Тескерисинче, окумуштуулар ушул тема тууралуу билимдин көбөйүүсү үчүн, кошумча изилдөөлөрдү өткөрүүгө чакырды.

Ала качуу маселесин изилдеген белгилүү изилдөөчүлөрдүн бири Рассел Кляйнбах (2007), тажрыйбанын башка катышуучуларынын сезимдерди, түрткү-себептерин, ой-жүгүртүүлөрүн жана эмне күткөндүктөрүн изилдеген жаңы изилдөөлөрдү өткөрүүнү сунуштады. Ал ала качканга чейин жана ала качып келгенден кийин ата-энеден макулдук алуу динамикасын, ошондой эле күйөө менен колуктуга сүйүү сезимдери кандай келгендигин изилдөөгө чакырат. Ынандыруу, багыттоо-орнотуу, никеден күтүүлөр, жубайы менен мамиле сыяктуу жактары да аз изилденген жана жаңы изилдөөлөрдү талап кылат. Аялдар өздөрү менен болгон окуяны өздөрү кандай түшүнгөндүгү, түшүндүргөндүгү жана актагандыгы дагы эң эле аз көңүл бурууларга татыгандыгы байкалган.

Глобалдык саясаттын деңгээлинде, кыздардын жана жаш кыздардын өмүрлөрүнө залакасын тийгизет деп табылган, ала качуу тажрыйбасын жок кылуу ченеми боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү институционалдык кысым көрсөтүүнүн механизми бар. 2015-жылы CEDAW Комитети жана Балдар Укугу боюнча Комитети Кыргыз Республикасына кайрылуусунда экинчи ирет бала кездеги никелер жана кыз ала качуу көйгөйлөрүн көтөрүп чыгышты, бул тажрыйбалардын келип чыгуусунун көзгө көрүнбөгөн себептерин, изилдөөнүн негизинде жана ушул көйгөйлөрдү жоготуунун комплексттик стратегиясын иштеп чыгуунун негизинде, тамырын кыйуу зарыл экендигин белгилешти.

Бул изилдөө ушул маанилүү чакырууларга жооп берет жана өзүнүн алдына ала качуу жана бала кездеги нике тажрыйбаларынын жаратылышына жана кесепеттерине, жергиликтүү өзгөчөлүктөргө, бул көрүнүштөрдүн ишке ашуусуна түздөн-түз же кыйыр тиешеси бар, конкреттүү жана жеке үндөргө көңүл бөлүү менен, себептери тууралуу терең билим алууну максат кылып койгон. Биздин жыйынтыктарыбыз аялдарга жана кыздарга карата кооптуу тажрыйбаларды түп-тамыры менен жок кылуучу программаларды жана саясаттарды иштеп чыгууга жардам берүүгө багытталган. Биздин максатыбыз аялдар жана эркектер кылмышкердин жана жабырлануучунун (курмандыктын) позициясын ээлеген, бинардык ой-жүгүртүүдөн баш тартуу болуп саналат. Бул ала качуу жана бала кездеги никелер татаал, көп кырдуу жана бир маанилүү эмес феномен экендигин, буларды изилдөө системалуу болуусу зарыл экендигин көрсөтүүгө зарыл.

Ала качуу жана бала кезиндеги никелер эмне себептен уланып жаткандыгына, жетишсиз билимди киргизе алаарыбызга ишенебиз. Бул максатта аялдарга каршы зомбулук тажрыйбаларынын сакталып калуусуна өбөлгө түзгөн, конкретүү шарттарды жана кырдаалдарды өзгөчө, терең түшүнүү менен карап, катышуучунун ой-жүгүртүүсүнүн көрүнбөгөн үлгүсүн, эмоционалдык сезимдерин, мамилесин, ой-пикирин, ишенимдерин карайбыз.

# 1

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЫКМАЛАРЫ

1

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЫКМАЛАРЫ

Кыргыз Республикасында аялдарга жана кыздарга каршы зомбулук жөнүндө изилдөө, кеңири жайылган макулдашылбаган никелердин эки тажрыйбасына көңүл бурат: ала качууга жана бала кездеги никелерге. Жана алдына төмөнкүдөй максаттары коет:

- Кыргыз Республикасындагы ала качуу жана бала кездеги никелер тажрыйбалары тууралуу алардын болуп жаткан маданий контексттин өзгөчөлүгүн серептөө менен сапаттуу, далилдөөлөргө негизделген маалыматты берүү.

- Изилдөөнүн этнографиялык ыкмасын колдонуу менен, ар кайсы жамааттарда жашаган, жашоо тажрыйбалары, үй-бүлөдөгү абалы (жаш курагы жана жынысы дагы) ар кандай болгон адамдардын, ала качуу жана бала кезинде никеге туруу тажрыйбасы тууралуу билимин изилдөө; алар бул тажрыйбаларга кандай көз караште экендигин жана алар өткөндө ошол окуяларга кандай тартылгандыгын; алар эмнени сезишээрин жана бул тажрыйбаларга катышканда же катышуудан баш тартканда, алар эмнени күтүшөөрүн билүү.

- Ала качуу жана бала кездеги никелер тажрыйбаларына катышкан / тартылган бардык адамдарга кандай таасирин тийгизээрин жана алар ошол окуялардын кесепетинен келип чыккан абалдарга кандай көнүүсүн изилдөө.

- Натыйжалуу превентивдик саясаттарды жана программаларды иштеп чыгуу жана киргизүү үчүн саясат мейкиндикти идентификациялоо.

## Сапаттуу

Сапат боюнча маалыматты топтоо Кыргыз Республикасынын бардык 7 областтарынын шаарларында жана айылдарында, анын ичинен эки ири шаарда (Бишкек жана Ош шаарларында) болду. Бардыгы болуп 57 изилденүүчү жер, башкача айтканда айылдар, кичине жана ири шаарлар жана шаардагы райондор камтылды. Шаарларда 147 сурамжылоо өткөрүлгөн; 237 сурамжылоо айыл жерлеринде өткөрүлгөн. Анын ичинде 21 кейс стади шаарларда жасалган, 32 кейс стади айылдарда жасалган. Жер-жерлерди тандоо, мүмкүн болушунча жогорку репрезентативдүү маалыматтарды топтоо максатында, ошондой эле респонденттердин макул болуусуна байланыштуу болгон.

Маалыматтарды топтоо 2016-жылдын февралынын башынан март айына аягына чейин созулган. Изилдөө тобу сегиз тажрыйбалуу изилдөөчүлөрдөн турган, алар төрт адамдан болуп эки топко бөлүнгөн (бир топ өлкөнүн түштүгүндө, экинчи топ – түндүгүндө иштеген). Мындай бөлүштүрүү изилдөөнүн мөөнөттөрүн жана улуттук камтуусун эске алуу менен, изилдөөнүн жүрүүсүнүн натыйжалуулугун камсыздоо зарылдыгынан келип чыккан. Маалымат топтоого чейин изилдөөчүлөр тобу багыт берүүчү семинарга, изилдөөчүлөрдүн жүрүм-турум этикасын, алардын жеке коопсуздугун жана жабыркоолорду талкуулоого катышышты. Топ изилдөө аспабын тестирлөөгө мүмкүнчүлүк алгандан кийин гана маалымат топтоо процессине кадам таштады.

Изилдөөдө маалымат топтоонун эки негизги ыкмасы колдонулду: эксперттик сурамжылоо жана кейс стадилер. Кейс стади ыкмасы ала качуу жана бала кезиндеги никелер бар үй-бүлөлөрдөгү кырдаалды бардык жагынан изилдөө үчүн зарыл эле. Эксперттик сурамжылоолор маданий, институционалдык, юридикалык, саясий, экономикалык, тарыхый сыяктуу аспекттердин кеңири тилкелеринде ушул тажрыйбалардын ишке ашуусу мүмкүн болуп жана уланып жаткандыгын изилдөөнүн зарылдыгынан жүргүзүлдү. Жарым-структураланган терең сурамжылоонун ыкмалары жашоодогу жеке окуяларды, көз-караштарды, тажрыйбаларды изилдөө максатында колдонулду. Эксперттик сурамжылоо жүргүзүү зыян алып келүүчү тажрыйбаларды жоготуу боюнча чараларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн табуу максатында зарыл болду. Этнографиялык байкоолор маалымат топтоонун бир бөлүгү болду.

Изилдөөнүн темасынын сезгичтигин эске алып, башында пландаштырылган фокус-топторду жүргүзүүдөн баш тарттык. Издилдөөлөрдүн максаты үчүн респонденттердин ишенимин, алардын тажрыйбаларын толук жана терең түшүнүү үчүн алуу зарыл болду, ошондуктан респондент менен жеке, жалгыз калып сүйлөшүү баарынан ыңгайлуу болду.

Потенциалдуу респонденттерди аныктоо жана катыштыруу үчүн скринингдин конкреттүү критерийлеринин негизинде багыттуу тандоо

колдонулган. Рекрутинг жергиликтүү коомдук лидерлер жана жардамчылар менен тыгыс байланышта жүргүзүлгөн.

Кейс-стади алкагындагы маектешүүлөр,адатынча, аялдардын, кыздардын же алардын туугандарынын үйлөрүндө өткөрүлдү. Кээде, этикалык себептерден же респонденттердин коопсуздугун камсыз кылуу максатында, маектер изилдөөчүлөр тобу үчүн ижарага алынган машинелердин ичинде жүргүзүлгөн. Эксперттик маектер көбүнчө респонденттердин жумушчу орундарында өткөрүлдү. Ар бир маек изилдөөнүн максаттарын түшүндүргүдөн жана кабардар болгондон кийинки макулдукту алуудан башталып жатты. Маектер аннотациялар жана маектер жүргүзүлгөн жерлердин контексти жөнүндө этнографиялык байкоо жүргүзүүлөр менен коштолду, б.а. ички жасалга, атмосфера,күтүлгүсүз шарттар, жана респонденттердин жалпы күнүмкү турмушу жөнүндө. Ар бир маек, маалыматтардын коопсуздугун сактоо боюнча ченемдерге ылайык, кандай болбосун жеке маалыматты жок кылуу менен коддолгон болчу.

Бардыгы биригип 367 сурамжылоо топтолду. Алар жыйырма бир ала качуу, жыйырма бир эрте никелер боюнча жана он бир аралаш иш жүзүндөгү окуяларды, (жалпысынан 266 сурамжыланган жеке адамдар) жана 101 эксперттик сурамжылоону камтыйт. Ошентип, 292 сурамжылоонун жардамы менен 53 зыян алып келе турган тажрыйбалар изилденди. Биздин маалыматтарда полигамия (көп аялдуулук же көп күйөөлүүлүк) учуру бирөө, 18 жашка толо элек бир жесир аял жана 3 ажырашуу бар экендигин белгилеп кетүү маанилүү. Ар бир локацияда ар бир категория боюнча бирден төрт адамга чейин болду. Ар бир кейс стадидеги сурамжылоолордун саны дагы ар кандай, кээ бир учурларда 11 адамга чейин жетип жатты. Ар бир учурдун талдоосу, башынан ала качууну же бала кезиндеги никени же экөөнү тең өткөргөн, конкреттүү бир аялдын окуясына фокусталган. Аны сурамжылоо учурунда, окуясындагы бардык катышуучулар такталып, кийинкиде алар сурамжылоого чакырылган. Респонденттер акыркы мүнөттөрдө иш-жүзүндөгү окуяны изилдөөгө катышуудан жана алардын окуялары жөнүндөгү маалымат GSPS-ке киргизүүдөн баш тарткан учурлары да болду.

Кейс стадини даярдоого туура мамиле кылуу, бизди кызыктырган феноменди аялдын, жабырланычуу катары, өзүнүн позициясынан гана карабастан, процесске тартылган башка катышуучулардын да көз карашын билүүгө шарт түздү. Негизги көңүл бөлүү аялдын тажрыйбасына болгондугу талашсыз, бирок биз анын ата-энесинин, күйөөсүнүн ата-энесинин жана башка окуянын катышуучуларынын жүрүм-турумдарын, окуяга болгон реакцияларын изилдедик. Алар кандай конкреттүү роль аткаргандыктарын, алар эмне жөнүндө ойлонуп, кандай сезимдерге курчалгандыктарын? Ушундай маалыматтар кеңири көрүнүштү түзүүгө мүмкүндүк берет, жана бул саясат деңгээлинде сунуштарды иштеп чыгууга кыйла натыйжалуу болот.

Маекке жүз бир эксперт катышты. Эксперттик маектердин так саны респонденттердин бар болуусуна жана каалоосуна жараша сегизден ан алты адамга чейин болду. Бул эксперттерин арасында Кыргыз Респубилкасынын ички иштер министрлигинин, мамлекеттик башкаруунун, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун, диний жамааттардын, аксакалдар сотторунун, аялдар комитеттеринин, мектеп администрацияларынын, саламаттыкты сактоо тутумунун өкүлдөрү бар. Бул жеке адамдарды сурамжылоо алардын билимин баалоо жана ала качуу менен бала кездеги никелер маселелерин кабыл алууларын жана ой-пикирлерин аныктоо үчүн маанилүү болду. Өзгөчө, ушул эки көрүнүш алардын ишине кандай таасир эткендиги жөнүндө пикирлерин угуу маанилүү болду. Ошондой эле, ошол катышуучулардын тобу алдын алуу иштери тууралуу баалуу ойлорун сунуштады.

Бардык сурамжылоолор жана этнографиялык жазуулар транскрипцияланган жана тематикалык талдоо жүргүзүү максатында, сапаттуу маалыматтарды иштеп чыгаруучу MaxQDA компьютердик программасына киргизилген. Үч адамдан турган (эки коддоочу жана бир супервизор) программада кайталанган темаларды, топиктерди, паттерндерди таап, бир түзүмгө келтирип, андан ары талдоонун ири бирдиктерине салуу жолдору менен файлдарды иштеп чыгышты. Маалыматтарды иштеп чыгуу «төмөндөн жогоруга» принциби менен аткарылды, анда, эрте, алдын ала бекитилген талдоонун даражалары менен аткарылбастан, талдоонун бүткөндөгү жыйынтыгы топтолгон маалыматтан билинди.

# 2

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ
# КЫЗДАРДЫ АЛА КАЧУУ

2

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

## КЫЗДАРДЫ АЛА КАЧУУ

Биздин маалыматтар көрсөткөндөй, ала качуу жана бала кездеги никелердин жагымсыз жана мыйзамсыз практикасы өлкөнүн бардык аймактарында, өзгөчө айыл жерлеринде таралышы орчундуу. Сандык баалоо бул изилдөөнүн максаты болбогондугуна карабастан, ЮНФПА и УСК (2016) тарабынан жакында өткөрүлгөн улуттук сурамжылоо ушул тажрыйбалар Кыргызстандын бардык жерлеринде болуп жатканындыгын көрсөттү[3]. Ушул сурамжылоого ылайык, Талас областындагы бардык үйлөнгөн/турмушка чыккан респонденттердин алтымыш пайызы ала качуу жолу менен үйлөнүп/турмушка чыккан. Ысык-Көл областында бул көрсөткүч 45 пайызды түзөт, ал эми Жалал-Абад жана Нарын областтарында бул сан жыйырма сегиз пайыздан отуз бир пайызга жылып турат. Күч колдонуп ала качуу бардык никелердин жыйырма пайызына чейинки көрсөткүчтү түзөт (UNFPA & NSC, 2016). Күч колдонуп ала качуунун эң бийик көрсөткүчү Нарын жана Ош областтарында, ошондой эле Ош жана Бишкек шаарларында болгон. Ала качуулардын деңгээли шаарларга караганда айылдарда 1.7-1.8 эсе көп.

Респондетердин көпчүлүгү (80% жакыны), ЮНФПА жана УСК өткөргөн сандык изилдөөгө ылайык, ала качууга терс мамилесин билдирген. Респонденттердин жарымынан көбү акыркы беш жылда ала качуулардын саны төмөндөгөндүгүн, төрт гана пайызы жогорулагандыгын белгиледи. Шаардын калкы ала качуунун санынын жогорулагандыгын эки эсе көбүрөөк айтып жатышты (UNFPA & NSC, 2016).

Орто эсеп менен алганда, өлкөдө сурамжылоого катышкандардын (аялдар жана эркектер) 70% пайызынын ала качуу үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартылуу тууралуу маалыматы бар. (UNFPA & NSC, 2016). Респонденттердин кырк пайызынан көбү, бул кылмыш үчүн кандай кылмыш жазасы колдонулаарын так айта алышты (үч жылдан он жылга чейинки түрмө камагы). Ала качуу кылмыш экендигин билгендердин саны Талас областында бийик болду (80% дан жогору), ал эми баарынан төмөн – Нарын областында болду (50 % төмөн). Ошол эле убакта, респонденттердин 10% ала качууну «салт» деп негиздейт, 25% ала качкан аял алып качкан эркекке турмушка чыгыш керек деп ойлойт, жарымынан азы кыз кайра үйгө кайтып келсе, кабыл алууга даяр экенин айткан. Ушул сыяктуу ар түрдүү пикирлер көрүнүштүн татаалдыгын жана аны терең изилдөө зарыл экенин көрсөтөт.

Жалпысынан, коомчулуктун пикири боюнча, бала кездеги никелердин саны акыркы бир нече жылда көбөйдү. Бул байкоолор, бала кездеги никелердин жана бойго жете элек кыздардын кош бойлуу болуусу өлкөдөгү бардык жерлерде айкын өсүп жатат деген статистиканы ырастады (ЮНФПА жана УСК, 2016). Ошондой эле, шаарларга салыштырмалуу, айылдарда бала кездеги никелердин саны 2.5 эсеге жогору экендиги билинди (ЮНФПА жана УСК, 2016).

Бала кезиндеги никелер жана кыздарды ала качуу жаш кыздардын жашоосуна терс таасир тийгизет. Алардын психологиялык жана физикалык ден-соолугу начарлайт, финансылык жана экономикалык жактан көз каранды болушат, ошондой эле билим алуусун улантууга жана кесиптик өнүгүүгө мүмкүнчүлүк жок болот. Үй-бүлөдөгү зомбулук жалпы көрүнүш, негизинен, жашоо сапатынын деңгээли да төмөн.

Изилдөө, бул тажрыйбаларды демилгелеген жана бул окуяларга анча түз тартылбаган адамдардын камтыды. Бул маалыматтардын негизинде, изилдөө ала качуу жана бала кездеги никелер колуктуга гана таасирин тийгизбестен, алардын үй-бүлөлөрүнө жана жамааттардын мүчөлөрүнө дагы таасирин тийгизээри анык болду. Кесепеттер терс болушу мүмкүн, бирок ала качуу жана бала кездеги никелердин өмүрүн узартуудагы катышкан кээ бир адамдарга түздөн-түз пайдалары бар.

Жеке тандоо жана түшүнүп туруп чечим кабыл алуу маселеси талкуулоону талап кылат. Бала кездеги нике жана ала качуу ар кайсы индивиддер менен аткарылган, конкреттүү тартип, ыраттуулук, өзүнчө жана боло тургандай эле иштердин тутуму болуп калды, мунун баары топтолуп, акырында социалдык өнүм, башкача айтканда, аялга каршы зомбулук акты болуп өсүп чыкты. Бул тажрыйбаларды

3 Бул жерде ЮНФПА жана УСК в 2016 аркылуу аткарылып жаткан, GSPS тин сандык компоненти айтылып жатат.

режиссуралоо идеологиялык, капиллярдык жана татаал мүнөздү алып жүрөт, аны бир гана «шумпайдын» иштерине шылтабаш керек. Бизди кызыктырып жаткан тажрыйбаларда, конкреттүү маселелерди жана ролдорду аткаруу катышуучулардын жаш курагына, жынысына, үй-бүлөлүк статусуна жана башка мүнөздөмөлөрүнө байланыштуу.

Ала качуу жана бала кездеги никелер, бийликтин патриархалдык мамилелерин мүнөздөгөн, гендердик тартиптин бир бөлүгү болуп саналат. Ала качуунун жана бала кездеги никелердин курмандыктары буюмдалган, бирок биз «пайда көрөт» деп айтып жаткан башка катышуучуларды дагы, алар камалган алкакта, социалдык жана маданий тутумдун мүчөсү (буюму) болуп калышаары билинди. Башкача айтканда, негизделбеген, көрүндөгөн ички окуя болот, ал боорукерликти, ак ниеттүүлүктү, гендердик идеологиянын экспансивдик риторикасын көрсөтүп турганы менен, алар бул тажрыйбаны материалдаштырып, түбөлүккө тамырын жайдырат.

Жаш аял коомдун аракеттүү, көз каранды эмес мүчөсү катары кабыл алынбастан, объект жана буюм катары кабыл алынат. Биздин маалыматтарда аялдардын сексуалдык жашоосун бардык жерде көзөмөлгө алуунун жана болуп жаткан тажрыйбалардын тыгыз байланышы бар экендиги жөнүндөгү ар кандай тастыктоолорду камтыйт. Коомдо күйөөгө чыга элек кыз өзүнүн укугу бар инсан катарты кабыл алынбай, ал келечектеги келин/колукту/туткун/бекер кара күч катары кабыл алынат, ошондуктан ал буюмдаштырууга кабыл болот. Кыз өзүнүн үй-бүлөсүнүн ар-намысын символикалык алып жүрүүчүсү, ошондой эле анын келечектеги уят кылып, булгоочусу болуп эсептелет. Мажбурланган социалдык көзөмөлдөө тутуму, кызды үй-бүлөлүк жашоого даярдоо максатында болот. Кыз күйөөгө чыккандан кийин социалдык көзөмөлдөө токтобойт, ал өзүнүн функцияларын өзгөртөт. Эми ал келин катары сынак тутумунан өтө баштайт, ал эми анын натыйжалуулугу жаңы үй-бүлөлүк ролдор берген индикаторлор, мисалы, ал жарыкка алып келген балдарынын саны, кайын энеси менен болгон мамилеси, үйүнүн тазалыгы ж.б.у.с. менен сыналып, баалана баштайт. Бул кыздын бакубаттуулугу, акырында, ушул баалоолордон көз каранды болот.

Аялдарга болгон бул редукциондук көз караш, лингвистикалык түрдө айкын. Сөздөрдүн тандалуусу, туруктуу айкалыштар, жаш аялдарга шилтемелердин жолдору айрыкча буюмга айландырууну айкын көргөзөт. Биздин изилдөөлөрдүн респонденттери кыздарга жана аялдарга багытталган, «бузулуп кетет» же «бузулган» деген сыяктуу сөздөрдүн кеңири колдонушкан. Бул сөздөрдү, респонденттер кыздардын арууулугун жана актыгын күтүүнүн антидоту (уунун күчүн жоготуучу зат) катары эле дароо колдонушат. Бул сөз, кыз «идеяларды кабыл алуу» менен, үй-бүлө жана коом сунуш кылып жаткан, жашоо шартттарын, эрежелерин жана ченемдерин кабыл алууну токтотконун түшүндүрөт. Бузулган кыз, башка бир мааниде, сабаттуу адам, ал сыналгынын, Интернеттин, шаардагы жашоонун жардамы менен альтернативдүү жашоо, тандоого мүмкүнчүлүк бар экендигин түшүнгөн кыз. Бузулган кызды күйөөгө алышпайт жана жергиликтүү ишенимдерге ылайык, бул аял менен болууга мүмкүн болгон, эң жаман нерсе. Кызынын бузулуп кетүүсүнөн же уулу бузулган кызга үйлөнүүсүнөн коркуу ала качууга/бала кездеги никеге түрткөн мотивация болот. Ушундан улам, үй-бүлөлөр ушундай каалабаган кырдаалдан кутулуу үчүн, кыздарын ушундай нерсе боло электе турмушка берүүгө ашыгышат. Биздин респонденттерибиздин бири – колукту, анын чоң энеси «бузулуп кетет» деп коркконунан, аны кантип күйөөгө бергенин айтып берди.

> *Менин чоң энем, менин апама караганда, мага алда канча жакшы кам көрчү. Менин чоң энем менин каалаганымды сатып берчү, бирок көчөгө чыкканга же сейилдөөгө эч качан уруксат берчү эмес. Ал мага мындай деп айтчу: «Эгерде сыналгы көрсөң, сен зомбулукту көрөсүң, зомбулук дүйнө жүзүнүн бардык жеринде бар». Ошондуктан чоң энем менин билим алуума макулдугун берген жок. Мен тиккенди үйрөнгүм келген, бирок чоң энем, шаар – бул жаман жер экендигин айтты. Сиздер өзүңүздө билесиздер, эски муундагы адамдар абдан коргошот. Менин чоң энем телепередачаларды, «Шок-факты» ТВ-шоусун көрчү да, мени урушчу: «Карачы, кыздар менен кандай болуусу мүмкүн! Сен бир нерсе болсоң, мен сени кантип табам?». Ошентип, мен чоң энемдин айткан сөздөрү менен макул болуп, окуумду уланта алган жокмун. Анан бир аял пайда болду, ал менин күйөөмө мени ала качканына жардам берди... (колукту, Ош областындагы айыл)*

Ошентип, кыздарга адам эмес, жөн гана объект катары мамиле кылышат жана аларды бузулуп калчу, «берип кое турган», «алып кое турган» нерседей көрүшөт. «Кыз алдык», «кыз бердик» деген түшүнүктөр дайыма кыздын күйөөгө чыгуусуна шилтеме жана эч убакта эркекке мындай түшүнүктөр колдонулбайт. Мисалы, биз Жалал-Абаддагы аял менен болгон сурамжылообуздан, уулу экөө, уулу үчүн колукту тандагандагыларынан түз цитатаны келтиребиз, «Эй, бул кандай экен? Сага бул жактыбы? Ээ? А кел анда, аны ала качабыз». Мындай

маалыматтар аялды ала качуу процессинде конкреттүү буюм катары кабыл алгандары, импулстуу шопинг (соода) кылып жатканды эске салат. Биз кезиктирген, башка ала качууда, бир ысымды алып жүргөн эки башка кызды алмаштырып алып, ала качып кетишкен. Кызын адашып, башка бирөөнүн ордуна ала качып кеткендигин апасы айтып берген,

> *Менин улуу кызым [Гүлнара] төрөт үйүндө иштечү эле. Ал жерде эки Гүлнара бар эле. Бир киши Гүлнараны чакырып койгулачы, деп суранган жана «Гүлнара!» деп кыйкырып чакырган, ошондо менин кызым чыкканда, аны ала качып кетишкен (Ош шаары).*

Жыйынтыгында «башка» Гүлнара ала качып кеткен адамга турмушка чыккан. Бул окуя абдан таң калarлык, анткени кызды жеңил эле алмаштырып алып колукту кылууга болот экендигин көрсөтөт. Бул гумандуу эмес мамиле кылгандыктын дагы бир далили.

«Келин» деген термин туугандык мамиледен дагы көп нерсени түшүндүрөт. Ривзге (2004) ылайык, ал келин үй чарбасынын «ичинде», бирок «ошол үй-чарбадан» эмес, «жаш аялдарга шилтеме катары колдонулат». Термин kel-, kelmeq деген бөлүгүнөн келип чыккан, «келүү» дегенди түшүндүрөт. Келин – сырттан келген же «сырттан алып киргизишкен» аутсайдер. Ошентип, өзүнүн кайын ата, кайын энесинин үйүндө жашаган колуктулардын, аялдардын өзгөчө категориясын ал жалпылап айтты. «Келин алдык» деп көп айтышат, бул «биздин балабыз үйлөндү» дегенди түшүндүрөт. Ушундай учурда келин үйдөгү жумуштарды аткаруу, күйөөсүнүн ата-энесине баш ийүү жана бала төрөө боюнча натыйжалуулугу жагынан бааланат. Башкача айтканда, кыз үй жумуштарын акысыз, бекер жасаган жана кайындарынын тукумун улаган инкубатордун функциясын аткарат. Келиндерин мактагысы келген респонденттер, бардык сурамжылоолордо ушул тажрыйбаларын жана ошол кыздар төрөгөн балдарынын санын айтып мактаашты.

> *Айылдык кыздарга эч нерсе айтуунун кереги жок. Качан нан жабуу керектигин, качан үй жыйноо керектигин, качан тамак даярдоо керектигин өздөрү билип, жасашат (Кайын энеси келини жөнүндө. Баткен облагстынын айылдарынын биринде)*

Ошентип, биз ала качууну жана бала кездеги никелерди формалдык жана формалдык эмес институттар тарабынан колдоо көрсөтүлгөн өзгөчө гендердик тартип үстөмдүк кылган алда канча чоң социалдык, саясий жана маданий тутумдун бөлүгү катары карап жатабыз.

Ала качууну эстафеталык жарыш сыяктуу элестетсе болот, анда ар бир катышуучу өзүнүн конкреттүү милдетин аткарууга шашылып, эстафетанын таякчасын башкага өткөрөт. Ала качуу сөзсүз түрдө, жок дегенде бир нече адамдын катышуусун талап кылат. Бул атайы сахнада коюлган спектакль сыяктуу, кээ бирлери үчүн комедия, кээ бирине драма, бирок бир эле актер катышкан оюн эмес. Ала качуунун катышуучуларынын аракеттери механикалык түрдө болот («баары эле ушундай кылат»), бирок бул «жөн эле» болчу нерсе эмес. Катышкан адамдар өздөрүн колуктунун жана күйөөнүн же бардык үй-бүлөнүн пайдасына «жакшы ниеттер менен жасап жаткан адамдар» деп ойлошот. Албетте, адамдардын жеке көз караштары айырмаланат жана жеке маселелерди жана пайданы күтүүнү камтыйт, статус-квону сактоону, социалдык жагдайдын жогорулатууну, ж.б. жеке көйгөйлөрдү камтыйт. Көп учурларда субъективдүү тажрыйбалар бири бирине карама каршы болот, анткени кандай гана тандалган түпкү максат болбосун, башкача айтканда, катышуу, катышпоо же каршы туруу, белгилүү бир социалдык, финансылык, психологиялык мүнөздөгү белгилүү бир, биздин бул докладда мындан ары сүрөттөлгөн, тобокелчиликтерди камтыйт. Көп учурларда тобокелчиликтерге караганда ала качууга катышууда каралган артыкчылыктар көп болот.

2.1

# АЯЛДАРДЫН ҮНДӨРҮ

Ала качуулар жөнүндө маалыматтардын маанилүү бөлүгү бала кездеги никелер боюнча кейстер менен дал келет, башкача айтканда, ала качып келинген колуктулардын көбү 18 жашка толо элек болчу. Ушундан улам, ушул бөлүмдөгү талдоо, биздин изилдөөбүз ала качып келинген аялдарга жана бала кезиндеги нике ала качуу аркылуу болгон эки көрүнүшкө тең байланыштуу. Бала кезиндеги никелер тууралуу корутундулар ушул докладдын өзүнчө бөлүмүндө берилет. Биз талдообузду 14 жаштан 19 жашка чейинки кыздардын курама образын көрсөтүүдөн жана алар баштарынан өткөргөн окуяларды өз сөздөрү менен айтып берүүлөрүн сыпаттоодон баштайбыз.

ЮНФПА жана УСКанын (2016) изилдөөлөрүнүн алкагында, бардык аялдардын 80%, ала качууга абдан терс көз караштарын билдиришти, ал эми бардык сурамжыланган аялдардын 60% ала качып алган адамды терс жагынан сынга алышты. Сурамжыланган аялдар ала качуунун алып качылган кыздардын турмушуна тийгизилген терс кесепеттери жөнүндө айтып беришти:

> *Жанара[4] он жети гана жашта эле. Ал жаңы гана мектепти бүткөн, менин күйөөм анын университетке баруусун каалаган. Ал ыр жазчу, тил жагынан жакшы жөндөмү бар эле. Ал мектепте окуганда, ыр жазчу эле... [Жанараны ала качып кетишкен жана ал эч качан университетте окуган эмес] (Чүй дубан, жабырлануучунун жеңеси, аны ала качып кеткенге чейин асыраган)*

> *Менин кыялым өзүмдүн жашоом менен жашоо болчу, билим алып, кесиптин ээси болуу... (Он төрт жаштагы колукту, Чүй областындагы шаар.)*

> *Менин башымда мен иштөөм керек эле жана университетке экзамен тапшыруу болчу. Мен университетке окууга абдан аракет кылчумун жана каалачумун. (Уурдалган колукту, Ош областындагы айыл)*

Абдан жаш турмушка чыккан респонденттин цитатасы ушунчалык өкүнүүгө жана ызаланууга толгон:

> *Эгерде жаш кыз өзү күйөөгө тийүүнү каалаган болсо да жана аны бардыгы колдогон учурда да, мен каршы болом. Азыркы убакта менин кичүү сиңдиме, кээде, балдар телефон чалса же вотсапптан кат жазса, мен аны урушам, мен сиңдиме айтам, «сен өзүңдүн башыңа «турмушту» каалап жатасыңбы?» Мен сиңдиме айтам, «карачы, «турмуш» деген сөзду, ал «тур» жана «муш» деген эки сөздөн турат, анын мааниси: «тур» дейт, турсаң «муштайт». Демек, сен турсаң, сени муштайт» деп айтам. Башкача айтканда, эгерде сен никеге турсаң, сенин никең башыңа муштайт (Колукту, Баткен шаары)*

Албетте, бул ушул кыздардын келечекке койгон пландарында нике жок экендигин билдирбейт. Күйөөгө тийүү алардын кыялын ээлеген жана жашоосундагы маанилүү окуя, аны алар келечектеги эң бактылуу көз ирмем катары пландашат. Бирок алар өздөрү айтып бергендей турмушка чыгууну каалаган эмес да, алар «нормалдуу күйөөгө тийүү» жөнүндө кыялдангандан тескери болуп жатпайбы. «Мен нормалдуу күйөөгө чыккым келген», «Мен эч убакта ушундай болот деп ойлогон эмесмин, мен баары нормалдуу болот экен деп ойлогом», «Менин нормалдуу үйлөнүү үлпөт тоюм (свадьба) болот экен деп ойлогом» сыяктуу сөздөр көп колуктулардын сурамжылоолорунда бир нече ирет кайталанган. Ала качуу алардын жашоосуна күтүлбөгөн жерден кирип, орой жана басынткан жол менен алардын жашоосун түбөлүккө өзгөрттү. Бир аял ал жөнүндө эмоциялдуу айтып бергендей:

> *Балдар келишти да, мени үйдөн алып чыгып, машинеге сүйрөп киргизишти. Төшөктөн суурун чыгышты. Кыш мезгили эле, алар мени эшикке алып чыгышты, мен бут кийимимди кийгенге да жетишпедим, бир бутумда гана байпагым бар болчу.... Алар бешөө эле жана мени карман, машинеге салышты. Ошол учурда менин сүйлөшүп жүргөн жигитим бар эле, мен ага турмушка чыгайын... турмушка чыксам деп жүргөм [ушул жерден респондент ыйлап жиберди]. Алар мени көшөгөнүн артына отургузуп кыйнап жатканда, мени сүйрөгөнгө туура келди. Мен бурчка жашынып алдым жана качып кетким келди, мен колум менен башымды жаап алып, алардан жоолук салбоосун сурап жалдырадым, мен алардын мени коё берүүсүн жана мага окуума жолтоо болбоосун сурандым. Бирок алар мени каргайбыз деп коркутушту (Ала качылган колукту, Талас областынын айылы).*

4 Бул отчеттогу бардык ысымдар, этикалык ой-тутумдан улам, өзгөрүлгөн.

Ала качуу – бул олуттуу психологиялык жабыркоо экендиги айкын көрүндү. Эмоционалдык жактан кыздар өздөрүн алданган жана туугандары аларга чыккынчылык кылып кеткендей туюшат, алар шок абалында болушат, селейип, тилден калууну, тынчсызданууну, коркунучту, өзүн өзү айыптоону, депрессияны, каардануну, алсыздыкты, үмүтсүз, аягы жок кайгыны сезишет. Когнитивдик деңгээлде, алардын аң сезими чаташкан, эс тутуму бузулган, көңүл буруусу жана концентрациясы төмөндөгөн, аларга болуп жаткандарды жана башына келген ойлорду (деструктивдүү жана агресивдүү башкаларга же өзүнө каршы багытталган аракеттер, анын ичинде өлтүрүү) төгүндөө мүнөздүү. Жүрүм-турум жагынан алганда, өзүн өзү өлтүрүү жөнүндө ойлор ошого жакын абалдай эле кеңири таралат.

Кейс стади #1:

### [Ала качууну башынан өткөргөн аял: Зомбулуктун жана андан кийинки ажырашуунун окуясы] Ош шаары

Норида жыйырма тогуз жашта. Финансы жана учет боюнча жогорку билими бар. Ал үч баланы тарбиялап жатат, сурамжылоо болуп жаткан маалда, бирөөсү жети, экинчиси төрт, кенжеси бир жашта эле. 2007-жылы Норида университеттин 2-курсунда окуп жатканда, таанybаган, ал адамды буга чейин бир гана жолу көргөн эркек ала качып кеткен. Ошол күндөн бери сегиз жыл өтсө дагы, ал ошол күндүн ийне-жибине чейин айтып берди,

*19-сентябрь менин атамдын туулган күнү эле, ошондуктан даярданайын деп, мен жумуштан эрте чыктым. Мен шашып бараткам, ал мени көчөдө күтүп турганын көрдүм. Ал мага, менин таежем, аны мага жардам берсин деп жибергенин айтты. Мен ойлонбостон эле машинага отурдум. Мен ушунча жаш элем анда... Мен эмне болуп жатканын түшүнгөндөн кийин, андай адамга турмушка чыкпасымды айттым. Ушул сөздөрдү айтып жатканда, ал машинени айылын көздөй бурду. Машинеде анын дагы бир досу жана айдоочу бар эле. Мен жалгыз болчумун, жолдо карай ыйлай бердим, ыйлай бердим, апамды чакыра бердим, «Апа!.. Апа!..» деп ыйладым. Мен ыйымды токтотуум керектигин ойлодум, анткени мага күч керек эле, мен ал жакта калбасымды ойлодум. Анын достору абдан орой эле, алар мени «Сен кайда кетмек элең! Тынч отур!» деп, мени тынчтандырышты.*

*Алар мени катуу кармап турушту, анан машинеден сүйрөп чыгып, үйгө сүйрөштү. Анын ата-энеси жана бир жеңеси күтүп турушкан, алар мени үйгө киргизишти, мен аларга калгым келбегенин жана алардын мени коё берүүсүн сурандым. Мен жоолук салдырбай аттым. Алар менин ата-энеме барышып, кийинки күнү менин жеңем менен келишти, алар мага менин ата-энем макулдугун бергенин айтышты... Ошондо мен айлам түгөнүп, жоолук салынганга макул болуп бердим. Кийин мен ата-энем макулдугун бербегенин билдим... Алар менин ата-энеме түнкү саат экиде барышыптыр. Менин атам аларга макул болбогондо, алар көчөдөн жерге жатып алышыптыр. Саат таңкы алдыда атам сыртка чыкканда, макулдугун берди деп түшүнүшүптүр. Алар менин жеңемди жибергенде гана, мен жоолук салындым.*

*Мен аны көргүм келген жок. Менин ата-энем макулдугун бергенин укканда да, мен чын эле ушул адамга турмушка чыгып, жашап каламбы деп ишене албай турдум. Мен абдан капаланган элем. Анан менин никемди кыйышты, мен аны менен төшөккө жатышым керек эле. Мен корктум. Ал менден сегиз жашка улуу эле, мен ага абдан ачуум келди. Биринчи түнү ал, «болду, сен мени менен баары бир жатасың» дегенсип, баарын күч менен кылды. Ал мени абдан катуу кармап турду. Ал баарын кылгандан кийин, мен эсимди жоготуп койдум. Жеңелер бөлмөгө чуркап кирип, малинанын вареньеси менен ысык чай алып кирип, мага берди да, бетимди жуушту. Ушундан кийин ал жаныма жатканда, аны жек көрчүмүн. Ушундан кийин жыйырма күндөй аны өзүмө жакындаткан жокмун. Анткени ал биринчи нике түндө ушунча орой болгондуктан, мен аны менен бир төшөккө жаткандан коркчумун. Шаарга экөөбүз көчүп келгенибизде ал мени кайра-кайра зордуктай берди. Андан кийин мен ошол окуя болгонго чейин, эки күн мурда, ал башка кызды ала качып келгенин билдим, ал кыз калбай кетип калган экен, ал намыстанып, кандай жол менен болсо да башка кызды алып келүүсү керек эле, анткени үйдө бардыгы тойго даярдалган эле, анан дагы ал үйүн ремонт кылган экен... Мен муну боюмда 3 ай болгондо билдим. Мен анын машинесине отурбоом керек эле. Эмне үчүн мен аны жумуштан кийин көрүп калдым. Мен дароо качып кетишим керек эле. Жаштыгымдан отурдум ошол машинеге. Бул мен кетирген чоң*

*ката эле жана ошого абдан өкүнөм. Билесизби, менин жигитим бар болчу. Биздин үйлөнүү үлпөт тоюбуз болуп жаткан күнү, 26-сентябрда, ал мага телефон чалды, мен чач тарачта элем, мен ортобузда баары бүткөнүн айтып, телефонду өчүрүп салдым.*

*Үйлөнгөндөн кийин эки ай өткөндө, ал мага кол көтөрө баштады; ал мени төшөктө «нормально» жатпайсың деп айыптады. Ал арак ичип, өзүн карабай, келээри кечке үйдө жата берчү. Мен ата-энеме дароо айтуум керек эле. Мен аларга эч нерсе айтпай, жашырып жүрдүм, ал мени күн сайын сабай баштады, уулум төрөлгөндөн кийин мен ата-энеме айттым, алар мени үйгө алып кетишти. Мен баары бүттү деп ойлогом, бирок менин кайындарым бизди жараштыруу үчүн, үйгө күн сайын келе беришти, ошондо мен дагы бир жолу кайра баштап көрөлү дедим. Бирок бул иштебеди да, бир жарым жылдан кийин кайра ажырашып кеттик. Бирок ага чейин мен үч балалуу болуп калгам...*

*Акырында Норида университеттин дипломун ала алды жана ал үй-бүлөдөгү зомбулуктан качып кутула алды. Ал азыр балдары менен ата-энесиникинде, кичүү инисинин үй-бүлөсү менен жашайт. Ал алтын убактысын текке кетиргендигине абдан ичи күйөт: «менин күйөөгө чыга турган планым жок эле. Мен диплом алганы жаткам, жумушуман көтөрүшкөн, менин ушунчалык көп пландарым бар эле... Мен азыр чын эле арттамын». Ошентсе да, ал, кенже уулу чоңоюп калса, жумушуна кайра кирүүнү пландап жатат.*

2.2

# СЕКСУАЛДЫК ЗОМБУЛУК АЧЫК ЖАНА ЖАШЫРУУН

Бардык изилденген окуяларда кыздык белгинин культу көрүнүп турат. Көп учурларда кыздык белгинин далили көргөзүлүүсү керек, кээ бирде бул чектен чыккан формада болот. Ушуну менен байланышкан сексуалдык зомбулуктун оор формалары көз жаздымда калбоосу керек. Жогоруда баяндалган Нориданын окуясы ушундай окуялардын бири. Ош областында болгон башка окуяда ала качылып келинген аялдардын бири, биринчи нике түнүндө эсин жоготконго чейин орой формадагы сексуалдык зордуктоого дуушар болгон. Андан кийин аны ооруканага жеткиришкен, ал жыныстык органынын көп сандаган, терең айрылууларына байланыштуу хирургия столуна түшкөн. Күйөөнүн туугандары муну баласынын, «элдерге көрсөткөнгө уят болбогудай» көп кан чыгаруу үчүн кылгандыгын айтыштп, түшүндүрүүгө аракет кылышкан.

Биздин маалымат көрсөткөндөй, зордуктап ала качуу учурларындагы биринчи түнү (андан кийинки түндөрү да) болгон жыныстык акт макулдашылган жыныстык катнаш эмес, зордуктоо деп классификацияланышы керек. Мында бийликтин мамилеси тең эмес жана жыныстык катнаштан баш тартуу аял үчүн мүмкүн эмес болот. Никесин кыйуу каадасы, ата-энесинин макулдугу, коомдун күтүүсү ж.б.у.с мыйзамдуу факторлор катары колдонулуп, бул учурда ала качып алган адам менен жыныстык катнашта болууга мажбурлап, аялдын алсыздыгы пайдаланылат. Ала качуу тутуму, ориентирин жоготкон, көбүнчө курч стресс жана шок абалында болгон аялдын абалын өз пайдасына колдонот. Бул жагдайда алардын эрки жана көз карандылыгы абдан морт болот, каршылык көрсөтүүсү басаңдайт, ал эми чечим кабыл алуу жөндөмү төмөндөйт. Эмоциялык жана психологиялык жабырлоо, массалык социалдык басым кылуу алардын каршылык кылуусуна жана акыл-эси менен ой жүгүртүүсүнө терс таасирин тийгизет. Ушундай шарттарда алардын макулдугу, мажбурлаган жол менен алынган катары кабыл алынышы керек. Бул кыздын ата-энесинин макулдугу менен болуп жаткандыгы, жамааттын ырастоосунан болуп жаткандыгы, кыздыгынын канын күткөндүктөрү (жетиштүү өлчөмдө) фактылары зордуктоону айрыкча ырайымсыз кылат. Бул уюштурулган, жамаат тарабынан ишке ашырылган, топтук зордуктоо: бири психологиялык басым көрсөтөт,

экинчиси аялды эмоциялык жактан сындырат, үчүнчүсү – уктоочу бөлмөгө алып барат, күйөөсү өзүнүн бөлүгүн аткарат ж.б.

ЮНФПА жана УСКанын (2016) изилдөөсү көрсөткөндөй, сурамжылангандардын жарымынан көбү, ала качылган аял ала качып алган адам мажбурлаган жыныстык катнаш кылгандыгын, зордуктоо болгондугу тууралуу укук коргоо органдарына арыздануусу керек деп эсептешет. Ошентсе дагы, ушул респонденттердин отуз гана пайызы, ушундай жагдай болсо, кыз тугандарын кайра кабыл алууга макулдугун берээрин айтышты. Тилекке каршы, респонденттердин олуттуу пайызы, жыйырма беш пайыз аялдар жана отуз пайыз эркектер, ала качуунун курмандыктары өздөрүн ала качып алган адамга турмушка чыгуулары керек деп эсептешет. Бул жооп шаар жерине караганда, элет жеринде эки эсе көп жайылган.





*Жогорудан төмөн карай:*

*20 жашында ала качуунун курмандыгы болгон, кийин зобулуктун айынан ажырашып кеткен, GSPS респонденти баласын ойнотуп жаткан кези. © «БУУнун Аялдар» түзүмү/ Эльёр Нематов*

*Ал азыр балдары мене ата-энесинин үйүндө Ош шаарында жашайт. © «БУУнун Аялдар» түзүмү/ Эльёр Нематов*

## 1. Каршылык көрсөтүү: пайдасыз аракеттер

ЮНФПА жана УСК (2016) жүргүзгөн улуттук изилдөө ала качуунун курмандыгы болгон кыздар тууралуу коомчулуктун пикири тууралуу кызыктуу маалыматтарды топтоду. Дээрлик ар бир бешинчи респондент, ала качылган кыз ошол жерде калып, ала качкан адамга турмушка чыгуусу зарыл деп эсептейт. Мындай көз караштын болуу себебин респонденттер коомдун айыптоосу менен түшүндүрүшөт (отуз тогуз пайызы), аял эркектин эркине баш ийүүсү керек дегендер да бар (отуз төрт пайыз эркектер жана жыйырма беш пайыз аялдар), ошондой эле кийин күйөөгө чыгуусунда көйгөйлөр пайда болот деген ойлор да бар (жыйырма төрт пайыз). Бул көз караштын күчү, билим деңгээлинин тескери корреляциясында болот, башкача айтканда, билим деңгээли канча төмөн болсо, бул көз караштын туптуура деп эсептешет.

Ала качылган аялдар, эмне болгондугун түшүнгөндөн кийин, өзүнүн абалына абдан активдүү каршылык көрсөтүшөт. Алар бакырып-кыйкырып, согушуп-тытышып, каарданып, жалдырап суранышып, коркутушат. Биз төмөндө кыздар кантип каршылык көрсөткөнүн келтиребиз,

> *Ошол күнү мен күндөгүдөй эле жумушума бардым. Апам ооруп жаткан, ошондуктан мен базарга бардым. Күндүз ал мени кафеге чакырды, бирок мен баруудан баш тарттым. Мени алар ала качаарын түшүндүм да, качып жөнөдүм. Мен маршруткага отурдум да, үйгө кеттим, алар болсо маршрутканын артында машине менен жүрүштү. Менин үйүм – көчөнүн башынан төртүнчү эле, үйгө жеткенче мени ала качып кетишти. Мен абдан корктум, маршруткадан атама чалдым. Ал көпкө чейин телефонду албады. Мен ошол учурда агам менен жашачумун, мен ага чалдым. Ал көчөгө мени тосуп алуу үчүн чыкты. Ал чыгып, мен жакты көздөй чуркады, бирок ага чейин чуркап жеткенге менин убактым болбоду. Экөө мени кармап алып, машинеге салышты. Мен аларды жек көрдүм, аларды колдорум менен соккулап, машиненин эшигин буттарым менен тепкиледим (Колукту. Жалалабад областындагы айыл).*

Жогорудагы цитата, күйөөгө чыккысы келбегендигин көрсөткөн адамдын аракетин сүрөттөгөн далили болуп жатпайбы. Ошентсе дагы бул аракеттердин көбүнчө бөлүгү жыйынтык алып келбейт, анткени ала качуунун алкагында кандай гана каршылык болбосун, ритуалдын бир бөлүгү, "аялдардын кылыгы" катары кабыл алынат. Кыздардын каршылык көрсөткөнүн интерпретациялоо үчүн ар кандай дискурсивдик аспаптар бар. Мисалы, мындай "кыз кылыгы менен кетем дейт" деген макалды келтирсек болот. Башка мисалды келтирели,

> *Ал машинеден чыкпасын айта берди. Силер билесиңер да, аялдардын кылыгын. Эгерде ал ушундай кылбай койсо, анда анча деле кызыктуу болбой калат. (Күйөө. Жалалабад областындагы айылдардын бири)*

> *Эгерде кызга жигит жакса деле, ал баары бир "Жок" деп айта берет. Бардык кыздар, балдар аларга суранып, жалдырасын деген ой менен ушинтип айта беришет. (Күйөө. Баткен областы)*

> *Аны үйгө алып келгенде, ал ыйлай берди, ыйлай берди. Билесиз да, бардык эле кыздар ушинтишет. (Күйөө, Ош шаары)*

Ошентип, аялдардын каршылык көрсөткөндүгү, алар макулдугун билдиргендей кабыл алынат. Бир жагынан тынч эле, кебелбей, камырабай тура бергенде, мүмкүн, кыздын «бузулгандыгы» деп түшүнүшөт. Каршылык көрсөтүү, ачык күрөш «спектаклдин бөлүгү» катары кабыл алынат, бул кырдаалды өзгөртүүгө такыр эле мүмкүн эмес. Кыз үчүн, олуттуу жазасыз жана уяткаруусуз, ала качып кеткен адамдын үйүнөн кетип калуу абдан татаал. Процессте кысым көрсөтүүнүн механизмдери натыйжалуу колдонулат. «Уят болот» деген сөз универсалдык стратегия, уяткаруу психологиялык кысымдын бир жолу:

> *Биз ага, «ушул жерде жашайсың. Эгерде кетсең, уят болот. Сен биздин үйдүн босогосун аттадың, эгерде кетсең, сенин абийириң төгүлөт, шерменде болосуң, элдер сен жөнүндө айта башташат. (Күйөөнүн апасы, Чүй областы)*

Ала качып кеткен адамга турмушка чыкандан баш тарткандан кийин кыз күйөөгө такыр чыкпай калат деген сөз абдан күчтүү натыйжаны берет. Айрыкча, кыздын курагы «карыган» болуп эсептелсе. Бир кыздын бизге айтканы боюнча, «Алар мага, менин жашым он тогузга келип калгандыктан, күйөөгө чыгуум керектигин айтышты. Эгерде мен он сегизде болсом, анда жаш болмоктугумду айтышты...». (Колукту, Ош областындагы айыл). «Бардык аялдар ушундан өтөт жана жакшы жашоодо жашашат» деген да аргумент кеңири колдонулат.

Ала качылып келген кыздардын боорукерлигине жана ак жүрөктүүлүгүнө басым жасашат. Алардын биринин айтып бергени боюнча, «кайненем ыйлай баштады, ал ооруп жаткан, мен аны көрүп калып калдым». Качып кутулуу мүмкүн эместиги – дагы бир күчтүү аргумент, аны күйөөнүн үй-бүлөсүнүн

кадыр-баркын мактап-жактоо менен кошо колдонсо, кыздын рационалдык ой-жүгүртүүсүнө алып келишет, «сен баары бир ушундай үйгө барасың. Ойлончу, бул абдан жакшы үй-бүлө, ата-энеси – жакшы адамдар, бала дагы чындыгында эле жакшы бала!» (Кайын эне, Ош шаары). Күнөөлөө сезими – манипуляциялоо үчүн күчтүү аспап. Эмне үчүн макулдугун берип, калып калгандыгын түшүндүрүп жатып, кыздар кандай сөздөрдү айткандарын эстешти, «карачы, бардыгы даяр, той болуп жатат, биз бардыгыбыз, сени кызыбыздай кылып тосуп алганы келип отурабыз, дасторкондордо тамак толтура болуп жайылды…» (Колукту, кантип аны калууга көндүргөндөрүн сүрөттөөдө, Чуй областынын айылында). «Эгерде кетсең, биздин үй-бүлөнү уят кыласың, элдер биз жөнүндө айта башташат, ата-энеңди уятка калтырасың. Сенин өзүңдөн кичүү сиңдилериң бар, алар жөнүндө ойлон» (Колукту, Нарын областындагы айыл). Кыздарды калууга көндүргөндөн кийин, күйөө кыз аны «сүйүп» калгандыктан калып калды деп чечмелейт.

Ушундай шарттарда болочок күйөөнүн үйүнөн кетип калуунун кесепеттери кыз жана анын үй-бүлөсү үчүн талашсыз, бирок анын тил алуусунун дагы наркы кымбат. Сурамжылоолордун көбүндө, үй-бүлө зомбулугу кайталанган тема болду. Биздин маалыматтар көрсөткөндөй, ала качуу жолу менен үйлөнгөндөрдүн арасында зомбулук жок үй-бүлөлөр дагы бар. Ала качып турмушка 14 жашында чыгып, күйөөсүнүн ата-энеси менен жашаган, кыздын апасы кызынын зомбулук тажрыйбасын айтып берди:

> *Ал мага күйөөсүнүн бир гана жолу ага кол көтөргөнүн айтты. Ал аны туугандарынын көзүнчө бетке чаап жиберген. Бул бир гана жолу болгон. Ал катуу ызаланып качып кеткен. Бирок ал бат жазылат. Ал жөн гана күлүп койгон. Күйөөсү кечирим сураган эмес, кызым өзү эле жазылып калган (Бишкек)*

Бизге ошондой эле, жаш кыз ала качылгандан кийин өзүнүн жанын кыйгандыгын айтып беришти. Ысык-Көл областындагы мектеп директору окуяны айтып берген:

> *Ал менин окуучум эле. Ал жакшы окучу, алтын медаль менен бүткөн. Ал азыркыга чейин көз алдымда турат. Ал өзүн өзү өлтүрдү. Аны ала качып кетишкен, ал муну менен жашай албады. Биз ал ушундай кылат деп эч убакта ойлогон эмеспиз. Ал жакта аны кыйнагандай оор бир нерсе бар болчу. Ал жакшы спортчу, жалаң беше окучу. Бирок аны кыйнап турмушка чыгарышты (Ысык-Көл областындагы айыл)*

Биздин сурамжылоого катышкан көп аялдар үчүн, ажырашуу бактысыз нике үчүн кеңири жайылган чечим эмес. Бул ажырашууга байланыштуу стигма болсо керек. ЮНФПА жана УСКанын (2016) изилдөөсү, айыл тургундарынын 70% жана шаар тургундарынын 50%, ажырашуу аялдар үчүн кандай уят болсо, эркектер үчүн да (айыл тургундарынын алтымыш эки пайызы жана шаар тургундарынын кырк төрт пайызы) ошондой уят экендигин көрсөттү.

### 2. Качып кетүүгө түрткү берген жана тоскоол болгон факторлор

Ала качылып келинген аялдардын каршылык көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн кыйла төмөндөткөн факторлор болот. Жакырчылык жана ушул сыяктуу аярлуу абал ушундай факторлордун мисалдары болуп эсептелет. ЮНФПА жана УСКанын (2016) изилдөөсү көрсөткөндөй, жакыр үй-чарбачылыгынан чыккан, ошондой эле билим деңгээли төмөн аялдар ала качууга көп дуушар болушат. Биздин изилдөөдө аярлуу үй-бүлөнүн кыздарына ала качып кеткен адамдын үйүнөн кетип калуу чечимин кабыл алуу татаалыраак экендиги билинди, анткени алар кадыр-баркы жок үй-бүлөсүнүн бедели андан да төмөндөөрүнө кабатырланышат. Алар үй-бүлөсүнө зыян келтирип, алар уят болуусун каалабайт. Эгер алардын кичүү сиңдилери болсо, алардын улуу эжесинин окуясынын кесепетинен, бедели түшүп, жабыркоосу мүмкүндүгү калуу чечимин тез кабыл алдырат. Мисал катары ала качып алынып, кырдаалга баш ийип, ала качып алган балага күйөөгө тийип, жашап калган кыздын сөзүн келтирели:

> *«Менин калуум керек эле. Менин атам ичет. Элдер бизди көп кеп кылышат. Эгерде мен үйүмө кайтып келген болсом, алар биздин үй-бүлө жөнүндө мурункудан да көп ушак айтышмак. Ал эми менден кийин да сиңдилерим бар…» (Жалалабад областындагы айыл).*

Ошондой эле, ала качуу муундан муунга улануучулук тенденцияга ээ. «Менин төрт уулум, бир кызым бар. Бардык келиндерим ала качылып алынган жана менин кызым да ала качылган», деп респондент аялдардын бири айтып жатат. Башка ала качуунун курмандыгынын апасы таң калаарлык сандарды айтты:

> *Менин жети кызым бар. Мен алардын бардыгын күйөөгө бердим. Алардын баарын ала качып кетишкен. Азыркы учурда баары жакшы жашоодо жашап жатышат. Мектепти бүткөн учурларында эле баарын ала качып кетишкен. Менин бир уулум бар, аны үйлөнтө элекпиз. Биз ага, бул салт, ала качып үйлөн десек, ал болбой жатат (Баткендеги айыл).*

Ушундай үй-бүлөлөрдө кыздар ала качууну улутташтырылган ченем катары кабыл алышат жана өздөрү үчүн башка альтернатива көрө алышпайт.

Качып кетүүлөр (өзгөчө) учурлары тууралуу айтсак, биз кыздардын арасында алардын алсыздыгы, аярлуулугу жагынан кыйла айырма көрө алдык. Төмөндө сурамжылоодон үзүндү, эмне жөнүндө айтып жатканыбызды түшүндүрөт:

> *Мен ала качуудан коркойм. Менин улуу эжемди ала качып кетишкенде, ал ыйлаган эмес, ал машинеге олтуруп, аны эмне кыл десе, тынч гана аткарып, отура берген. Ал жөн гана биздин апабыз келип, аны үйгө алып кетеээрин күткөн. Ал ошол үйдө калбасын, биздин апабыз аны эч нерсе карабай, ага жардам берээрин жакшы билген. Биз апабыздын бизди алып кетээрин билебиз, ал бизге дайыма бул тууралуу айтат, эгерде ушундай нерсе болуп кетсе, тынч эле олтуруубузду, санаркап-сарсанаа болбошубузду, жөн гана ага чалып коюубузду үйрөткөн. Мына ошентип, ал барып менин эжемди үйгө алып келген (ала качылып барып, отурбай кайра үйүнө кайтып келген кыздын сиңдиси, Ош шаары).*

Бул учурда ата-энеси (апасы) кызга жана анын сиңдисине кайгылуу окуялардан кантип качып кутулууга, ушундай учур болуп кетсе, өзүн коргоо үчүн эмне кылуусун, өзүн кантип алып жүрүүсүн, кандай аракеттерди аткаруусун алдын ала үйрөтүп, сүйлөшүп алуу менен жардам бергендиги тууралуу айтылат. Кыз ата-энеси аны эртеби-кечпи куткарып алаарын, алар кызынын таламын талашаарын билген. Башка бир дагы сурамжылоодо, биз ата-эне менен кыздарынын ортосундагы, ала качуу болуп кетсе, эмне кылууну ачык талкуулоо тажрыйбасын кезиктирген жокпуз. Ата-энелер ушундай сүйлөшүүлөр болбогондугу үчүн өздөрүн айыпташат, мисалы, төмөндөгү сурамжылоодогу үзүндүдө,

> *Бизде, кыргыздарда көбүнчө кыздар ата-энеси менен сүйлөшүшпөйт. Айрыкча апалары менен ачык-айрым сүйлөшө алышпайт. Кыргыз менталитетинде кыздар көйгөйлөрү тууралуу апалары менен ачык сүйлөшө алышпайт. Биз жөн гана, мектепке баргандыгын, тамактангандыгын ж.у.с. гана сурайбыз... (Колуктунун апасы, Чүй областындагы шаар)*

Биздин маалыматтарда, ата-энелер кыздарын ала качып кетпөө үчүн сак болуп жүрүүсүн эскертишет. Бирок мындай эскертүүлөр жетиштүү болбойт, себеби ал сөздөр ала качуудан кийин мажбурлоо менен күйөөгө тийүүдөн кантип баш тартса болот экендиги жөнүндө конкреттүү нускама менен бышыкталган эмес. Ошондуктан, жоопкерчилик кыздарына жүктөлөт, алар мындай окуя болгондо ата-энелери кийлигишип, аларды колдойт деген ишеним сезимине үйрөтүлгөн эмес. Кыздардын ата-энелери ала качууну, алар менен эмес, башкалар менен гана болчу нерседей көрүшөт. Өздөрүнүн кыздарын ала качып кеткенде, алар өздөрүн жоготуп, эмне кылаарын билбей калышат. Төмөндө он биринчи класста окуган кыздын апасы менен сурамжылоодо ушул факт даана байкалат.

Ошол эле учурда, кыздын ата-энесинин реакциясы ооруксунган болот, алар психологиялык жактан жаракат жана стресс алышат. Көп ата-энелер күмөн санап, өздөрүнө «ал башка турмушка чыкпай калса, биз мүмкүнчүлүктү коё берип жиберебизби?», «эл эмне дейт?» ж.б.у.с. суроолорду беришет. Үч баланын атасы болгон, биздин респонденттерибиздин бири, элдик макал менен түшүндүрдү «кыз сактагыча туз сакта дейт» бул макал, кыздарды өз убагында турмушка берүү керектигин түшүндүрөт (Баткен областындагы айыл).

Эгерде апасы кийлигишип, кызын куткарууга аракеттенсе, өзүнүн туура эмес тарбиясы тууралуу айыптоолорду угууга даяр болуусу керек.

> *Аны [биздин кызыбызды] ала качып кеткенде, бизге абдан жаман болду, абдан жаман болду! Анын атасы отурган үстөлүнөн ыргып турду. Биз баарыбыз ыйлай баштадык, баштарыбыз ооруп чыкты. Анан биздин башка тандообуз жок болчу да, биз ушуга көнүп калдык. Сен аны жөн эле алып кете албайсың да! Сага ага бакыт каалап калып калуу гана калат. Кыз бир гана жерден бактылуу боло алат, мен аны алып кете алмакмын, бирок кийин аны эч ким күйөөгө алмак эмес. Андайларга эч ким үйлөбөйт... Биз ошентип отуруруп, ыйлай бердик. Биздин кызыбыз ушунчалык жаш эле, он биринчи класска бармак, ойномок, курбулары менен сейилдемек. Биз аны окууга жибермекпиз. Бирок ушундайдан кийин, эч нерсе кыла албайсың (Баткен областындагы айыл)*

Бул цитатаны жети кызы тең ала качуу жолу менен турмушка чыккан аял айтып берип жатат. Ушуга карабастан, алар ар бир кызынын ала качып кеткенин жабыркоо менен кабыл алышкан.

Энелерди кызын «жакшы карабагандыгы» үчүн, ушундай болгонго жол бергендиги үчүн кыздарын ала качып кеткендиги үчүн айыпташат. Алар өздөрүн дайыма кыздарынын кол тийбестиги үчүн жоопкерчиликтүү сезишет. Бир аял айткандай, «биз

кыздарыбызды ала качып кетпеши үчүн бардыгын жасашыбыз керек, биз аларды коргоп жана кайтаруубуз керек» (Баткен шаары). Ушундай айыптоолорду эске алуу менен, күңүлү калган аталардан, үй зомбулугунун, сөз менен жана күч колдонуу зомбулугунун деңгээли жогору болот. Бир колуктунун апасынын айтып бергүсү боюнча, «атасы мага «Сен жинди болуп калдың беле?! Бала окушу керек! Сен эмне кылып жатасың!» деп кыйкырган (колуктунун апасы, Чуй областындагы шаар). Баткен областындагы башка эненин айтканы боюнча, кызы ала качылгандыгын билген күйөөсү, аны сабап койгон. Ал буга аялын күнөөлөгөн.

Чынында, ала качылган кыздардын аталарынын кандайдыр бир иш-аракеттерди жасоого мүмкүнчүлүгү чектелген болот. Өз үйлөрүндө алар жабыркоосун жашырышпайт. Алар ушундай окуяны канчалык катуу кайгы менен баштарынан өткөрөөрүн биз аялдарынын сөзүнөн гана билебиз. Дагы бир аял респондентибиз, кызын ала качып кеткенин уккан күйөөсүнүн абалын айтып берди, «ооба, ООО, ал кандай кыйкырык салды! Бакырып-өкүрүп урушту. Ал көпкө чейин буга макул болбой, алардан кызын кайра алып келип бергүсүн талап кылды. Мен аны кызыбыз калсын деп араң көндүрдүм» (Баткен областындагы айыл). Биз дагы бир кайгылуу окуяны каттадык. Колуктунун тууганыны сөздөрү боюнча,

> *Жаркын Жалалабад областынын айылдарынан алыс эмес жердеги, Өзбекистандын алыскы айылындагы, жакыр үй-бүлөдөгү беш баланын бири эле. Ал Жалалабад областындагы чоң энесинин колунда чоңойгон. Анын ата-энеси Жаркынды барынан таланттуу жана жөндөмдүү деп эсептешчү жана анын жакшы жашоосу үчүн, бардыгын жасашты. Жаркын жогорку билимдүү болуп, алар карыганда, жардам берип турат деп ойлошкон. Бирок Бишкектеги таекесиникине келгенде, аны ала качып кетишти. Ал эч качан университетте окуган жок. Жаркынды ала качып кеткенин уккан ата-энеси, Өзбекистандан Бишкекке келишти, бирок «абдан кеч болуп калган», никесин кыйып бүтүшкөн. Анын байкуш атасы, улгайган адам, ошол жакка баргандан кеткенге чейин ыйлады, кызынын балта чабылган келечегине, бузулган пландарына өкүнүп ыйлаган.*

Аталардын көбү кыздарын ала качып алган үйгө калтырууга билген замат каршы чыгышат. Ала качылган кыздардын аталары, үйүндө ачууланганы, бакырып-кыйкырганы менен, элге чыкканда өздөрүн токтоо алып жүрүшөт. Ала качууга түздөн-түз кийлигишүү алардан эр жүрөктүүлүктү, эркти, өзүнүкүн бербей бекем турuусун талап кылат. Анын коммуникативдик көндүмдөрү, мүмкүн болушунча кадыр-баркы, бедели, коомдун колдоосу болуусу керек. Бул абдан татаал тапшырма.

Баткен областындагы айылда кызыктуу окуяны айтып беришти. Аксакалдар сотунун төрагасынын кызын үч жолу ала качып кетишкен. Ал өзүнүн беделин колдонуп, эки жолку ала качууда кызын алып келген. Кызы үчүнчү ирет ала качылып кеткенде, ал абалга баш ийген. Ал чечимин мындай деп түшүндүрүп берет,

> *Алар [ар жолу ар башка балдар] аны бир нече жолу ала качып кетишкен, мен аны үйгө алып кетип жаттым. Анан ал кайра мектепке барганда, аны кайтадан ала качып кетишти. Акыркы жолу кызымды ала качып кетишкенде, үйгө келе жатып, мен ага айттым: «Эгерде сенин окушун керек болбогондо, бизди жайыбызга коюшат эле». Алар кызыма окуганга мүмкүнчүлүк берген жок, баары бир ала качып кетишмек. Акыркы жолу менин чыдамым кетти да, мен аны күйөөгө бердим. Мен кызыма «кызым, эми эмне кылабыз? Сен эмне дейсиң? Мен чарчадым ушунун барынан... Андан көрө мен сени күйөөгө берип, ушундан кутулайым, дедим»*

Бул адам, кызынын университетте окуйм, алып кет деп суранганына карабай, кызын ала качып кеткен адамдын үйүнө калтырып кетти. Ушул окуя бизди таң калтырды, анткени кызын куткара берген атасынын «чарчаганы» сезилип турат. Атасынан талап кылынган эмоционалдык иш, өзүнө уят болуу жана күнөөлүү болуу сезимдерин, ошондой эле ала качып кеткен баланын үй-бүлөсү менен сүйлөшүүлөрдү жана аксакалдар сотунун функцияларынын бири болуп салттарды сактоо, үй-бүлөлөрдүн түзүлүүсүнө өбөлгө түзүү болуп саналган аксакалдар сотунун төрагасынын жумушунан бошонуусун талап кылат. Биз атасынын «эгер бул (ала качкан эркек) болбосо, башкасы чыгат» деген сөздөрүнөн качып кутулбастык жана үмүтсүздүктү уктук. Анын түшүнүгүндө, анын кызы күйөөгө чыкмайынча, аны дайыма ала качуу тобокелчилиги күтүп турат, ошондуктан ушул тобокелчиликти минималдаштыруу үчүн, аны күйөөгө берген.

ЮНФПА жана УСКанын (2016) маалыматтары боюнча, бардык респонденттердин үчтөн бир бөлүгү гана ала качылган тууганын кайра кабыл алганга жана анын атынан милицияга арыз жазганга даяр. Респонденттердин жыйырма жети пайызы кызды кайра үйгө алып келгенге чара көрүшөөрүн айтты. Ала качуунун курмандыгын

2.3

# АЛА КАЧКАН АДАМ

Отчетубуздун ушул бөлүмүндө биз ала качууну күйөөнүн көз карашы, анын тажрыйбасы, жеке сезимдери, иш-аракети, абалды субъективдүү баалоосу, күтүүлөрү жагынан талкуулайбыз. Бул бөлүмдүн негизги бөлүгү ала качкан адамдын ролунда болуп калган эркектердин жеке окуяларына негизделген. ЮНФПА жана УСКанын (2016) изилдөөлөрүнүн жүрүшүндө калктын кыздарды ала качууга карата ар түрдүү көз-караштары белгиленген. Бул маалыматтар респонденттердин басымдуу бөлүгү ала качуу актысына терс көз карашта экендигин көрсөттү (81% аялдар жана 78% эркектер). 11% аялдар жана 14 % эркектер ала качууга нейтралдык көз карашта болушту. Баардык респонденттердин беши гана 21 жаштан 30 жашка чейинки куракта болуп, Ош, Жалалабад, Ысык-Көл областарынын айылдарынан болгон.

Өлкө боюнча Ош областынан башка, аялдардын токсон эки пайызы ала качып алган адамдарга терс көз карашта экен. Ош областында ала качып алган адамдарга терс көз караштагы аялдар кырк үч гана пайызды түздү. Эркектер үчүн ала качкан адамга терс көз карашта болуу мүнөздүү эмес болду (жыйырма пайыздан, жетимиш үч пайызга чейин), бирок Талас областынын эркектеринин токсон пайызынан жогорусу ала качкандарга терс карашат. Бардык сурамжыланган аялдардын жыйырма беш пайызынан көбү жана эркектердин отуз пайызынан көбү, буга нейтралдуу мамиледе болушту. Ошентсе да, өлкө боюнча аялдардын он эки пайызы жана эркектердин он сегиз пайызы ала качып алган адамдарга позитивдүү көз карашта. Эркектерди ала качууга түрткөн себептерди респонденттер мындай көрсөтүштү: атаандаштыктан коркуу (отуз пайыз), аларга жаккан аялдын карабай койгонунан коркуу (жыйырма төрт пайыз), ага жаккан аял менен таанышуу үчүн, ал абдан эле уялчаак болгондугу (жыйырма бир пайыз), кызга калың төлөгөнгө мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу (он сегиз пайыз), эркектин ата-энеси ала качып үйлөнгөнгө мажбурлагандыгы (он тогуз пайыз) (ЮНФПА жана УСК, 2016).
Биздин изилдөө ЮНФПА жана УСКанын (2016) сурамжылоолорунун жыйынтыктарын тастыктап, күйөөнүн тажрыйбасын толугу менен өз оозунан угуп, тагыраак сыпаттоо менен толуктайт. Өзүнүн ала качуу актысы тууралуу айтып берип жаткан маалымат берүүчүдөн баштайлы. Бул окуя он жыл мурда болсо да, анын кесепеттери сурамжылоо маалында да билинип турду,

> *Аны ала качып алууга туура келди. Мен өзүмдү актабайм. Мен аны менен сүйлөшүүгө [никеге чейин] аракет кылдым, бирок анын кызыгуусу болгон жок. Ал дайыма Бишкекке же Таласка кетүүгө шашылчу. Бир жолу мен аны узатууга, гүл көтөрүп алып аялдамага бардым, бирок ал баарын биз кезикпегендей кылгандыктан, мен кечигип калыптырмын, ал кетип калыптыр. Мен атамды жана туугандарымды анын үйүнө барып, ата-энеси менен сүйлөшүп, той кылуусун сурандым. Мен тамактарды, ага кийимдерди сатып алып, туугандарымдан эмне керектигин сурап алып, баарын өзүм даярдадым. Бирок менин үй-бүлөм аныкына келгенде, анын туугандары макулдугун бербептир, анткени ал күйөөгө чыгууну пландаштырбай, окууну каалаптыр. Менин досум мага, жашоо – бул оюн эместигин, эгерде мен бир нерсени баштасам, акырына чыгаруум керек экендигин айтты. Мен чындыгында ага үйлөнгүм келди да, аны ала качып кетүүнү чечтим. Менин эки досум аны күчтөп машинеге салышты. Мен болсо аны менен сүйлөшүүгө аракет кылдым, бирок ал менин сөздөрүмдү укпады, мен болсо өзүм үчүн андан башка аялды элестете албадым. Мен аны ала качып, үйүмө алып келдим. Келгенде менин атам короодон эле бизди уруша баштады, менин досторум качып кетишти, а мен болсо машиненин багажнигине жашынып калдым. Ал мага, мен чириген кой экендигимди жана үй-бүлөмө татыктуу эместигимди айтты. Мен аны кемсинткенимди айтты. Бирок мен атама, ал кыз үчүн күрөшөөрүмдү, аны эч кимге бербестигимди жана ал мени менен бактылуу болоорун айттым. Атам мени менен сүйлөшпөй койду, кыздын туугандары келди да, мушташ болду. Акырында ал менин үйүмдө калды (Таластагы айыл)*

Бул жерде, ала качуу - жоопсуз сүйүүгө жооп болгон реакция, ал маданий жактан колдоого алынат жана социалдык күтүлгөн аракет.

Биздин башка изилденген окуяларыбызда, кыз макулдугун бербей коет деген коркунуч – бул күчтүү түрткү берүүчү фактор, мында ала качуу стратегия катары кабыл алынып, бул тобокелдикти минимумга түшүрүүгө жардам берет. Болочоктогу колукту күйөөгө караганда, «престиждүү» деп эсептелгенде, башкача айтканда кыздын үй-бүлөсү финансылык

жактан камсызданган же жогорку социалдык абалда болгондо ж.б. учурларда ушундай болот. Мындай учурларда, ага тандоо мүмкунчүлүгүн берилсе, «ал аны карабайт» (күйөөнун атасы, Жалалабаддагы айыл) деген ыктымалдыгы жогору.

Ушуга карабастан, жогорудакелтирилген окуя башкалардан айырмаланат, анткени ала качууну бир адам чечкен жана уюштурган. Бирок бул окуя биздин изилдөөдө жалгыз эле окуя. Биздин изилдөөдөгү тажрыйбага негизделген мисалдардын көбү күйөөлөрдүн ролдору чектелгенин, ал эми алар өздөрү иш-аракеттерин процесстин башка катышуучуларынын кол алдында жасагандыгын көрсөттү.

Колуктуну ала качып алуу идеясы жана ала качууга даярдыкты күйөөнүн үй-бүлөсү, негизинен апалары же жеңелери көрөт. Жаш балдарга үйлөнүүгө алар тараптан кандайдыр бир аракет кылууга өзгөчө деле талап коюлбай, кысым жасалат. Эркектин ата-энесинин ден-соолугунун бузулуусу көбүнчө келтирилген актануулардын бири болуп саналат. Ооруган ата-энелер жана башка үй-бүлөнүн маанилүү мүчөлөрү баласынын же небересинин үйлөнүү тоюна катышып, небересин же чөбөрөсүн көрүп калууга умтулушат. Биз ала качуу жолу менен үйлөнгөн адамдын улуу эжеси менен маектен үзүндү келтиребиз:

> *Ал биздин эң кенжебиз. Ал жыйырма эки жашта болчу, менин так эсимде жок. Бардык достору үйлөнүшкөн. Биздин апабыз ооруп калды, ал уулунун үйлөнгөнүн көргүсү келди. Биз ага: «Апа, ал али жаш, ал 28 жашка чыкканча күтөлү, жок дегенде 25 жаштан кийин үйлөнсүн» деп айттык. Ал болсо: «Жок, мен неберелеримди көргүм келет» деп болбой койду. Апам анын жанын койбоду. Биз кыз издей баштадык да, Жалалабаддан бир кызды таптык, менин апамдын синдиси, таежем ошол жактан. Биз тегеректен сурап, ушул келинди таптык, анан ал ага үйлөндү. (Баткендеги шаар)*

Башка үй-бүлөдөгү жаш адам өзүнүн окуясын айтып берди,

> *Мен абдан эрте үйлөндүм. Ата-энем менин эрте үйлөнүүмдү каалашты, анткени мен үйдө эң улуусу элем. Алар менин кимге үйлөнүүм керек экендигин айтпады. Менин ата-энем, эгерде сүйлөшкөн кызым бар болсо, мен аны менен үйлөнүү туралуу сүйлөшүүм керектигин айтышты. Менин мектепти бүткөнүмө бир гана жыл болгон, ата-энеме сүйлөшкөн кызым жок экендигин айткандан уялдым. Коңшу айылга барып, сырткы келбети мага жаккан бир кызды таптым да, ала качып кеттим. Азыр биз бактылуу жашайбыз. (Күйөө, Ош областындагы айыл)*

Улуу балага кысым жасоо өзгөчө катуу болот. Ала качуунун балдарга ыңгайлуу жагы, бул жаш жигиттин сүйлөшкөн кызы жок болгон фактыдан элдердин көңүлүн алаксытуу болуп саналат. Бой жеткен балдары эмгек мигранты болгон үй-бүлөлөрдө, убакыт фактору дагы өзгөчө актуалдуу. Бир имамдын алардын айыл өкмөтүндө болгон окуяны айтып берүүсү,

> *Эгерде, мен биздин айылдагы кыргыздардын элүүдөн алтымыш пайызга чейинкилери ушундай жол менен үйлөнөт деп айтсам, калп айткан болбойм. Эмне үчүн? Бул оңой салт. Абдан кыска убакытта үйлөнсө болот. Мисалы, алар Орусиядан кайтып келишет, бирок алар тезирээк үйлөнүп, кайра кайтуусу керек. Биз, ушундай жол менен тезирээк үйлөнсө болот деп эсептейбиз, жана көп адамдар ушундай кылышат. (Жалалабад областы)*

Үй жумуштарын жасоого кошумча кара күчтүн керектиги, адамдарды ала качууга түрткөн дагы бир фактор болуп эсептелет. Мындай учурларда нике күйөөнүн үй-бүлөсүндөгү үй жумуштарын жасаганга арзан кара күчтү тартуу аракети болуп саналат. Бир күйөө аныкы кандай болгондугун түшүндүргөнү боюнча, «ошол убакта үйгө келин керек болгон. Сиздер билесиздерби, апама үй-жумуштарын жасоого оор болуп калган, анан мен ага мындай деп айттым, «апа, келиңиз мен сизге келин алып келем», мен ушундай кылдым» (Ош шаары). Өзүнүн аялын «менин аялым» деп айтпастан, атайы апасы үчүн алып келинген буюм сыяктуу, «келин» деп айткандыгына көңүл буруу керек.

Салт боюнча, бардык кыздар жана жигиттер күйөөгө тийүүсү/үйлөнүүсү керек деп эсептелинет. Үйлөнө элек ар бир эркек үйлөнүүсү керектигине байланыштуу ар кандай кысымдарга кабылат. Мисалы, бир эркек адам мындай деп айтып берди,

> *Мен үйлөнгөндө, эң акыркысы болчумун, баарынан кеч үйлөндүм. Менин досторум жанымды койбой, «бол, тезирээк үйлөн, сен эле калдың. Кел биз сага бирөөнү таап беребиз, бул жерге алып келип беребиз» дешти. Мен үйгө келгенде, ата-энем дагы «тезирээк үйлөн» деп айтып жатышты (Күйөө. Баткен областындагы айыл.)*

Ошентип, кызды ала качуу, бул тездетилген нике гана эмес, өспүрүм кезден өсүп жетилгендик куракка «өтүү каадасы» же эркек өзүнүн өсүп жетилгендигин жана никеге даяр болгондугун, кызды ала качып

келген жол менен далилдөөчү, «арноо» каадасы. Бул гендердик-дифференцияланган ролдун жана эрдиктин белгиси. Чүй областынан бир адам бизге, анын үйүндөгүлөр, сүйлөшкөн кызы бар экен деп ойлоп жүрүшкөн, ал атасына ушуну жана чыныгы эркек экендигин далилдөө максатында, «көчөдөн тез эле бир кызды ала качып алган».

Таң каларлыгы, ушундай абалда дагы, күйөө жалгыз иш-аракет кыла албайт. Ага ар кандай жардам керек. Буга чейин келтирилген цитаталар женелер кантип, өз ыктыяры менен өздөрүнө кызды тандоо, ала качууну пландоо сыяктуу жоопкерчиликти алганын көрсөттү. Чындыгында, колуктунун талапкерлигин тандоо дайыма эле үйлөнгөнү жаткан эркек тарабынан жүзөгө ашырылбайт. Бул процесс жакшы пландаштырылган же такыр пландаштырылбаган болуушу мүмкүн. Мындай окуяны төмөндө бир эркек киши айтып берген,

> *Менин эжем бар, ал аны [анын колуктусун] көрүп, жактырып калды. Ошондуктан мен ага үйлөндүм. Менин эжем, ал жакшы кыз экендигин айтты, ошондуктан мен ага үйлөндүм. Менин кошунам бар, менин эжем аны билчү, бир күнү эжем кошунама ал [анын колуктусу] келгенин көрүп калган, ал агасы менен учурашканы келиптир. Ошентип мен аны ала качып, үйлөнүп алдым (Чүй областындагы айыл)*

Бул конкреттүү учурда, респонденттин эжеси алдоо жолу менен кызды машинеге чакырып алып, колуктунун апасынын досунукуна алып келип, ошол жерде той өткөрүшкөн. Мунун баары күтүлбөгөн жерден болгон. Күйөөнүн эжеси кызды аялдамада автобус күтүп турганын көргөнүнөн баштап инисинин үйлөнгөнүнө чейин эки күн гана убакыт өткөн. Бул окуяда биз ала качуу – бул жамааттык иш экендигин көрүп турабыз. Анын ушул бөлүмдөгү биринчи сурамжылоодон айырмасы колуктуну тандаганы да, аны ала качууну да күйөөнүн үй-бүлөсү аткарган.

Ушул күйөө менен сурамжылоо жүргүзүү абдан оорлордун бири болду, анткени респондент абдан түнт болчу. Ушундай мүнөз биз сурамжылаган күйөөлөрдүн көбүнчөсүнө таандык эле. Чындыгында эле, уялчаактык жана начар өнүккөн социалдык көндүмдөр, бул жаш (жана анча жаш эмес) эркектердин апаларынын сөзү боюнча, кемчилик катары белгиленген. Бул аялдар ала качууну актоо үчүн бул түшүндүрмөсүн аргумент катары колдонушкан. Буга чейин аялдар менен эч кандай тажрыйбасы жок, уялчаак, өтүмү жок эркектерге, бул үйлөнүүнүн жалгыз гана жолу болуп саналган. Муну ресопондент аялдын сөзү тастыктап турат: «менин уулум абдан уялчаак, ошол үчүн ал башка жол менен үйлөнө алмак эмес. Менин улуу балам башкача; ал кадимкидей эле үйлөнгөн. Бирок бул уулум ала качып үйлөнүүсү керек эле» (Ысык-Көл областындагы айыл). Дагы бир жашы улуулап калган күйөө менен сурамжылообуз абдан баамдуу, көрөгөч болду жана бизди ала качууга жол берген дагы бир факторду ачууга түрткү берди. Өздөрүнүн жеке көйгөйлөрү жана баарлашуунун көндүмдөрүнөн тышкары, айыл жеринин жашоо шартында, «жакшылап» кыз менен сүйлөшүү чектелген, бул нөлгө барабар. Аны респонденттердин бири мындай деп түшүндүрөт,

> *Бул жакта, айылда кыз менен жөн эле «сүйлөшүүгө» болбойт. Бизде кинотеатрлар, парктар жок. Мага жаккан кызды мен кайсы жерге чакыруум керек? Биз чогуу сейилдесек, элдер көрүп калып, ал жөнүндө жаман ойлоп калышат. Элдер аны бузулган кыз деп айта башташат. (Баткен областындагы айыл)*

Жергиликтүү ишенимдерге ылайык, бирөөгө жакындыгын же жакшы көргөндүгүн элдерге көрсөтүү туура эмес жүрүм-турум болуп эсептелет. Кыздар менен ачык баарлашуу жана сезимдерин билдирүү тажрыйбаланбайт. Ала качуу ушундай жагдайларда жактыргандыгын билдирүү катары да иштейт. Төмөндө, күйөө кызды жактыргандыгынын ала качуу тажрыйбасы менен тыгыз байланышы бар экендигин көрсөткөн, сурамжылоодон үзүндү келтирилген.

> *Сурамжылоо жүргүзүүчү: Сиз аны таанычу белеңиз?*
> *Респондент: Мен аны бир жолу көргөм.*
> *Сурамжылоо жүргүзүүчү: Көчөдөнбү?*
> *Респондент: Үйлөнүү тойдон*
> *Сурамжылоо жүргүзүүчү: Сиз аны жакшы көрүп калдыңызбы?*

Жогоруда келтирилген эки мисалда тең, ала качуу «сен мага жагасың, мен сага үйлөнгүм келет» деген вербалдык эмес арноо жөнөтүү катары колдонгон. Албетте, бул кызга тандоо калтырбайт жана ал андан баш тартууга мүмкүнчүлүгү жок. Ала качуу баш тартуу, макул болбоо тобокелчиликтерин жокко чыгарат, ошентсе да ала качылган кыз отуруп калат деген ишеним чоң болгонуна карабай, ал кетип калат деген чочулоо, баары бир бар, «Аны келип, алып кетип калышат деп, абдан корккам» (Күйөө, Талас областы)

Ушунга байланыштуу, ала качып үйлөнгөн бир баланын кичүү инисинин кызыктуу окуясы бар, ал агасынын колуктусун үйүнө алып келишкендеги өзүнүн татаал эки анжы сезимдерин айтып берди. Кыздын кыйкырыктары жана каршылык көрсөтүүлөрү ага күчтүү эмоциялык таасир тийгизген жана ал өзүнө эч качан ала качып үйлөнбөстүгү жөнүндө сөз берген.

Экинчи жагынан, ал кетип калуусу мүмкүн деген ойдон стресс алды, «эгерде ал кетип калса, биз элдердин алдына уят болмокбуз, мен өзүмчө «Мен анын калып калуусун каалайм» деп ойлодум» (Жалалабаддагы шаар).

Ала качып алган күйөөлөрдүн субъективдүү тажрыйбасы, ала качуу болуп жаткан бардык жагдайларга карабастан, татаал, бир кырдуу эмес, чыңалууга толот жана жабырлануу алып келет. Биз төмөндө күйөөлөр менен болгон бир нече сурамжылоодон үзүндү келтиребиз,

> *Менин денемди калтырак басты, мен абдан жаман болдум. Үйлөнүү ушунчалык оор болоорун мен эч качан ойлогон эмесмин. Мен өзүмдү башка бейтааныштай сездим. Мүмкүн, бул менин эр жеткендигимдин белгиси болгон. Үйлөнгөндөн кийин бир аптадай өзүмдү бир кызыктай сезип жүрдүм. Мен муну түшүндүрө албайм. Мен кабатырландым, санааркадым. Мен бактылуу болгондон, бул жөнүндө өкүнгөндөн өзүмдү кызыктай сездим жаттым деп айта албайм. Мен өзүмдү түшүнбөдүм, эмне болуп жатканымды түшүнө албадым. Бир аптадай же он күндөй аялым менен жакшы сүйлөшө алган жокмун. (Күйөө, Баткен шаары)*

Өкүнүү жана уялуу күйөөлөрдүн ошол учурдагы талашсыз сезимдери болучу. Алардын бири, колукту үйгө келгенден кийинки окуяларды эстеди, «Мен аны менен сүйлөшкөн жокмун, мен андан качып жүрдүм. Мен аны менен сүйлөшө алган жокмун. Мен уялганымдан, анын жанына бара алган жокмун» (Күйөө, Чүй областындагы айыл). Талас областындагы башка мисалда, колуктусун алып келип, жеңелери өз милдеттерин аткарып жатышканда, күйөөсү короодо жашынып жүргөн. Кыздын кыйкырыктарын угуп, ал жасаганына өкүндү, аны алып кетишсе экен, менин жанымды койсо экен деп гана ойлоп жатты (Талас областындагы айыл). Башка көптөгөн респонденттер үчүн өкүнүү, ызы-чуу, хаос чыдагыс сезимдер эле.

Биздин респонденттердин сөздөрү боюнча, ала качуунун күчтүү экономикалык негиздемеси бар. «Нормалдуу» үйлөнүү альтернативасы алда канча кымбатыраак болот, анткени калым төлөөнү, себет алып барууну, кийит (сарпай) кийгизүүнү, үйлөнүү үлпөт тоюн жасоону талап кылат. Ала качуу болгондо, чыгымдардын бул статьялары милдеттүү түрдө болуусу шарт эмес жана өзүнө төлөмдүн ийкемдүү жолдорун камтыйт, төлөөгө карыз болууну же карызга төлөөнү. Ала качуу жолу менен үйлөнгөн төрт бир туугандын бири бул тууралуу мындай деп айтты,

> *Эгерде силер анын ата-энесине бара жатсаңар, алар менен сүйлөшүп, куда түшүп жатсаңар, үйлөнүү той берүүгө даяр болуп, бардыгы даяр болуусу керек. Силер аны ала качып кеткенде, көп убакын утуп жатасыңар жана тойду эки-үч айдын аралыгында уюуштурсаңар болот. Менин тоюм сегиз айдан кийин болгон. (Ош шаары)*

Ошентип, ала качуу уулдарын үйлөнткөндүн арзан жана натыйжалуу жолу болуп эсептелет. Бир күйөөнүн апасы «менин уулум ала качып келген күн келди, анткени бизде үйлөнүү той берүүгө шартыбыз жок болчу» деди.

Экономикалык маселеге байланыштуу дагы бир аспект, баланы үйлөнтүүгө каражаттардын топтоолуусу же ата-эненин үйү жакында оңдоп-түзөө иштеринен өткөн болсо ж.б.у.с нерселер, балдардын тезирээк үйлөнүүсүнө кысым жасаган кырдаалды курчутат. Мисалы, кээ бир сурамжылоолордо респонденттер ала качуунун экономикалык сарамжалдуулугуна анча ишене беришпейт,

> *Менин убагымда адамдар сейрек сүйлөшүүчү, алар жөн гана колуктуну ала качып алышчу. Биз анда эки эсе көп каражат кетиргенибизди түшүнгөн эмес экенбиз. Эми элдер түшүнүп калышты, ала качуусуз сиздер бир гана жолу төлөйсүздөр. (Күйөөнүн апасы, Ош шаары)*

Ошентсе дагы, ошол эле улгайган аял ала качууну экономикалык пайдасы жок альтернатива катары айткандан кийин, «бул биздин эски салтыбыз, бул эски фильмдерде да көрсөтүлгөн, Жамиля [белгилүү Кыргыз жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармасындагы персонаж] дагы ала качылып алынган» деп кошумчалады. Ала качуу кыргыз салты катары каралганда, анын күчү маанилүү. Күйөөлөр алган стресстей жана алардын коркунучтарындай эле, апалары да бир нерсе болуп кетпөөсүнө, колукту макул болбосо, отуруп калбаса, бул алардын үй-бүлөсүн уятка калтыраарын ойлоп, бушайман болуп турушат, «элдер бизди ушак кылышат. Биз үчүн уят, кыз кетип калат деп абдан корктук» (Күйөөнүн апасы). Ушундай кырдаалдын болбоосу үчүн, ала качуу конкреттүү топтун активдүү аракетин талап кылат, ал топтун аты «жеңелер» жана алар өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.

## 2.4 БАШКА ТУУГАНДАРЫНЫН РОЛУ ЖЕҢЕЛЕР

«Келин» деген термин сыяктуу эле «жеңе» да, агасынын (же башка эркек туугандарынын) аялы деген түз түшүнүктөн сырткары кеңири маанини түшүндүрөт. «Жеңе» дегенди биз формалдуу эмес социалдык институт катары кабыл алабыз. Жеңенин ролу болочоктогу колуктуну тандоодон, кызды ала качып келген үйгө калтырууга көндүрүүгө чейин болот, андан кийин биринчи нике түнүнүн ийгиликтүү өтүүсүн жана эртеси эртең менен кан болгон шейшепти көрсөтүү дагы анын милдети болот. Салттык түшүнүктө, жеңелердин жумушу, кыз күйөөнүн үйүндө калуусу үчүн бардыгын жасоо болуп эсептелет. Биздин сурамжылоолорубузда күйөөлөр бул жөнүндө кадимки эле болуучу нерседей айтып берип жатышты, «Эми жеңелер бат эле аны сооротуп, отургузуп коюшту [көшөгөнүн артына]» (Күйөө, Талас областы).

Чындыгында, жеңелердин жумушунун барынан чоң жана жооптуу бөлүгү, бул ала качылып келген кыз менен, аны үйгө киргизгенден баштап, отургузганга чейин сүйлөшүү. Алар кызды үйдөн тосуп алышат, күйөөнүн досторунун колунан алып, аны «иштеп чыга» башташат, башкача айтканда көндүрүшөт. Алар анын жанында отуруп, ошол балага күйөөгө тийүүгө көндүрүшөт. Бизге айтып бергендер боюнча, бул аялдардын натыйжалуулугу таң калтырат. Төрт келинди ала качкандыгынын күбөсү болгон аял, ошол күйөөлөрдүн улуу эжеси, Ош шаарында жашаган аял, төрт жолу тең эмне болгонун айтып берди,

> *Бардык жеңелер кирди да, тез эле ага жоолук салып коюшту. Мунун баары абдан бат болду. Бул бир же эки эле саатта болду. Силер билесиңер да, жеңелер кандай иштейт, алар силерге, каршылыгыңарга карабай, жоолук да салып, көйнөк да кийгизип коюшат. Силер байкабай да каласыңар...*

Колуктунун жеңелери дагы күйөөнүн үйүнө сүйлөшүү жүргүзүүгө келишет. Алардын сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү көндүмдөрүнүн күчүнөн, кыздын бул үйгө отуруп калуусу же калбай кетип калуусу аныкталат. Биз изилдеген учурлардын биринде да, жеңеси кызды ала качып келген үйдөн алып чыгып кеткен окуя болгон жок. Мындан тышкары, биз жеңелер өздөрүнүн функциясын жан дили менен көңүлдөнүп аткарышаарын түшүндүк. Алар ала качылып келген кызга боору ооруп, сарсанаа болсо да, өздөрүнүн ишин аткарган аларга абдан жагат. ЮНФПА жана УСКанын (2016) изилдөөлөрү күйөөнүн туугандары эмне себептен ала качууга катышаар себептерин бир аз түшүндүрдү. Сурамжылангандардын көбү, күйөөнүн аял туугандарынын ала качууга катышкандыгынын себеби, алар муну салт деп эсептегенинде (элүү пайыздан көбү), эркек-туугандарына жардам берүү максатында (отуз бир пайыз), аларга үй жумушу боюнча кошумча жардам керек болгондуктан (он пайыз), алар өздөрү мурда ала качылып келингендиктен (он пайыз) деп түшүндүрдү.

Биздин изилдөөдө да биз жеңелердин ала качууга активдүү аралашкандыгынын себептерин түшүндүрүүгө аракет кылдык. Биз, жеңелердин ала качууга катышкан жумушу, өздөрүн маанилүү жана керектүү сезүүгө мүмкүнчүлүк берет деген ойго келдик. Бул мүмкүнчүлүк салттык патриархаттык шарттарда – сейрек берилүүчү мүмкүнчүлүк. Ала качуу аларга статусун кыска мөөнөткө болсо дагы жогорулатат, кырдаалды көзөмөлдөө сезимдерге ээ болушат, empowerment сыяктуу сезимдерге ээ болушат. Биз муну кийинки сөздөрдөн байкайбыз,

> *Биз [жеңелер] дайыма ошол жердебиз. Алар [үй-бүлөдөгү эркектер] үйлөнгөндө биз ошол жерде болуубуз керек. Бир келинде бул биздин абдан көп убактыбызды алды. Ал калууга макул болбой жатты, ал жоолукту ыргытып жиберип, бул көпкө чейин уланды. Мен барып ага мындай дедим, «эгерде сенин никеңде кандайдыр бир көйгөйлөр боло турган болсо, мага айт, мен сага жардам берем. Мына мен сенин алдыңда турам, мен өзүмө жоопкерчиликти алам». Ошентип, мен өзүмө анын бактысы үчүн бардык жоопкерчиликти алдым, ошондо ал өзүнө жоолук салдырганга макулдугун берди да, тынчып калды. (Улуу жеңе, Ош областындагы айыл)*

Биз көргөндөй, жеңе үчүн анын ала качуудагы ролу, кадимки жашоо шарттарында ала албаган, жеке маанилүүлүктү, керектүүлүктү берет. Өзү үй-бүлөдө келин болгон, жеңе, так ушу мейкиндикте өзүнүн демилгелүүлүгүн, эркин, күчүн, индивидуалдуулугун көрсөтүп, үй-бүлөнүн колдоосуна татыктуу боло алат.

Ал үчүн, жаман ишти кубаттоо жана ушул тажрыйбаны түбөлүккө сактап калуу, өзүнүн ала качылып келген тажрыйбасын нормалдаштыруу жолу болуусу мүмкүн.

Ушундай аргументтер программалык кийлигишүүсү мүмкүн болгон, «оор артиллерия» аталган, улгайган аялдардын ролуна да тиешелүү болуусу мүмкүн. Жалалабад областынын айылында жашаган, колуктулардын биринин айтуусу боюнча «менин ата-энем менин отуруп калуума (күйөөнүн үйүндө) макул болушкан эмес... бирок чоң аялдар келип, менин ата-энемди мени калтыруусуна көндүрүштү. Ошондо менин ата-энем «барган жериңен кайтпа» [келген жериңе кал] деп айтышкан» дешти.

Энелер, таежелер, кошуналар, эжелер сыяктуу улгайган аялдар айрыкча ушундай үй-бүлөлүк мүнөздөгү учурларда кадыр-барктуу жана эптүү аракеттерди колдонушат. Алар, негизинен, «аялдардыкы» деп эсептелген маселелерде чечим кабыл алууга таасирин тийгизчү кеп-кеңештерди берет. Жогорулатылган татаалдык кырдаалда улгайган, беделдүү аялдар отурбаган кыздар жана алардын ата-энеси менен сүйлөшүүгө чакырылат. Улууларды урматтоо жана алардын сөзүн эки кылбоо социалдык ченем болуп эсептелет. Эң күчтүү стратегия болуп, улгайган аялды босогого жаткыруу болуп эсептелет, отурбай кетип бараткан кыз, аны аттап кетүүсү керек. Аны аттаган кыз өмүр бою каргышка калат. Жаш кыздар ушундай каардуу альтернативадан корккондуктан калып калышат.

Биздин маалыматтар боюнча, улгайган аялдар жашоого салттык көз караш менен карашат. Алар колукту жакты жактаса да, «акылмандыктын идиши» катары иш-аракеттерди кылышат. Алар кыздардын жакшы жүрүш-турушун сунуштап, кадыр-баркы жогору болгондуктан, жаштарды үйрөтөт. Биз бул аялдар менен сүйлөшүп, алар жөн гана улгайган аялдар эмес, жашына жаш кошулган сайын, статусу жогорулап тургандыгын билдик. Алардын жашы жогорулаган сайын жынысынын оор жүгү азаят. Алар белгилүү бир улгайган жаш куракка жеткенде, буга чейин аларда жок, бир нерселерге ээ болушат, башкача айтканда жеке мейкиндигине, чечимдерди чыгарууга активдүү катышуу мүмкүнчүлүгүнө, көзөмөлдөө сезимдерине, коомчулуктун сый-урматына. Ошентсе да, бул статус-кво абдан морт болот жана аны кармап туруу тынымсыз ырастоону талап кылат, анткени ушундай жогоруу жылуу, патриархалдык коомдун контекстинде жана анын шарттары менен байланышта болот. Башкача сөз менен айтканда, өзүнүн убактылуу жана эмгеги менен жеткен статусунун жемиши менен ыракаттанууну улантуу үчүн, алар чындыгында эле салттык баалуулуктарды жана ченемдерди алдыга жылдыруусу керек, антпесе алардын статусу күмөндүү болуп калат.

Жеңелерден жана байбичелерден айырмаланып, ала качкан баланын үй-бүлөсүндөгү эркектерге, анын ичинде алардын аталарына да, ала качууга катышпаганы мүнөздүү. Кээ бирде ала качууну пландоо аларсыз эле өтөт. Көптөгөн жаш балдар мындай маселелер аталары менен талкууланбагандыгын айтышты, «биз атабыз менен алар менен сүйлөшпөйбүз же [сүйлөшө албайбыз] бул тууралуу ...». Ала качып үйлөнгөн эркектердин аталары сурамжылоо маалында апкаарып калышты, анткени алардын көбү ала качуу болгонун билбей калышкан. Бул жашы жете электердин никелери менен асман-жердей айырмаланат, анткени бала кездеги никелер ата-энелердин сүйлөшүүсүнүн негизинде болот. Отчеттун кийинки бөлүгү, эрте никелер боюнча биздин жыйынтыктарыбызды деталдуу сүрөттөйт.





*Жогорудан төмөн карай:*
*Изилдөөнүн респонденти, ала качуу менен турмуш курган келин, Ош шаарынын чет-жакаларында жайгашкан кайната-кайненесинин үйүнүн алдында. © «БУУнун Аялдар» түзүмү/ Эльёр Нематов*

*GSPS респонденттин кайнатасы малдары үчүн чөп даярдап жатат. Жергиликтүү салт катары кабыл алынган уулунун ала качуу жолу менен үйлөнүүсүнө карабастан, ал уулунун үй-бүлөөсү үчүн бактылуу.*
*© «БУУнун Аялдар» түзүмү/ Эльёр Нематов*





Жогорудан төмөн карай:
*GSPS респондентин уулу селкинчекте ойноп жаткан кези. Ал ата-энесинин ортосундагы үйлөнүү окуясын билбеши да мүкүн. © «БУУнун Аялдар» түзүмү/ Эльёр Нематов*

*Бир чоң үй-бүлө үчүн нан бышыруу оңой жумуш эмес, бирок GSPS респонденти - келин. Демек, жергиликтүү салт боюнча, ал үчүн кыйын жумуш деген болбойт. © «БУУнун Аялдар» түзүмү/ Эльёр Нематов*

# 3

# ИЗИЛДӨӨНҮН КОРУТУНДУЛАРЫ
# ЭРТЕ (БАЛА КЕЗДЕГИ) НИКЕЛЕР

# ИЗИЛДӨӨНҮН КОРУТУНДУЛАРЫ
# ЭРТЕ (БАЛА КЕЗДЕГИ) НИКЕЛЕР

ЮНФПА жана УСКанын (2016) изилдөөлөрүнүн натыйжаларына ылайык, жетимиш алты пайыздан (Ош областы боюнча) токсон төрт пайызга (Талас областы боюнча) чейин респонденттер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында уруксат берилген никеге туруу жаш курактын минималдуусун туура көрсөтүштү. Ушуну экономикалык статусу жогору жана билим деңгээли жогору адамдар так айта алышты. Сурамжылангандардын кырк пайызы кыздар үчүн никеге туруу жашын жогорулатуу керектигин айтышты, ал эми элүү жети пайызы эркектер үчүн дагы никеге туруу жашын жогорулатуу керек деп эсептейт. Андан сырткары, сурамжылангандардын алтымыш пайызы, мамлекет балдары жашы жете электе никеге тургузган ата-энелерди жоопко тартуусу керек деп эсептейт (ал эми мындай чарага отуздай

Биздин изилдөөбүздө биз эрте никелерди, кылмыш жана укуктук ченемдерди бузуу катары талдоодон четке кетип жатабыз. Тескерисинче, биз бул тажрыйбаны кеңири мааниде, көп жагынан конкреттүү шарттардан көз каранды болгон, бир маанидеги эмес көрүнүш катары түшүнүүгө аракет жасадык. Биздин маалыматтар Кыргыз Республикасындагы бала кездеги никелер тууралуу болгон адабиятты толуктайт, кээде ага карама-каршы ойлор айтылат. Сапаттуу талдоо ар кандай позицияларды жана көз караштарды карап чыгууну сунуштайт жана бала кездеги никелерди түздөн-түз уюштургандардын тажрыйбасын түшүнүүгө аракет кылат. Биздин талдоо өзүнө, уникалдуу жана бири-бирине окшогон, эрте никелердин окуяларын камтыйт. Ата-энелери тарабынан уюштурулган эрте никелерди талкуулоодон баштап, «сүйүү баяндарына» өтөбүз.

## 3.1
## БАЛА КЕЗДЕГИ НИКЕЛЕРДИН СЕБЕПТЕРИ

### 1. Ата-энелердин ролу:

Болгон булактардан ата-энелер жашы жете элек балдарынын никелерин пландоодо, уюштурууда чечүүчү ролду ойноит экендигин билдик. Ушундай никелерде колуктулардын жана күйөөлөрдүн, айрыкча абдан жаш болгондордуку дээрлик эске алынбайт.

«Менин ата-энем мени күйөөгө берүүнү чечишкен. Өзүмдүн каалоом менен күйөөгө чыгуу мен үчүн мүмкүн эмес... Мен ошентип ойлойм», деп Баткен областындагы айылдарынын бириндеги жаш колукту айтты. Чүй областында жашаган дагы бир колукту дагы ошондой эле айтты, «Эми, кандай десем. Мен ата-энеме каршы чыга албайм. Мен качан алар чечим чыгарышат деп күтүп жашап жатам». Ысык-Көл областындагы улгайган эркек киши, өзүнүн кыздарын он сегиз жашка толо электе күйөөгө берген, өзү дагы он беш жаштагы келиндин кайын атасы, сурамжылоо маалында бир нече жолу «мен сиздерге дагы бир жолу айтып жатам, бардыгы ата-эненин чечиминен болот» деп кайталады. Он сегиз жашка толо электе турмушка чыккан аялдардын кырк беш пайызы үчүн бул чечимди ата-энелери кабыл алышкан (ЮНФПА и УСК, 2016). Өзүнө өзү ишенген, ишин так билген ата-энелер ийне-жибине чейин дыкат пландайт жана уюштурат деген кеңири жайылган элестетүүлөргө карабастан, биздин маалыматтар, ата-энелердин чечим кабыл алуусу көп учурда пландалбаган жана бүдөмүк болуп калаарын көрсөттү. Бир колуктунун атасы мындай деп эстеди, «бул абдан (тамагын тазалап жатат) кантип айтсам, абдан, абдан күлкүлүү болду...» (Ысык-Көл областындагы айыл). Башка ата-эне дагы окуясы менен бөлүштү «биз досторубуздун үйүндө жөн эле чай ичип отурганбыз, анан арабызда бирөө: «Ай, ушул кыз абдан жакшы экен, кел аны сенин уулуңа алып беребиз!» деди» (Күйөөнүн апасы, Ысык-Көл областындагы айыл).

Эрте никелерди сүрөттөгөндө, ата-энелердин көбү өздөрүнүн мотивацияларын күнөөлүү болуп,

мындай деп түшүндүрүштү, «ушундай болуп калды», «шарт ушундай болду...», «биз ушундай болуп кетет деп ойлогон жокпуз...». Бул маалыматтар, ата-энелердин балдарынын жашы жете электе никеге тургузуу чечимин сарсанаа, кооптонуу, тынчсызданууу жана өздөрүн күнөөлөө сезимдери менен кабыл алгандыгын далилдейт деп эсептейбиз. Биз баштапкы, бул ата-энелердин жоопкерчиликсиздиги тууралуу оюбузду кайрадан карап чыктык. Биз, жашы жете электе никеге турууга каршы болгон үй-бүлөлөр дагы, мындай нерсе алар менен болбой койбостуганан коргоно алышпайт экендигин түшүндүк. Он алты жашында турмушка чыккан кыздын ата-энеси мындай деди,

> *Биз балдарын эрте үйлөнткөндөргө каршыбыз. Өздөрүнүн кичинекей кыздарын турмушка бергендерди укканда, биз ушунчалык ачуубуз келип, нервденчүбүз. Ал [күйөөсү] өзүнүн кызы менен мындай боloорун күткөн эмес. Ал аларга [күйөө баланын үй-бүлөсүнө] расмий кудалашкандан эки күндөн кийин чалып айтты: «Бул эмне? Силер акылыңардан айныдыңарбы? Ал ушунчалык кичинекей!» (Колуктунун апасы өзүнүн каза болгон күйөөсү жөнүндө айтып жатат. Ысык-Көл областындагы айыл).*

Жогорудагы цитатада айтылып жаткан келиндин кайын атасы: «Чынын айтсам, мен мунун каалаган эмесмин. Чынын айтсам... Мен он алты же он жети жаштагы кыздар турмушка чыгуусуна каршымын...» (Ысык-Көл областындагы айыл). ЮНФПА жана УСКанын (2016) изилдөөлөрүнөн алынган сандык маалыматтар, көз караштардын эки жактуулугун көрсөттү. Мисалы, сурамжыланган аялдардын алтымыш пайызынан көбү эрте никелешүүгө каршы. Бирок, алардын жарымы, бул чечим ата-энелердики болуусу керек деп ойлошот. Респонденттердин сексен пайызы жашы жете элек колуктулар көз каранды болуп калышаарын түшүнөт, жетимиштен токсон беш пайызга чейинки респонденттер эрте никелер, кыздардын кесиптик билим алуусуна тоскоол болот деп ойлошот жана респонденттердин элүү пайызы бир дагы эрте никелер, эч нерсе менен акталбоосу керек деген ойдо. Ошентсе дагы, респонденттердин жарымы, эгерде күйөө бала «жакшы адам» болсо, кыздарын жаш кезинде турмушка берүүгө даяр экендигин айтышты. Эгерде күйөө бала бай болсо, жыйырма пайыз респонденттер кызын ага күйөөгө бергенге макул болушмак жана «бай адамга күйөөгө чыгуу эч качан эрте эмес» деген сөз менен макул болушту[5].

5 Мындай ой, элеттик чөйрөгө караганда, көбүнчө шаар чөйрөсүнө мүнөздүү (жыйырма сегиз пайыз он жети пайызга каршы), эң бийик көрсөткүчтөр Бишкек жана Ош шаарларында (отуз тогуз жана отуз төрт пайыз)

Респонденттердин сексен бир пайызы бала кездеги никелерди, никеге чейинки кош бойлуулук, сүйүү (элүү беш пайыз), ала качуу (жыйырма үч пайыз) жана зордуктап кетет деген коркунуч (жыйырма эки пайыз) учурларында актоого даяр. Бул, эрте никелерге терс мамиле менен иш жүзүндө болгон иш-аракеттердин айырмасы, ата-энелердин ички жеке принциптерине каршы чечим кабыл алуусуна түрткөн, көрүнбөгөн булактардын бар болуусу тууралуу ойлонтот. Биздин маалыматтарда көрүнбөгөн күчтөрдү түшүнүүгө жана аларды түшүндүрүүгө аракет кылдык. Ошондой эле жокко эсе учурларды изилдедик.

### 2. Эрте никелер окшоштук маркерлери катары

Буга чейинки изилдөөлөр эрте никелешүүлөрдү колдоодогу маданий жана этникалык салттардын ролун баса белгилеген. Биз, бала кездеги никелер, белгиленген бир социалдык-маданий топко таандык экендигин белгилөөгө керектүү, окшоштуктун маанилүү маркери боло тургандыгын көрсөткөн конкреттүү мисалдарды келтирүүнү туура көрдүк. Эрте никелерди жамаат, аларды башка топтордон айырмалап турган нерседей, көйгөйсүз тажрыйба катары кабыл алат. Эрте никелерди этникалык же социалдык-маданий салт катары негиздөө боло тургандай, баары жетиштүү жана башынан эле акталган нерседей кабыл алынат. Дунган жамаатындагы эркек, өзүнүн баласынын он беш жаштагы кызга үйлөнүүсүн сүрөттөп жатып, «[биз муну] бардык дунгандар жасагандай эле жасадык" деди. Он алты жаштагы мектеп окуучусунун он тогуз жаштагы күйөөсү айтып берип жатат,

> *Биздин [уйгурлардын] салттар боюнча биз эрте үйлөнөбүз. Менин агам он тогуз жашында үйлөнгөн, башка туугандарым он сегиз жаштарында үйлөнүшкөн. Кыздар үчүн, он алты жана он жети жаш - күйөөгө чыгуу үчүн нормалдуу курак. Эгерде кыз жыйырма жашта [күйөөгө чыга элек болсо], бул абдан таңкаларлык... (Бишкек)*

Кыргыз этносундагы бир респондент, «бизде, кыргыздарда бир макал бар, «эгерде силер тебетей менен кызды урганда [Борбордук Азиядагы улуттук баш кийим], ал кулабаса, анда ал күйөөгө тийүүгө даяр» (Чүй областындагы шаар). Ысык-Көл областынын кыргыз этносундагы жергиликтүү тургуну, кызга үйлөнгөнгө чейин, аны менен сүйлөшүп, андан кийин кыздын ата-энесинен кыздын колун сураган. Анын айткандары боюнча, ал «жаш эмес, он тогуз жаштагы аял» болчу. Эң кызыгы, ал өзүнүн тажрыйбасын «орустай болуп» дейт («Мен оруска окшоп үйлөнгөм»), ал «жаш эмес» кызга үйлөнгөндүгү, кыргыздардын

үйлөнгөндүгүнөн башкача баамдап жатат. Бул респондент өзүнүн «башкача» иш-аракетин, кичүү инисинин аялынын ала качуусун уюштуруп берип, жууп кетти.

Биздин изилдөө тобубузга жабык жамааттагы кайрылмандардын үй-бүлөсүнө кирүүгө мүмкүнчүлүк алдык. Бул башка өлкөдө жашаган (Тажикистанда), бирок ондогон жылдар өтүп, өздөрүнүн тарыхый мекенине кайтып келген этностук кыргыздардын тобу. Биз Кыргыз Республикасына 1995-жылы келип, Чүй областынын айлдыранда отурукташкан үй-бүлө менен сурамжылоо жүргүздүк. Бул үй-бүлө, башка кайрылмандардай эле, кыздарын жашы жете электе турмушка берип коюшат экен (кыздары он беш же он алты жашка чыкканда эле). Он беш жаштагы кызын күйөөгө бергенге даярданып жаткан, он алты жаштагы келиндин кайын атасы, биз менен ой бөлүштү,

> *Мында эч кандай жаман нерсе жок... Бул биздин коомчулугубузга таандык. Кыздар үчүн жаш кезинде турмушка чыгуу нормалдуу нерсе. Биз, Тажикистан менен Кыргызстандын чек арасында жашаган кыргыздар үчүн, бул көнүмүш көрүнүш. Мүмкүн бул тажик таасири. Эгерде биздин коомдо жашаган кыз болсоң, он төрт же он беш жашыңда турмушка чыгууга даяр болууң керек. Кыздар сегизинчи класста окугандан кийин, мектепти бүтүрүшөт да, үйдө отуруп, үй-бүлөсүнө кам көрүшөт. Бешинчи класста окугандан баштап, алар баарын жасаганды үйрөнө башташат: нан жасаганды, үй жыйнаганды, анткени алардын көп убактысы жок.*

Жашы жете электе турмушка чыгуу ушул жамаатта кеңири тараган. Ушул үй-бүлөнүн келинини менен сурамжылоо жүргүзгөндө, бизге көп нерсе түшүнүктүү болду. Анын айтымында, ал он алты жашында күйөөгө чыккан, ошол эле убакта анын он алты жаштагы улуу кайын сиңдиси дагы күйөөгө чыккан. Анын күйөөгө чыга элек, он беш жаштагы кичүү кайын сиңдиси бир жылдын ичинде күйөөгө чыгат. Анын курбу кызы (ал дагы ушул эле жамаатта жашайт) он үч жашында турмушка чыккан, он беш жашында эки балалуу болгон. Тогузунчу класстан кийин көп кыздар окубай калышат.

Кыздардын бул үй-бүлөлөрдө эрте социалдашуусу, жашоонун баалуулуктарынын жана жүрүш-туруш стандарттарынын интеграциясына, өзүн-өзү аныктоо тутумуна алып келет деп эсептейбиз. Жамаатынын ичинде ушундай үй-бүлөлөрдө тарбияланып, кыздар эрте турмушка чыгуу альтернативасына оң көз караште болушат,

> *Биздин убакта кыздар жаман нерселер менен алектенишет, алар бузулушат, балдар дагы. Ошондуктан, эгерде жакшы үй-бүлөдөн куда түшүп келишсе, үй-бүлөсү аны дароо берет. Алар анын жашоосу жакшы болушун каалайт. Эгерде кыз он алты же он жети жашта болсо, аны менен эч кандай жаман нерсе болбосо, аны жаман үй-бүлө алып кетпесе, жакшы үй-бүлө келип куда түшүп алып кетет, алар аны ошол үй-бүлөгө беришет. (Он алты жашында турмушка чыккан келин, Баткен областындагы айыл)*

Жаш кыздар өздөрүнүн жашы жете электе күйөөгө чыгуусун эрте нике катары кабыл алышпайт. Алар чындыгында эле, он сегиз жаш турмуш куруу үчүн абдан кеч деп ойлошот. Алар ушул курактагы кыздарга боору ооруп, алардын бир мандеми болуп, аларды жакшы күйөөлөрдүн үй-бүлөлөрү албай койгондой көрүшөт. Алар турмушка эрте чыгууну каалашат жана өзүнүн никесин качып кутулгус, боло турган окуядай кабыл алышат. Жаш колуктунун сөзүнөн бул жакшы билинди, «мен билем, ал болбосо, мени башкасы ала качып кетмек. Мен силерге айтып жатам. Мен муну даана билем. Эгер бул болбосо, башкасы».

Ушундай тарбыя алган кыздар, күйөөдө жашаганга жакшы даярдалгандай сезилиши мүмкүн, бирок биздин маалыматтар, алар күйөөсүнүн үй-бүлөсүнө бир топто көнөөрүн көрсөттү. Он алты жашында турмушка чыккан колукту менен болгон сурамжылоо бизге өзгөчө таасир калтырды. Биз андан үзүндү келтиребиз,

> *Сурамжылоо жүргүзүүчү: Сиздин никеңизден жеке өзүңүз үчүн эмнени алдыңыз?*
> *Респондент: Мен (үшкүрдү), кантип айтсам, мен жашоодо бардык нерсе кандай болоорун билдим. Мен чоң энемдин үйүндө абдан эрке кыз болчумун, анан бул жакка келдим... Мен турмушка жаңы чыкканда куурчактар менен ойнчумун. Скакалка секирчүмүн короодо.*
> *Сурамжылоо жүргүзүүчү: Сиз ким менен ойночу элеңиз?*
> *Респондент: Анын улуу эжесинин кыздары менен [күйөөсүнүн эжесинин] (күлүп жатат)*
> *Сурамжылоо жүргүзүүчү: Сизге уруксат берилчү беле?*
> *Респондент: Ооба, алар уруксат берчү. Алар «Мейли, ал ойносун, дагы ойноп алсынчы» деп айтышчу (Баткендеги айыл).*

Бул үзүндү анын никеге чейинки жашоосун айтып бергендин уландысы, ал буга чейин мындай деп айтып берди, «силер билесиңер да, чоң эне менен жашаган кандай экенин. Мен үй тапшырмамды

аткарып коюп, досторуп менен ойночумун». Анын санаасыз жашоосу, андан эркек менен жыныстык катнашта болууну күтүү менен эч шайкеш эмес эле. Ал буга, эмоционалдык жактан да, аң сезими менен да, денеси менен да даяр эмес экендиги анык болчу. Анын менен жүргүзүлгөн сурамжылоо муну тастыктады:

> *Жок, мен муну такыр элестете алган да эмесмин. Чынымды айтсам, мага абдан коркунучтуу болду. Мен корктум, мен бул кандай болушу керек экендигин билген эмесмин. Башында абдан коркуп, андан кийин буга көнүп калдым...*

Анын айтымында, күйөөсүнүн жана өзүнүн жеңелери «аны буга даярдады». Үйлөнүү үлпөт тоюнан үч күн өткөндө кийин, алар кыздын күйөөсү менен жатканын каалабады, алар башкаларга «ал ушунчалык кичинекей» деп айтышты. Анан күйөөсү менен төшөккө жатканга убакыт келгенде «ушунча санааркап, буга көнүү абдан оор болгон. Башында, бул жакшы болгон эмес, кийин «нормалдуу» болгонун айтты.

Никелешүү маселелеринде этностук салттарга дал келүүгө умтулуу, мамлекеттик курулуштун өтмө баскычын жана дайыма болуп туруучу, улуттук окшоштуктун түзүлүү процессин эске алуу менен, өлкөдө болуп жаткан кеңири социалдык жана саясий процесстер менен байланышта болуусу мүмкүн. Ушуга байланыштуу мындай умтулуунун күчү уламдан улам бекемдеши мүмкүн. Кандай болбосун бир туура келбеген иш-аракет, социалдык колдобоочулук, кысым көрсөтүү жана үй-бүлө жана коомчулук тараптан бөлүп салуу (изоляция) тобокелчилигине алып келүүсү мүмкүн. Улуттук баалуулуктар жана башкалардын көз караш, ой-пикиринен көз каранды болуу (мисалы, «эл эмне дейт?» деген) иш-аракеттерин актап жана адамдардын коомдук жашоосуна, экономикалык ишмердүүлүгүнө, профессионалдык ишине, ресурстарга жетүү мүмкүндүгүнө ж.б.у.с. маанилүү аспекттерге таасирин тийгизет. Достук, кесиптик байланыштар, экономикалык байланыш ж.б. ушул сыяктуу мамилелер бириктирген үй-бүлөлөр үчүн мындай социалдык байланыштарды жоготуу коркунучу күчтүү өбөлгөө болуп саналат.

### 3. Медициналык көрсөтмөлөр боюнча эртек никелер: ишенимдер

Биз, кээ бир сурамжылоолордо, калктын жергиликтүү фельдшер (бар болсо) күрөшө албаган, эпилепсия жана башка диагноздолбогон белгилери менен ооруган ооруларды, кыздардын күйөөгө тийүүсү айыктырат деп ишенгенин көрдүк. Мындан мурдагы изилдөөлөр жергиликтүү жамааттардын көбүндө психикалык (же психофизиологиялык) ооруларды элдик ыкмалар менен, салттык эмес медицинанын жардамы менен жана дем салуулар менен айыктырганга жакын экендигин көрсөткөн. Өспүрүм кыздарды эпилепсиядан күйөөгө берүү аркылуу айыктыруу популярдуу ыкмалардын бири болуп саналат экен. Ушул изилдөөнүн алкагында биз бир нече ушул сыяктуу окуяларды келтиребиз. Бир жашы жете элек кыздын окуясынан,

> *Мен мектепте окуучумун. Менин башым ооруп, ооруканага тез-тез барчумун да, мектепти көп калтырчумун. Мурда мен эсимди көп жогото берчүмүн. Ошондо врачтар күйөөгө тийсем, жакшы болуп калаарымды айтышты. Мен, «макул» дедим. Мен азыр эсимен танбай калдым, бирок башым дагы эле ооруй берет. (Баткен областындагы айыл)*

Эпилепсия менен ооруган башка кыз, ала качылып алынган. Ал ала качып келген адамга турмушка чыгууга, оорусунун айынан макул болгон, күйөөгө чыгып, бала төрөгөндө, анын оорусу жоголот деп ишенген (Ысык-Көл областындагы айыл). Бишкектин четиндеги жаңы конуштагы кейс стадии көрсөткөндөй, медициналык көйгөйлөр эрте никеге макул болууга түртөт. Жашы жете элек келиндин апасы мындай деп айтат:

> *Менин кызымдын булчуңдарынын тырышуусу абдан катуу болгондуктан, ал жыгылып калчу. Анан мен ушундай учурларда кыргыздар кыздарын күйөөгө бергенде, жакшы болуп калаарын уктум... Биздин кызыбыз көп жыгылгандыктан, мектепти тез-тез калтыраар эле, анан биз ойлонуп, күйөөгө чыкса жакшы болобу деген ой менен, анын күйөөгө чыгуусуна макулдугубузду бердик. Менин кызым мектепте абдан жакшы окуучу, анын бардык баалары беш болчу, бирок анын классынанбы же башка мектептенби, бирөө тамашалап, анын талмасы кармаганда чөнтөк телефонуна видеого тартып алып, аны баарына көрсөтүптүр. Эгерде ушул окуя болбогондо, ал турмушка чыкпайт эле. Менин кызым мага, балдар аны шылдыңдаганын айтты, ошондон кийин мектепке барбай, окуугусу келбей, күйөөгө тийгиси келип баштаган. (Бишкек шаары, жаңы конуш)*

Бул окуяда элдик ишенимдер, билимден ден-соолукту жогору койюу, салтты колуктунун жана анын үй-бүлөсүнүн пайдасына аспапташтыруу факторлорунун айкалышы болуп кетти. Бул кыз жана анын үй-бүлөсү үчүн, нике мүмкүн болгон жалгыз вариант катары кабыл алынды. Эрте никеге жол берилгендик алар үчүн бул стратегияны женилдетти. Чындыгында, дарылоону улантуу

чечими логикалык жактан жагымдуураак вариант болмок. Сезим таанымдык далилдердин жоктугу же элдик ырым-жырымды четке кагуу, плацебо майнабы, ушундай ишенимдерди бекемдеп, акырында, эрте никелерди жайылтууга өбөлгө түзөт. Өспүрүм эркек балдар менен байланыштуу мындай окуяларды кезиктерген жокпуз.

## 4. Денеси 'жетилген' кыздар

Өспүрүм кыздын денеси салыштырмалуу эрте жетилсе, анын үй-бүлөсү жана тегерегиндеги чөйрө, аны убагынан эрте жетилди (бышып калды) деп эсептешет. Анын биологиялык жаш курагы, токтотуучу фактор болбой калат. Эрте келген менархе (биринчи келген менструациясы) жана/же жыныстык белгилеринин эрте жетилүүсү ата-энесинин аны «өтө бышып кете электе», эрте турмушка берүү чечимин кабыл алуусуна түртөт. «Бышып-жетилди», «чоң» деген сөздөр эрте жетилген кыздарды сүрөттөөдө айтылып келген. Ата-энеси кыздары «абдан чоңоюп» кетип, күйөөгө тийүү мүмкүнчүлүгү нөлгө чейин азаят деп коркушат. Жашы жете электеги кыздарга үйлөнгөн жаш адамдардын үй-бүлөлөрү, бул кыздар жашынан улуу көрүнөт экендигин айтып актанышты, «Анын сырткы көрүнүшү эң аз дегенде жыйырма жаштай көрүндү, аны он алтыда деп эч убакта ойломок эмесмин», деп айтты Нарын шаарындагы он сегиз жашка толо элек кызга үйлөнгөн баланын апасы. Жалалабадда жашаган, он жети жаштагы кызга үйлөнгөн эркек, өзүн коргоо үчүн, «ал абдан жетилген болчу», жана «аялда болчу бардык нерсеси бар болчу» деп сүрөттөдү аялын. Талас областында биздин изилдөө тобубуз, жашы жете электе никеге турган келиндин ата-энеси менен сурамжылоо жүргүзүп жатканда, кичүү он жаштагы, бешинчи класс окуган кызына сарсанаа болгондорун айтышты. «Алар көпкө чейин күтсө», кыйынчылыктар пайда болушу мүмкүн деген божомол боюнча анын денесинин жетилүүсү (убактысынан эрте жетилген деп эсептелген) алар үчүн, санаркоонун булагы болуп жаткан (Талас областындагы айыл). Бул он жаштагы кыздын биздин маалыматтарда пайда болуусу пландаштырылган эмес, бирок анын окуясы, аялдар үчүн жазылган гендердик рол катары, жаш кыздардын жашоосуна кандайдыр бир жоготуу алып келүүчү, кесепеттерге алып келет. Бул кыз күйөөгө жакын арада чыгып, нике алып келген ар кандай кыйынчылыктарды башынан өткөрүү мүмкүнчүлүгү бийик. Мунун бардыгы, аялдардын баалуулугу, алардын күйөөгө тийип, ошол никеде оорчулуктарга карабай жашоо жөндөмдүүлүгүнүн алкагында аныкталуучу нерселердин тартибине байланыштуу болот.

## 5. Миграция

Ушундай аргументтер ата-энеси эмгек миграциясына кетүүгө даярданып жаткан секелек кыздарга да колдонулат. Өздөрүнүн узак убакыт жок болгондугуна даярданууда, ата-энелер балдары үчүн тынчсызданышат жана алар жокто, кыздарынын жүрүм-турумун көзөмөлдөөнүн ишеничтүүлүгүнө ынана алышпайт. Алар, кыздарынын жакшы күйөөгө чыгуу мүмкүнчүлүгүн коркунучка койгон тобокелчиликтерден качканга аракет кылышат. Алардын кеткенине чейин кыздарынын күйөөгө тийгенин көрүү, аларга ишенимдүүлүктү жана тынчтанууну берет, ушундай шартта алардын үй-бүлөсүнүн кадыр-баркына эч кандай коркунуч туулбайт жана кыздарынын өмүрү «жакшы колго» өттү деп эсептешет. Чындыгында, кайсы үй-бүлө болбосун, «өздөрүнүн үйлөрүн» кыздарын күйөөгө берип бошотпосо, ал үй-бүлөлөр үчүн маанилүү так болуп калат. Күйөөгө тийе элек кыздуу болуу, башкалардын боору оorугандыгына жана маргинализацияга алып келген, үй-бүлөнүн жүгү болуп саналат. Кыздын тазалыгына күмөн саноо болот да, анын келечегине көлөкө түшүүсү мүмкүн. Биринчи жолу күйөөгө тийүү сунушу менен келген адамга макулдугун бербей койсо, мындай мүмкүнчүлүк экинчи жолу эч качан болбой калуусу мүмкүн деген коркунуч, кыздарынын келечегине зыян келтирбөө үчүн, кыздарын жашы жете электе турмушка берүүсүнө түртөт. Ата-энелер алардын кийлигишүүсү кыздарынын гана бактысына жолтоо болбостон, бүт үй-бүлөсүнүн, анын ичинде күйөөгө тие элек кыздарынын да жолун буушу мүмкүн. Өкүнүү жана өзүн өзү айыптоо сезимдери реалдуу көйгөй болуп жатса да, коомчулук жактан социалдык түшүнбөстүк жана колдобостук маанилүү кысым болуп эсептелет.

## 6. 'Сүйүү' баяндары

Ата-энелери демилгелеген жана уюштурган эрте никелешүүлөрдөн башка, биздин маалыматтарда, жаш жубайлар өздөрү демилгелеген, бир нече «сүйүү баяндары» бар. ЮНФА жана УСКнын (2016) изилдөөсүндө катышуучулардын жыйырма үч пайызы, кыздардын өздөрүнүн каалоосу жашы жете электе никеге туруунун негизги фактору катары белгиленген. Алардын бир нечеси төмөндө көрсөтүлгөн,

> *1-окуя. Он төрт жаштагы кыз жана жыйырма алты жаштагы эркек (экөө тең орус улутунда) чиркөөдөн никесин кыйышкан жана никени расмий түрдө каттоону пландаштырып жатышат. Алар кыздын он алты жашка толуп, паспорт*

*алуусун жана никеси жергиликтүү ЗАГСтан (граждандык абалдын актыларын жазуу бөлүмү) расмий түрдө никесин каттатууну күтүп жатышат. (Чүй областындагы шаар)*

*2-окуя. Бул сүйүү окуясы Талас областынын айылынан. Кыз (анда 15 жашта эле) тогузунчу класста окуп жүргөндө, күйөөсү, ошондо жыйырма сегиз жаштагы фермер менен таанышат. Алар сегиз ай жолугуп жүрүшөт, жигити күйөөгө тийүү сунушун бергенде, кыз аны кубаныч менен кабыл алат. Бирок кыздын ата-энеси, бул никеге каршы чыгышат, ошондо жубайлар ала качуу жасашып, ала качуу аркылуу кыз качып кетип, никесин кыйдырышат. Тойдон кийин алар тоодогу алыс жерге көчүп кетишип, азыр чогуу мал багып жашашат. Азыр алардын үч баласы жана ийгиликтүү бизнеси бар. Күйөөсү жаш колуктусун автоунаа айдаганды үйрөтүп койгон жана ал мобилдүүлүгүнө ыракат алууда. Ата-энеси кызы үйүнөн жигитине качып кеткенде, кызынын тил албагандыгына наараазы болушкан, бирок, жыйынтыгында, анын жашоосу менен канааттанып, кызынын жакшы жашаганына кубанышат. Ал келин сурамжылоо жүрүп жатканда, «Биз бири-барибизди сүйөбүз. Биз абдан бактылуубуз. Мага ушундай жашоо берген кудайга ыраазымын» деп улам-улам кайталап жатты. Изилдөөчүлөрдүн байкоо жазууларында, анын көздөрү сүйүүдөн жайнап турду, ал кийин, сурамжылоого бир гана себеп менен макул болгондорун айтышты: башка адамдарга өздөрүнүн сүйүүсүн айткысы келгендиктери жана алар үй-бүлөсү менен сыймыктанганы.*

*3-окуя. Нарын областындагы бул жубайлар, күйөөгө он сегиз, колуктуга он алты жаш болгондо үйлөнүшкөн. Алар жигит жергиликтүү колледжде окуп жатканда, ал эми кыз жетинчи класста болгондо сүйлөшө башташкан. Кыз тогузунчу классты бүткөндө, апасы анын Бишкекке кетүүсүн, окуусун улантуусун талап кылган. Бирок жуптардын «чыныгы сезимдери» болгондуктан, үйлөнүүгө ата-энелерин көндүрүштү. Өзүнүн варианттарын талкуулап, жаш жигит ата-энесинен аны өзүнүн сүйлөшкөн кызына үйлөнүүгө уруксат берүүлөрүн талап кылды, андай кылышпаса, Бишкекке кетип калып, эч качан келбей коёрун айтып коркутту. Азыр алардын эки баласы бар, келин медициналык колледжде окуйт, ал эми анын кайын сиңдилери балдарын карашат.*

Биз чогултkan, кыргыз заманбап «Ромео жана Жульетанын» романтикалык сюжеттерин камтыган, үч окуя эрте никелерди актабайт. Бул окуяларды канчалык жакын карасак, канчалык кылдат талдасак, алар ошончолук романтикалык мүнөзүн жоготуп жатты. «Сүйүү» деген сөздү биз капысынан тырмакчага алганыбыз жок. Биз изилдеп жаткан кыздар, өспүрүм болушчу, аларга чечимди тез кабыл алуу, ишенчээктик, кысымга тез жеңилүү, өздүк мейкиндикти издөө жана тезинен чоңоюп кетүү сыяктуу өспүрүм курак менен байланыштуу процесстер мүнөздүү болгон. Профессионалдык адабияттабаңгизат жана спирт ичимдиктерин колдонуу, курбуларынын кысымына дуушар болуу сыяктуу иш-аракеттерге алып келүүчү тобокелчиликке жеңил баш ийүү ушундай социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт. Биздин конкреттүү контекстте, тобокелчиликтүү иш-араркеттер өзүнө жашы жете электе күйөөгө тийүү, маданий-өзгөчөлүктүү алсыз баш ийүүнү камтыйт. Биздин шарттарда өспүрүм кыздар эрте никелерди реалдуу мүмкүнчүлүк жана нормалдашылган альтернатива катары кабыл алышат. Биз ошентип, кыздын никеге макулдугу олуттуу кабыл алынган «сүйүү» баяндары чындыгында негизделген чечим чыгара албаган, чындыгында жаш курагынын корголбогондугу менен, башкача айтканда баланын жаштык минимализм же импулстуулугу менен пайдалануу болуп саналат деп эсептейбиз. Ушуну сүрөттө макатында кийинки окуяны айтып берели. Он төрт жаштагы Валентина өзүнүн улуу эжеси менен урушуп кеткен, ал эжесин аны абдан катуу кармайт деп эсептейт. Андан өч алуу үчүн жыйырма төрт жаштагы сүйлөшкөн жигитине телефон чалып, аны үйүнө алып кетүүсүн суранган. «Мен анын жинине тийүү үчүн күйөөгө чыктым» дейт ал. Ар бир аң сезимдүү, чоң адам мындай импулстук ачуу келүүнү олуттуу кабыл албай, тескерисинче өспүрүмдү тынчытып, сооротуп, кайра үйүнө кетирээр эле. Бирок Валентинанын абалында андай болгон жок. Күйөөсү аны, өзүнүн үйүнө Нарынга алып келип, аны менен нике кыйдырды.

Катуу кармаган ата-энесине каршы чоңоюуну жана өздөрүнүн көз карандысыздыгын далилдөө максатындагы нике манипуляция аспабы катары колдонулганда, мындай нике тең укуктуу жуптардын бирлиги болуп санала албайт. Мындай никелер өспүрүм убактагы козголоңго барабар. Ушуга байланыштуу, айрым сүйүү баяндары, чындыгында эле, бир жагынан, ата-энесинин жоопкерчиликсиздиги, экинчи жагынан, колуктулардын өспүрүмдүк боштугу менен пайдаланып кетүү болуп жатат.

Бул жуптардын көбүнчөсү коопсуз жыныстык катнаш жана жыныстык билимдин жоктугунун курмандыктары болушканы жөнүндө тыянак чыгаруу

үчүн маалымат жетиштүү. ЮНФА жана УСК (2016) респонденттердин он жети пайызы, эрте никелердин себеби – бул өспүрүмдөр арасындагы «мөөнөтүнөн эрте сексуалдуу активдүүлүк» деп ойлошот. Биздин изилдөө да никеге чейинки өспүрүм курактагы кош бойлуулук көп учурда эрте никелердин себеби болоорун тастыктады. Чүй областындагы медицина кызматкери, кош бойлуулуктун себеби менен көптөгөн эрте никелер учурлары болгондугун айтуу менен, биздин жыйынтыгыбызды тастыктап берди. Ал өздөрүнүн кош бойлуу кыздарын алып келген көп аялдарды кабыл алат,

> *Апалар эмне болгондугун абдан кечигип билишет да, бизге ооруканага учетко тургузууга алып келишет. Ал дагы эмне кыла алат? Апасы баланы кызга үйлөнүүгө кыйнайт. Ким күнөөлүү? Балабы же кызбы, ким билет? Мындай окуялар көп. Бул көйгөй. Жаш балдар кезигишет, жыныстык жактан активдүү, кыздар кош бойлуу болушат…*

Жогоруда айтылган, Нарын областынын айылындагы 3чү «сүйүү баянынын» дагы өзүнүн сыры бар. Ал үй-бүлө келининин үч айлык боюнда бар экендигин абдан катуу сыр кылып жашырып жатканына карабай, изилдөө тобу менен бул сырын бөлүштү. Ушундай маалыматтардын негизинде, заманбап жаштар өздөрүнүн мамилелерин секс темасына тыюу салынган, тутумдук сексуалдык билим берүү жок, үй-бүлөлөр секс тууралуу ачык талкуулоону тажрыйбалабаган, сексуалдуулук көзөмөлдөнгөн, коопсуз жыныстык мамилелер тууралуу билим чектелген коомдо түзүүгө аргасыз. Ушундай шарттарда жашы эрте никелер өспүрүм куракта кош бойлуу болуп калгандыктан көбөйүүсү таң каларлык эмес.

## 7. Баштапкы аярдуулук

ЮНИСЕФдин (2012) изилдөөсү жакыр үй чарбачылыктарга караганда, экономикалык жактан жетишкен үй-бүлөлөрдө эрте никелердин болуу мүмкүнчүлүгү төмөн деп белгилейт. Биздин маалыматтарыбыз ушул жыйынтыкты жарым-жартылай колдойт жана жашы жете электе турмушка чыккан кыздарга таасир эткен социалдык-экономикалык аярдуулуктун белгиленген бир деңгээли бар экендигин келтирет. Мындай аярдуулуктун бири – эненин же эки ата-эненин жоктугу болуп эсептелет. Коом өзүнүн милдети катары мындай кыздарга аларды коргой турган, үйлүү кыла турган ылайыктуу күйөө таап берүүгө жардам берүүнү эсептейт. Бул боло турган нерседей эсептелет, анткени мындай кылбаса, ал кыздар жанын багып кете алышпайт деп ойлошот. Ушундай учурларда, өзгөчө кырдаалдарда, коом кыздын жашы жете электигине көз жумат. Төмөнкү этнографиялык жазуу ушул көрүнүштү сүрөттөйт,

> *Отуз жаштан өткөн эркек киши өзүнүн досуна «жакшы жаңылык» менен телефон чалып жатат: анын он жети жаштагы кызы күйөөгө чыгыптыр. Сүйлөшүүдөн, кыздын апасы каза болуп калгандыгы билинди, ал эми анын негизги максаты, кызды турмушка берүү жана мындан кийин кызынын келечеги тууралуу сарсанаа болбоо. Азыр ал, кызы «бузулуп» кетпегенине кубанып жатат, анткени апасынын көзөмөлдөөсү жок, так ушундай болоору күтүлөт. Ал кыздын өзүнүн жашоосу болду, эми ал жалгызсырабайт деп эсептейт. (Этнографиялык жазуу, бул сүйлөшүү маалымат топтоо учурунда угуп, жазылган. Бишкек)*

Муну ЮНФПА жана УСКанын (2016) маалыматтары тастыктайт, респонденттердин сексен алты пайызы: кыздардын нормалдуу өнүгүүсү апасынын тарбыясы жок мүмкүн эмес деп эсептешет.

Биз үй-бүлөнүн социалдык-экономикалык статусу кыздарын жашы жете электе күйөөгө берүүгө мотивациялаганын тастыктаган көп мисалдарды топтодук. Мисалы, Нарын областында жашаган, он жети жаштагы эки баланын апасы, интернатта башка жайсыз балдар менен чоңойгон. Ал мектеп-интернатты бүткөндө, жашаган жайы жана колдоочусу жок калды. Өзүнөн көп жаш улуу адамга күйөөгө чыгуу ал үчүн мындай жагдайдан чыгууга жакшы мүмкүнчүлүктөй көрүндү. Ош областынан башка он алты жаштагы, өзүнүн чоң энеси менен жашаган кыз (анткени анын ата-энеси ажырашып кетишкен), мектепти таштап, турмушка чыккан, ал муну үйдөгү депрессиялык абалдан качуу үчүн жасаган, анткени ал жаңы үй-бүлөлүк жашоо жакшы болот деп ишенген. Чыр-чатагы көп үйдө чоңойгон жана үйдөн тез-тез качып кеткен, бакма кыз эрте никенин жана өспүрүм курактагы кош бойлуулуктун гана курмандыгы болбостон, полигамдык никенин да курмандыгы болгон. Чүй областындагы башка респондент өзүнүн ата-энесинин үй-бүлөсүнө салыштырмалуу көбүрөөк камсыздалган үй-бүлөдөгү эркекке каалоосу менен чыккан. ЮНФПА жана УСКанын (2016) изилдөөсүндө калктын он сегиз пайызы бала кездеги никелерге жакырчылык себеп болот деп эсептешет. Ушундай тенденция Баткен жана Ысык-Көл областтарында жана Бишкек шаарында актуалдуу болду.

Биз жашы жете электеги никелерге алып келет деп эсептеген, башка өздүк өтүмдөрдүн арасында муундан муунга өтүүчү тенденция бар. Биз бала

кездеги никелердин арасынан, ушундай тажрыйбалар үй-бүлөлүк же муундан муунга өткөн табияты бар экендигин таптык. Ошондой эле биз, бала кездеги никелер мүнөздүү эмес жана өздүгүн аныктоо маркери болбогон, этностук топтордун арасында дагы ушуну байкай алдык. Мисалы, Чүй областындагы жашы жете электе никеге турган орус улутундагы жубайлардын жана Нарын областынын айылындагы жубайлардын үй-бүлө мүчөлөрү менен сурамжылоо жүргүзүү, колуктунун жакын туугандарынын бардыгы жаш кездеринде, абдан эрте күйөөгө чыккандарын айтып беришти.

Буга чейинки адабияттан белгилүү болгондой, эрте никелер жаш кыз-колуктулардын билим алуусуна тоскоолдук жаратат. Биздин маалыматтар бул процесстер башкача себеп-натыйжалык мамилелерде болуусу мүмкүндүгүн көрсөтөт. Биз, кыздарды күйөөгө чыгаары менен мектепти таштаганга мажбурлагандыгын гана көрбөстөн, жаман окуган кыздар дагы, мектептен чыгарып жиберген кыздар дагы, жашы жете электе күйөөгө чыгып кетүү ыктымалдыгы бар экендигин көрдүк. «Же окуу, же күйөөгө тийүү» деген кеңири тараган ишенимдүүлүккө ылайык, күйөөгө тийүү мектепти окубай таштап койгон кыздар үчүн кадимки жана жалгыз альтернатива болуп эсептелет.

Кейс стади #2:

## Бала кездеги нике: күйөөгө тийүүнүн жана мектептен чыгарып жиберүүнүн себептик байланыштары эки багытта тең иштешет. Бишкек

Он жети жашагы Лира – үй-бүлөдөгү беш кыздын улуусу. Анын апасы жумушка чыкканда, кичүү сиңдиси бир жашка да чыга элек эле, ошондуктан Лира толугу менен аны жана башка сиңдилери жөнүндө кам көргөн. Лира он төрт жашка толгондо, мектепти таштап койду, ал ушуну, окууну жана сиңдилерин багууну кошо алып жүрүү жетишпегендиги менен түшүндүрдү. Мектепти таштагандан кийин, ал тааныган, он сегиз жаштагы кошунасына турмушка чыкты. Ушул окуяны ал мындай деп эстеди,

*Биз тез-тезден кезиге баштадык, кечкисин бири-бирибизге телефон чалып турчубуз. Бир күнү үйлөнүүнү чечтик. Мен кичинекей болчумун, ошондуктан «Ооба» деп жооп бере берчүмүн. Анан ал өзүнүн ата-энесине айтты да, менин ата-энеме айтуумду суранды. Мен апама айтканда, ал мени сабап койду да, жинди болбо деди. Алар [анын ата-энеси] бир күнү келишти, апам аларга жөн гана сөйкө салып койгула деп айтты [бул кызды расмий түрдө кудалап койгондорун түшүнүрөт]. Эки-үч күндөн кийин алар сөйкө алып келишип, кулагыма салып, мени алып кетишти.*

Бирок бул нике көпкө созулбады. Лира эмне болгонун мындай деп түшүндүрдү,

*Үйлөнгөндөн кийин биз кайын энем менен жашадык. Алан [анын күйөөсү] арак ичип баштады, анан биз ажырашып кеттик. Биз урушуп кеттик, мен апамдыкына кетип калдым, бул жерде жашап, балдарды багып жатам. Ошондон баштап өзүмдүн үйүмдө жашайм. Анын ата-энеси да арак ичишет, ал жакшы билим алган эмес, ал арак ичип алып, менин ата-энеме мас абалында келет… Эми биз телефон аркылуу гана сүйлөшөбүз. Жазында кайра чогуу жашайбыз деп айтты. Мен эки балам менен дайыма эле ата-энемдин үйүндө жашай бербейм да. Мен өзүнчө бөлүнүп кетип, жашашым керек.*

Сурамжылоого катышып жатканда (2016-жылдын экинчи айы) Лиранын эки жаштагы баласы жана беш айлык боюнда бар эле. Ал апасына үй жумуштары боюнча жана өзүнүн төрт сиңдисин карап, ата-энесинин үйүндө жашачу.

Артка кайрылып, Лира кыялданат, «Азыр мен он биринчи класста болмокмун жана университеттин экономика факультетине тапшырмакмын». Ал мектепте жакшы окуучу жана мугалимдери кайра мектепке чакырышкан, бирок ал экинчи баласы менен кош бойлуу болуп калган. Лира баласынын төрөлүшүн күтүп, баласы бир аз чоңойгондо, чач тарачтар курсуна барат.

Бул жубайлардын никеси болгон, бирок никесин ЗАГСта расмий түрдө каттаткан эмес. Ал ушуну өзүнүн паспортунун жоктугу менен түшүндүрдү. Жыйынтыгында, алардын баласынын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок…

## 3.2
# ЭРТЕ НИКЕЛЕРДИН КЕСЕПЕТТЕРИ

### 1. Бардык жерде бар болгон тобокелчилик

Дагы бир маалыматтар колуктуу болууга мыкты талапкерлер үчүн айтылбаган атаандаш рухтун болуусу жетекчиликке алынган жүрүм-турум мүнөздүү болгон жаш жигиттер тарбияланган үй-бүлөлөрдүн иш-аракеттерин сүрөттөгө жардам берет. Жаш кыздар, айрыкча айылда жашагандары, ала качылуу тобокелчилигине дуушар болушат[6]. Потенциалдуу күйөө балдардын үй-бүлөлөрү көбүнчө «жетишпей калуудан» жана болочоктогу келинин шамдагайыраак конкуренттерине алдырып жиберүүдөн коркушат. А түгүл кудалап койгон кыздар дагы, башка баланын ала качуусунан дайыма эле кутула албайт. Кыздарга карата токтобогон мергенчиликтин атмосферасы жана белгисиздиктин жогорку деңгээл, жигиттерди аракет кылууга түртөт, башкача айтканда, башкалар алып кете электе, эң жакшы кызды «кармап алып» кетүү керек. Кыздардын үй-бүлөлөрү, кызын тааныбаган, каалабаган адам алып кетээринен коркуп, эрте болсо да, өздөрү тааныган адамга күйөөгө берүүгө шашылышат. Ушундай учурда алар эки жаман нерседен, кайсынысында кырдаалды аз да болсо көзөмөлдөөнү сактай алган мүмкүнчүлүктөрү бар болсо, ошону тандап алууга аргасыз болушат. Баткен областында жашаган эркек, башка бала ала качып кетүүсүнөн коркконунан, он алты жаштагы мектеп окуучусу болгон кызды ала качып алууну чечти. Ал он сегизге чыгуусун эмне себептен күтпөгөндүгүн мындай деп түшүндүрдү:

«Биз сүйлөшүп жүрчүбүз, анан ... мен дагы эки бала ага жабышып жүргөндөрүн көрдүм. Силер билесиңерби, биздин айылда неме... кыз ала качуу бар...».

Анын аялы сөздөрүн тастыктады, «Ал мени башкалар ала качып кетпесин деп, ала качып кетти».

Атандашуу руху жана «жетишпей калуу» коркунучу ушунчалык күчтүү болгондуктан, кызды ала качуу стратегиясы ала качуу мүнөздүү эмес дагы жамааттардагы эркектер тарабынан да колдонулат. Чындыгында эле, жогоруда сүрөттөлгөн эркек этносу боюнча тажик эле. Бирок ал өзүнүн кадамын, колуктусу түрк экендигин, түрк жамаатында ала качуу кеңири тарагандыгы менен түшүндүрөт.

Коопсуздук коркунучу жана кырдаалды көзөмөлдөөнүн жоктугу, буга чейин болуп келген, кудалап койгондон баштап никеге турганга чейинки убакытты созуу стратегиясын пайдасыз кылат. Кээ бир үй-бүлөлөр кыздарынын эрте турмуш куруу беделинин жана колуктунун абдан жаш экендигине санаркоонун ортосундагы теңдикти кармап калуу үчүн, бул стратегияны колдонгондугун көрдүк. Күйөөсүнүн үйүнө алып кеткенге чейин, кыздын «чоңойуусуна» убакыт берилчү. Бирок, биз бул ыкма жогоруда келтирилген себептердин айынан улам, актуалдуулугун жоготкондугун көрдүк. Жашы 18ге жете элек колуктунун атасы, «элге уят болбоо үчүн, кудалашып эле, мүмкүн болушунча тезирээк үйлөнүү тоюн өткөрүп коюш керек, анан тынч жашай беришсин. Бизге ушундай тынчыраак болот» (Ысык-Көл областындагы айыл).

Тилекке каршы, бардык жерде жашаган калк, турмушка чыкпаган кыздын жашоосу болбой калганына ишенишет экен. Алардын кызы менен ушундай болуп калат деген коркунуч, көптөгөн үй-бүлөлөргө түрткү берүүчү фактор болуп калган. Биздин кийинки параграфта ушул коркунучтар эрте никелерди кантип түбөлүккө калтыраарын сүрөттөйбүз.

### 2. Билим алууга жетүү

Күйөөнүн үй-бүлөсү үчүн келиндин мектепти бүтүүсү, университетке тапшыруусу маанилүү эместиги түшүнүктүү болду. Алар келинин билим алуусуна каражат салгылары келбейт. Көп учурларда, айрыкча айылдарда, келин аткаруучу жумуштар мектеп аттестатын же университеттин дипломун талап кылбайт. Андан сырткары, мектепке же университетке баруу, кыздын күйөөсүнүн үйүнөн сыртка чыгып келүүсү жана коомдук жайларда болуусу күйөөсү бар, жаш келиндер үчүн уруксат берилбеген нерсе болуп эсептелет. Мындан сырткары, күйөөсүнүн үй-бүлөсү келин билими менен, жетишкендиктери менен күйөөсүнөн жогору болуп калса, нааразычылыкта болуп калуусу мүмкүн.

6 ЮНФПА жана УСКанын (2016) изилдөөлөрүндө респонденттердин он бир пайызы Кыргызстандагы эрте никелешүү кызды ала качуунун кесепетинен болот деп эсептешет

Анткени бул көбүнчө салттык патриархалдык үй-бүлөлөргө мүнөздүү эмес. Бир кыз окусун улантпаганынын себебин айтты, «ал (күйөөсү) мага, «мен окубаган болсом, сенин деле окуганыңдын кажети жок» деген (Ош областындагы айыл). Биз изилдеген эки гана учурда күйөөсүнүн ата-энеси келиндеринин окуусуна макул болуп, аларга жогорку билим алууга мүмкүндүк берген. Анын бирөөндө, күйөөсү үй салгандан кийин, кайын энесинен бөлүнүп жашап, өзүнүн апасы балдарын карап бергенге макул болгондуктан улам ишке ашты.

Билим деңгээлинин төмөндүгү жана кесиптик көндүмдөрдүн жоктугу, каалаган жумушун таап иштөөгө жолтоо болот. Бир гана кыз-колуктудан башкалары мүмкүнчүлүктөрүн жоготкондугун өкүнүү менен айтышты. Албетте, баарына чоң өкүнүү, бул билим албай калгадыгы. «Азыр мен өкүнөм. Абдан өкүнөм. Андан көрө мен азыр мектепте окусам болмок» дейт Нарын областындагы айылдардын биринде жашаган кыз. Экономикалык көз карандылык - анын наарazычылыгынын булагы:

> *Мен ашпозчунун окуусун окугам, бирок бүтпөй калгам. Турмушка чыккам. Мен бул тууралуу өкүнөм. Окуумду бүтүрүшүм керек болчу. Эми менин кичинекей балдарым бар, мен бакчага иштегим келген, алар мага, менин дипломум жок болсо, мени ала алышпаганын айтты. Мен азыр окуп, акча таап, апама жардам бермекмин. (бала кезде турмушка чыккан кыз, Ысык-Көл областындагы айыл)*

> *Мен өзүм үчүн иштегим келет, өзүмдү өзүм кийинткем келет... [...]. Апашкам [кайын энеси] мага жана Рахатка [анын күйөөсү] баарын алып берет. Мен күйөөмө [мага керектүүлөрдү] айтам, биз базарга барып, тандап, сатып алабыз. Мен өзүм акча таап, апама жана сиңдиме жардам бергим келет. Мен окуп, кайрадан эркин болгум келет (бала кезде турмушка чыккан кыз, Нарын областындагы айыл).*

Басмырлануу жана жашоосунун төмөн деңгээли экономикалык көз карандалыкты толуктап турушат. Келиндердин короткон акчалары катуу көзөмөлдө болот, алар өздүк гигиена жана ички кийим сыяктуу нерселер сатып алууга акча сурап, алып туруулары керек. Кайындары менен мындай сатып алуулар жөнүндө сүйлөшүү алардын үйрөйүн учурат, ошон үчүн алар көп учурда ушундай зарыл буюмдардан баш тартышат. Ушундай жагдайлар экономикалык жана финансылык зомбулук болуп эсептелип, кыз-колуктулар жашаган үй-бүлөлөрдө көп кездешет. Ушундай нерсе кыздардын акчаны туура колдоно албайт деген ойлордон келип чыгат. Изилденген учурларда биз жаш келиндин күйөөсүнүн үй-бүлөсү тарабынан экономикалык жана финансылык экспуатацияланышын кезиктирдик, алар анын тапкан акчасын толук көзөмөлгө алышкан,

> *Розаны абдан жаш кезинде ала качып кетишип, тааныбаган эркекке кыйнап күйөөгө беришкен. Аны күйөөсүнүн үйүнө алып келишип, ал ошол үйдө ал кишинин апасы, анын ажырашып келген эжеси жана эжесинин балдары менен жашап калган. Азыр Розанын моюнунда тамак даярдоо, үй жыйноо, бардык үй-бүлө мүчөлөрүнүн кирлерди жуу турат. Кайын энеси аны өзүнүн курбусунун фирмасына орноштуруп, келинин иштегендеги айлык акысы келинине берилбестен, өзүнө берилгендей кылып уюштуруп алган. Каржы ресурстарын көзөмөлдөөнү башкаруу менен, бул келиндин кайын энеси, аны күн сайын иштетет. Күндө эртең менен келинин жумушка жөнүп жатып, ал түшкү тамагына жана жолуна элүү сом берет. Бул акча жолу менен тамагына араң жетет. Изилдөө топтун байкоосуна караганда, Роза абдан кыйналып, арыктап, басырылып, маанайы пас болуп кеткен. (Баткен областындагы айыл)*

Биздин окуяларыбыздын биринде, көп жаш улуу болгон күйөөсү аялынын жаш курагы тууралуу нааразычылыкта болгондугу менен бөлүштү. Анын сөздөрү боюнча, аялынын туугандары менен мамиле куруу ага абдан оор, аялынын аталаш эже-агалары деле ага теңтуштай мамиле кыла беришет, анткени анын статусу кичүү сиңди/карындашынын күйөөсү болуп жатат, анын улуу жаш курагына карабастан, ал аларга «күйөө бала». Ошондой эле, аялын «тарбыялаганга» абдан көп убакыт кетээрине даттанды. Бул респондент, башка эркектердин жашы жете элек кыздарга үйлөнүүсүн сунуштабайт,

> *Андан көрө өзүңөрдөн эки-үч жаш кичүү кыздарга үйлөнгөнүңөр жакшы. Анда алар чыдамкайыраак болушат, алардын руху жетилип, күйөөсү менен бир деңгээлде ойлонушат. Менин аялым абдан жаш болгондуктан, узун тойлорго чыдай алчу эмес. Же биз ата-энебиз менен чай ичип, ал чай куюп жатканда, столдун четине отуруп алып, уктап калчу. Мен абдан уялчумун. Менин ата-энем мага өзүң чай куй деп айтышчу. Мага бул жакпайт, эмне үчүн үйлөндүм, эгерде өзүмө чай куюга туура келип жатса? (Ысык-Көл областындагы айыл)*

Албетте, бул учурда патернализмдин маанилүү деңгээлин көрүп турабыз. Ушул үй-бүлөдө дайыма болуп туруучу үй зомбулугу бар экендиги таң калычтуу эмес.

## 3. Саламаттыкты сактоого жетүү

Үй зомбулугунун байкалбаган формасы, бир нече бала кездеги никелерде кезикти, ал тоотпогондук. Биздин маалыматтар, бизге жашы жете элек келиндерине
барган үй-бүлөсү саламаттыкты сактоо мекемелеринин кызмат көрсөтүүлөрүнө жетүүгө мүмкүнчүлүк бербегендери, кыздардын медициналык көйгөйлөрү болсо, укмаксан-көрмөксөнгө салып коюшкандарын көргөздү. Саламаттыкты сактоо кызматтарына жеткиликтүүлүк жаш келиндердин өздөрүнүн ден-соолуктары тууралуу билиминин төмөндүгү жана кайын энелеринин тоскоолдугу менен ушундай деңгээлге түшкөн. Чүй областындагы гинеколог сурамжылоодо көп кезигүүчү окуяларды сүрөттөп берди, «жаш кайын эне өзүнүн кош бойлуу өспүрүм-келинин алып келет. Биз андан «Эмне болду?» деп сураганда, ал «мына, келин алсак, аябай жаш болуп, эми эмне кылаарыбызды билбей жатабыз...» дешет». Ушундай жагдайларда, кайын эне саламаттыкты сактоо маселелеринде өзү сабатсыз болсо, жаш кыздардын ден-соолуктарына зыян келээр тобокелчилиги жогорулайт. Келиндерди докдурга кайын энелери алып келишет, эгерде кайын эне муну туура көрбөсө, анда бул кыздардын кесипкөй антенаталдык (баланы төрөлүүсүнө чейинкиге чейин көзөмөлдөө) кызматты алууга жолу жабык болот. Аялынын ден-соолугуна даттанганы апасынын көңүлүн буруусуна татыйбы деп ойлонуп, чечимди күйөөсү биринчи чыгарат, андан кийин келиндин кайын энеси докдурларга алып баруусу үчүн жагдай олуттуу экендигин чечет. Мындай эки жолу чечим кабыл алуу дагы көп кезикчү корүнүш. Албетте, кыздардын кайын энелери көп учурда келиндеринин ден-соолугуна кам көрүшөт, бирок бизге келининин ден-соолугуна кайдыгер караган бир нече жагдайлар кезикти. Өзүн-өзү начар сезип, курч, олутту оорулар пайда болмоюнча, мисалы, каны кетип баштамайынча, үй-бүлө догдурга алып барганга шашылышбайт. «Эгерде биринчи жолу көйгөй болбосо, эмне үчүн экинчи жолу болушу керек эле?» деген түшүндүрүүнү, эч кандай чара көрүлбөгөн учурларда, биздин маалыматтарда кезиктире алдык. Төмөндө биз конкреттүү мисалды келтиребиз:

> *Мен кош бойлуу элем жана огороддо иштеп жатып, өзүмдү жаман сезип калдым. Алар мага өтүп кетет деп айтышты. Кан кетип баштаганда, мен алардан докдурга алып барууларын сурандым, бирок алар, өзү эле токтоп калат дешти. Мен көчөгө чыктым, мени биздин кошунабыз көрүп калды. Ал киши үйгө келип, аларды кыйкырып уруша баштады. Алар мени докдурга алып барышты [Бул респонденттин ошол окуяда баласы боюнан түшүп калган] (кыз-колукту, Баткен областындагы айыл)*

Бул, үй-бүлөсүнүн саламаттыкты сактоо кызматтары менен колдонго мүмкүнчүлүк бербеген, үй зомбулугунун мисалы. Ушундай сыяктуу окуялар да биздин изилдөөбүздө кезикти. Бир абдан ырайымсыз эпизод биздин изилдөөчү топту таң калдырды. Он алты жаштагы кыздын күйөөсү, толгоосу башталган кезде, аны төрөт үйүнө алып баруудан баш тартты, анын ойу боюнча, аялы «абдан катуу кыйкырган эмес». А түгүл күйөөсүнүн апасы дагы баласынын аялына кам көрбөгөнүнө таң калган:

> *Мен Рустамга тез жардамга чал дедим. Ал мага, «жок, ал чын эле катуу кыйкыра баштаганда, ошондо чалам». Мен андан, «эмне үчүн күтүшүбүз керек? Ал кандай кыйкырыш керектигин сен кайдан билесиң?» дедим. Мен болбой, көгөрүп аны докдурга алып баргам.*

Келиндердин бала төрөөсүн каалап, күткөндүн жана анын ден-соолугуна кам көрбөгөндүн бири-бирине дал келбегендиги таң калтырат. Күйөөсүнүн үйүнө алып келгенде эле, келининин кош бойлуу болуусу күтүлөт. ЮНФПА жана УСКанын (2016) изилдөөсүндө сурамжлангандардын сексен пайыздан көбү он сегиз жаштагы кыздардын денеси кош бойлуу болууга даяр эмес жана эрте никелер кыздардын ден-соолугуна зыянын тийгизет деп эсептегиндигине карабай, ушул респонденттердин жарымынан көбү кыздар турмушка чыгаары менен бала төрөөсү керек деп ойлошот.

Келин тун баласын төрөгөн соң, кысым токтобойт жана андан жок дегенде экинчи жолу боюнда болуусун күтүшөт. Ошентип, аялдын, ошондой эле келиндин ийгилиги, ал төрөгөн балдардын саны менен өлчөлөт, ал эми укум-тукумун көбөйтүүгө болгон кысымы – кыздардын үй-бүлөсүндөгү туруктуу компаньону болуп саналат. Биз изилдеп жаткан учурлардын биринде да медиктер тарабынан сунуш кылынган «тыныгуу» тууралуу укпадык. Төрөгөнгө чейинки кам көрүү деги эле болбойт жана алыскы райондордо жашаса таптакыр эле зарылдыгы жок деп эсептелинет. Баланын төрөөлөрдүн ортосундагы кыска аралыктар мөөнөтүнөн эрте төрөт, төрөлгөндө ымыркайдын аз салмактуулугу сыяктуу башка татаалдашуулар ден-соолукка тобокелчиликтерди алып келүүсү ыктымал. Мындан сырткары, үй-чарбасындагы жумуштун саны улам жаңы бала төрөлүүсү менен көбөйөт, ал эми ал жумуштар аялдын моюнуна жүктөлгөн бойдон кала берет. Денесинин чарчап,

жабыркаганы ден-соолукка кошумча көйгөй алып келет.

Бала төрөбөгөндүк жаш келиндин моюнуна оор жүк катары жүктөлүп, алгачкы алты айдын ичинде кош бойлуу боло албаган келиндер үчүн психологиялык «шишик» болуп саналат. Биздин респонденттерибиздин эң жаштары көбүнчө бойго бүтүү көйгөйүнө дуушар болушкан. Ушундай жагдайларда биз сурамжылаган ар бир үй-бүлө мүчөсү, бүт үй-бүлөнүн негизги көйгөйү катары сөзсүз түрдө бул жөнүндө сөз кылышты.

Жашы жете электеги никелердин шарттарында, репродуктивдик тутумдун бышып жетиле электиги, психологиялык стресс (коркунуч, уялуу, оору), үйүн сагынуу жана башка адаптациянын маселелери сыяктуу көйгөйлөр жаш келиндердин эмне себептен кош бойлуу болбой жаткандыгын түшүндүрөт. Кыздар ушуну элдин арасында айтылган сөз айкалыштары менен түшүндүрүшөт, «менин маткам кармабайт» деп, ошентип айлампада жүрө беришет, бул өз кезегинде боюнда болуунун физиологиялык жана психологиялык жөндөмсүздүгү, аялдын репродукциялык ийгилигине жагымсыз таасир тийгизүүчү стресс жагдайга кайрадан алып келет.

Биздин бир нече респонденттерибиздин кош бойлуулуктун ар кайсы стадиясында боюнан түшкөн. Мүмкүн бул, кош бойлуулук жана төрөт, кыздардын үй милдеттеринен бошотпой эле, тескерисинче көбөйтөт. Келиндердин, айрыкча элеттик жашоо шартында, күнүмдүк милдеттери кара күч эмгекти (мисалы, чакалап суу таашууну, суукта колго кир жууну, чоң топодон жасалган тандырларда нан жабууну ж.б.у.с.) талап кылат, ошол жумуштарды тынымсыз аткаруу келиндин ден-соолугун бузуп, баласын ай-күнүнө чейин көтөрүү мүмкүнчүлүгүн бербейт.

Жакыр жашаган үй-бүлөлөрдө изилдөө тобу жаш келиндердин арасынан анемиянын белгилерин, негизинен, азык-түлүк коопсуздук коркунучун байкаган. Изилдөөчүлөр ушундай үй-бүлөлөрдө тамактын ар түрдүүлүгү болбогондугун, күнүмкү рациону, негизинен, нан, варенье, чайдан тураарын байкашкан. Алар кээ бир келиндердин алы кетип калганын байкашкан. Айрыкча бизди, Нарын областынын айылында көргөн, он алты жаштагы кыз жана жыйырма беш жаштагы эркектин ортосундагы эрте никени изилдеп жүргөндө, бир жагдай таң калтырган. Жубайлар чакан, эмереги жок үйдө күйөөсүнүн апасы менен жашачу. Ошол убакта келин экинчи баласы менен кош бойлуу болчу, анын биринчи баласы абдан кичинекей болчу. Күйөөсү дагы, өзү дагы расмий түрдө иштечү эмес, үй-бүлөдөгү жалгыз багуучу күйөөсүнүн апасы эле. Төмөндө ошол кыз менен болгон сурамжылоодон үзүндү келтиребиз, кыздын атын шартту түрдө Зарина деп атадык,

> *Зарина: Мен дайыма жаман болом, тамак ичким келет.*
> *Сурамжылоо жүргүзүүчү: Сен өзгөчө бир нерсе жегиң келеби? Кычкылдыбы же таттуунубу?*
> *Зарина: Жок, мен жөн гана тамак ичким келет. Мен азыр дагы тамак ичким келип жатат.*
> *Сурамжылоо жүргүзүүчү: Токсикозбу?*
> *Зарина: Мен андан [күйөөсүнөн] мага бир нерсе ала кел деп суранганда, ал мага акча болсо, ала келет... Мен эжемдикине баргып келип жатат. Ал манты*

Ушул сурамжылоо бүткөндөн кийин, жубайлар изилдөөчүлөргө чай берип жатышканда, жумуштан кыздын кайын энеси келип калды. Келин кайын энесинен эмне алып келгенин кызыгып сурады, ал эч нерсе алып келбегендигин айтканда, кыз капа болуп калды. Жыйынтыгында кыз нан менен варенье жеп, чай ичип алды. Изилдөөчү топко, бул үйдө кыз тамактануунун адекваттуу деңгээлин ала албагандыгы түшүнүктүү болду да, кыз тамакты тойо жебегендиги билинди.

Ушундай үй-бүлөдөгү жаш келиндер татаал абалда болушат. Бир четинен, алардан балдарды төрөө күтүлөт, экинчи жагынан карап көрсөк, алардын ден-соолугуна жана бакубаттулугуна зарыл болгон колдоо көрсөтүлбөйт. Ушундай жагдайлардын жыйынтыгы төрөлгөн ымыркайларга кандай таасирин тийгизээри тууралуу маалымат топтобосок дагы, буга чейин топтолгон көптөгөн булактардан, кош бойлуу аялдардын арасында тоё жебегендик, ошондой эле үйдөгү жумуштун эбегейсиз чоң көлөмү баланын өнүгүүсүнө жана эненин ден-соолугуна терс таасирин тийгизээрин билебиз. Ушундай жагдай өлкөдөгү жана КМШ өлкөлөрүнүн арасында эненин өлүмүнүн көрсөткүчтөрү абдан жогору болгон контекстте болуп жаткандыгын белгилеп кетүү маанилүү. Биз тараптар чогултулган материалдарда эне өлүмүнүн бир гана учуру камтылгандыгына карабастан, учурлардын көбүндө респонденттердин сөздөрүндө сыздоо жана азап чегүү сезимдери белгиленген.

3.3

# ФОРМАЛДЫК ЖАНА ФОРМАЛДЫК ЭМЕС УЮМДАРДЫН РОЛУ

### 1. Медициналык кызмат көрсөтүүлөр жана саламаттыкты сактоонун кызматкерлери

Эрте никелер көйгөйлөрүн чечүүдө медициналык институттардын ролунун маанилүүлүгү белгилеп кетүү зарыл. Медицина кызматкерлери, айрыкча гинекологдор, дендин сактыгы менен байланышкан маселелер менен, кээ бир учурларда кыз-колуктулардын психологиялык бакубаттуулугу менен түздөн-түз иштешет.

Алмаштырылуучу карта кош бойлуу кардардын абалы жазылуучу клиникалык жазуу болуп саналат, ал медициналык жардам сурап келген ар бир кыз-келинге ачылып, тууралуу бардык маалыматтарды камтыйт. Ошондой эле, ал тутумдук идентификациялоодо жана бала кездеги никелердеги өзгөчө жагдайларда өзүнчө чечүүгө пайдалуу аспап болуусу ыктымал. Ушул изилдөөдө, биз медицина кызматкерлери менен тереңдетилген сурамжылоолорду жүргүздүк жана алар эрте никелерге кандай көз карашта экендигин, аларга кандай кызмат көрсөтөөрүн билдик.

Биз сурамжылоо жүргүзгөн бардык медицина кызматкерлери өспүрүм учурдагы кош бойлуулук темптеринин өсүшүн баса белгилешти. Алардын бири:

«Мындай, он алты, он жети жаштагы кыздар абдан көп. Бул жаңы тенденция. Алар көп жана көбү кош бойлуулукту сактап калышат» (Чүй областындагы шаар).

Бардык сурамжыланган медицина кызматкерлери, эрте никелерге карай эки жактуу позицияны карманат. Түз суроого жооп берип жатып, алар терс позицияда турушат да, аны медициналык тилде мындай факторлор менен түшүндүрүшөт: психологиялык жана физиологиялык «желибегендик», «медициналык көйгөйлөр», «уурдалган балалык» ж.б. Негизинен алар, эрте никелерди «нормалдуу адамдар нормалдуу жагдайларда мындай кылбайт» деп эсептешет. Мисал катары, бир медициналык кызматкердин сөзүн келтирели: [бала кездеги никелер] бул аргасыз кылынган чара. Кайсыл гана болбосун эне да, ата да, ата-эне да, «ай, кое тур, азыр сага абдан эле эрте» деп айтышат. Бул жаш балдар эне же ата болууга даяр эмес, анткени алар өздөрү бала» (Чүй областындагы шаар). Башка медицина кызматкери, «алар эрте үйлөнбөшү керек. Мен, биринчи окуп, билим алып андан кийин үйлөнүү керек деп эсептейм. Мындай кылбаса, ал кайда жашайт, кайда иштейт, кантип жашайт?» (Чүй областы, айыл өкмөтү)

Ошентсе дагы, биз суроону кыйыр түрдө, жымсалдап бергенде, буга чейин айтылган терс көз караштардын принципиалдуулугу төмөндөдү. Бул айкын байкалаган, тажрыйбасы бар медициналык кызматкер менен болгон сурамжылоодо үзүндү келтиребиз:

> *Бала төрөө курагы - 18 ден 49 жашка чейин. Эгерде аял 18 жашка чейин денеси даяр болсо да, психологиялык жактан ал даяр эмес. Ал толугу менен эне болууну сезе албайт. Бирок, айрымдардын колунан келет жана алар нормалдуу үй-бүлөлөрдө жашап, толук кандуу эне боло алышат (Чүй областы)*

Башка сурамжылоодо биз гинекологдон, ал жакын тууганына он сегизге толо электе күйөөгө чыгуусуна уруксат береби деген сурообузга, ал токтолбостон төмөнкүдөй жооп берди, «ал кандай үй-бүлөгө түшөөрүнө байланыштуу болоп». Медицина кызматкерлери «нормалдуу» жана жайсыз үй-бүлөлөрдүн арасындагы бала кездеги никелердин ортосундагы айырмачылыкты так аныктап турушат. Медицина кызматкерлеринин ушундай эки жакту мамиле кылуусу алар муктаж болгондорго көрсөткөн медициналык жардамдын сапатына жана санына таасир этет.

Догдурлар, акушерлер жана медайымдар үчүн кош бойлуу өспүрүмдөр, кош бойлуулугу нормалдуу өтүп жактан учурда дагы, айрыкча төрөт учурунда, кошумча кыйынчылыктарды жаратат: төрөткө чейинки, төрөттөн кийинки татаалдашуулар жана жашы жете электердин татаал төрөттөрү.

Биздин респонденттер ушул категорияларда, башкалар менен кошо, кууш жамбаш, баланын туура эмес жатуусу, кансыроо, үчүнчү триместрдин

токсикозу жана денесинин жетилүүсүнүн жалпы деңгээли сыяктуу медициналык татаалдашууларды айтып беришти. Жашы жете элек энелердин арасында төрөлгөн баланы реанимациялык шарттарда кароо зарылчылыгы пайда болот.

Сурамжыланган гинеколог-врач бир тенденцияны белгиледи, «жашы жете элек кыздар ар дайым кеч (учетко) турушат. Бул көйгөй». Ушундай иш-аракет гана эмес, алмаштырылуучу карта сыяктуу документтеринин жоктугу да эрте диагностикалоону жана алдын-алууну, медициналык кызмат алууну кечеңдетет, анткени врачтын керектүү маалыматтын жок болот.

Бир респонденттин сөздөрү боюнча, врач-гинеколог «биз обменканы карайбыз. Анын обменкасы жок. Ал эч качан учетко турган эмес, аны бир дагы врач көзөмөлүнө алган эмес, УЗИси дагы жок» (Чүй областындагы шаар).

Алмаштырылуучу карта (Обменка) – бул милдеттүү документ, кайсыл болбосун догдур же акушер көрүү же дарылануууну алып барса, ал обменкасынын туура толтурулуусуна карайт. Эгерде обменка жок болсо, алар бул функцияны аткарышат да, буга абдан көп убакыт кетип калат. Бишкектин четинде жайгашкан ооруканадагы бир врач-гинеколог түшүндүрүп жатат,

> *Биз алардан [өспүрүм кош бойлуулардан], “Сен мектепте окуйсуңбу? Сен мектепти бүтүрдүң беле?” деп сурайбыз. Бул кыздар мектепти бүткөн эмес! Алар жети же төрт гана класссты окуп бүтүшкөн. Алардын арасында сабатсыздар дагы бар. Алар жазганды билишпейт. Алар учетко туруу үчүн форманы толтурушу керек. Алар муну өздөрү жасашы керек. Аларды врачтар көзөмөлдөөсү үчүн, учетко турганга макулмун деген кол коюшу керек. Алар өздөрү жазышы керек. Биз ал форманы кыргызчага которуп, ар бир суросун түшүндүрүүгө мажбур болобуз. Биз аларга өздөрүнүн фамилияларын кантип жазууну көрсөтөбүз. Алар жада калса фамилиясын да жаза алышпайт…*

Ушул учурда медициналык кыматкер каттоочунун, мугалимдин, котормочунун, үйрөтүүчүнүн функцияларын аткарууга мажбур болот. Ушундай «күтүлбөгөн» жаңы милдеттер врачтарды негизги жумушунан алагды кылат, жумушунун натыйжалуулугун төмөндөтөт.

Ошондой эле, медицина кызматкерлеринин арасында кыз-келиндерге жана кош бойлуу өспүрүмдөргө карата эмпатиянын төмөндөшү байкалууда, бул алар тараптан көрсөтүлгөн медицанылык кызматтардын сапатына таасир этет. Ушундай айыптоо мамиле менен алар кош бойлуу өспүрүмдөрдү дарылайт. Алар кыздарды «туура эмес жүрүм-туруму үчүн» жазалагысы келип жаткандай ой кетет. Дагы догдур менен сурамжылообузда, биз өспүрүм кош бойлуулар менен канчалык деңгээлде адамкерчиликсиз мамиле кылаарын көрдүк,

Биз деталдарына киришпейбиз. Мен жөн гана ага, аборт кыла турган болсо, түбөлүккө тукумсуз болуп калаарын айтам. Мен ага, боюңдан түшүшү же кансыроо башаталышы мүмкүн, ошондо матканды алып салабыз деп айтам (Чүй областындагы шаар)

Ушундай сүйлөшүү, кызматкердин түшүнүү жана достук менен мамиле кылуусун тастыктабайт. Тескерисинче, бул үзүндүнү догдурдун бейтаптын санаркоосуна, коркунучуна, каалосуна терс жана кош көңүл мамилесинин демонстрациясы катары натыйжалуу колдонсо болот. Кандайдыр бир деңгээлде ушундай мамиле, «ошол окуяга кандай түшсөң, ошондой чыгып ал» деген түшүнүктү берет. Дагы бир кайгылуу окуя (3-кейс стади) жазылуусу керек, анткени медициналык кызматкерлердин стереотиптерин жана ишенимдерин айкын көрсөтүп турат да, этикалык эмес жүрүм-турумдарын, кайдыгер мамилерин көрсөтөт, ал аз келгенсип драмалык кесепеттерге алып келет.

Кейс стади #3:

## Өспүрүм жаштагы кош бойлуулук: репродуктивдик тутумдун иштебегендиги жана ооруканада дарылануу

25 жаштагы Константин менен таанышканда, Валерия 14 жашта эле. Алар сүйлөшүп жүрүшүп, үйлөнүп алышты, негизинен, экөөнүн жашындагы айырмага сарсанаа болгон Валериянын апасын тынчтандыруу максатында. Валерия көп узабай эле кош бойлуу болуп калды, бала пландалбаганы менен, аны абдан каалашкан. Кош бойлуулугунун алтынчы айында Валериянын кансыроосу башталды, Константин аны ооруканга алып келди. Валериянын жана анын апасынын айтуусу боюнча, алар келгенде, аны докдурлар карап, капельница коюшту. Капельница коюп берген медайым, жүрөгүнүн согушун тыңшап, бала менен баары жакшы жана кансыроо өтө маанилүү эмес экендигинин айтты. Ал эми докдурдун версиясы башка болчу. Валериянын айтуусу боюнча, «Докдур Т. кирди, мага колун киргизди да, чукулап көрүп, операцияга даярдоого буйрук берди. Алар мага кесарево жасашты, мен ойгонсом, бала жок экен».

Константин ооруканада болгонунда басынтууну башынан өткөрдү, врач бой көтөрүү менен, Валерия ага кереги жоктугуна ишендиргиси келди. Константин ачуулануу менен айтып берип жатты, «алар [докдурлар] биздин балабызга жакшы көңүл бурушкан жок. Билесиңерби, мен силерге дагы бир нерсени айтайын. Ооруканадагы докдур, мен Валерияны тезинен таштоомду айтты. Докдур! Ал мени таанybай туруп, мага ушундай кеңеш берди. Эмне үчүн? Мен үйдө баарын даярдап койдум, ремонт жасадым. Мен аны менен акыркы мүнөттөрүнө чейин болдум!».
Бул Т. докдурга каршы, далилдер жок, расмий арызданууга баруу шашылыш чечим болмок. Валерия врачтын көзөмөлүндө болгон эмес, анын алмаштырма картасы жок болгон. Ал болгону 14 жашта эле, ушун бардыгы аны көйгөйлүү бейтаптардын катарын кошууга түрткү берди. Анын Константинге берген кеңеши достук мамиледе айтылуусу мүмкүн, ал эми анын Валерия жөнүндө шашылыш чечим чыгаруусу акталышы мүмкүн болчу. Бирок бул иш-аракеттер, терең отурган ишенимдерди көрсөтүп турат, жыйынтыгында медициналык кызматтын сапатына таасирин тийгизет.

### 1. Ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн жоктугу

Медицина кызматкерлери менен сурамжылоо жүргүзүү бала кездеги никелердин жана өспүрүм курактагы кош бойлуулуктун көйгөйлөрүн чечүүдө жана аларга жооп берүүдө институционалдык обочолонтуу бар экендигин көрсөттү. Медперсонал башка мамлекеттик мекемелер жана кызматтар тарабынан «кызыгуунун жоктугуна» даттанышты. «Биз укук коргоо органдарына маалымат бербейбиз, анткени анын эч кандай пайдасы жок экендигин көрүп турабыз» деди Чүй областындагы шаарлардын бириндеги гинеколог.

Ушундай жагдай бул медициналык кызматкердин, саламаттыкты сактоо тутумундагы башка өкүлдөрдүн да, ачуусун келтирет:

> *Бул маселе эч кимди кызыктырбайт [бала кездеги никелер]. Советтик убакта, ушундай, он алты жаштагы, кыздар бейтапканга түшсө, милицияга маалымат берчүбүз, анткени милиция иш козгоп, ким күнөөлүү болгонун аныктачу. Бүгүн ушул тууралуу эч ким кам көрбөйт... Биз, он 16 жаштан төмөн учурдагы кош бойлуулук менен иштеген учурда гана, укук коргоо органдарына кайрылабыз. Бизде он үч, он төрт жаштагы кош бойлуу кыздар келген да учурлар бар. Ушул жагдайда биз милиция чакырабыз, бирок алар эч кандай чара көрүшпөйт. Алар эч кандай реакция кылбайт.*

Ошол эле учурда мектеп билим берүү секторунун өкүлдөрү дагы бала кездеги никелер менен байланышкан өздөрүнүн иш-аракеттерин, башкалардан обочолонгон, ал эми медициналык персоналдын аралашуусу абдан эле аз деп эсептейт. Аларга бул көйгөй менен алар гана жалгыз күрөшүп жаткандай сезилет. Төмөндө мектеп директору менен болгон сурамжылоодон үзүндү келтиребиз:

> *Эрте никелер боюнча, кандай болбосун, медициналык кызматкерлер активдүүрөөк болуусу керек. Мен алардан, «келип, маек өткөзүп бериңиздерчи» деп суранам. Алар биздин келерки муундардын саламаттыгыга кам көрүүсү зарыл. Мен Кыргызстандын ден-соолугу чың муундарын айтып*

*жатам. Алардын программасы болуусу керек, жана ошол программанын негизинде, алар мектептерге баруусу керек, окуучулар менен сүйлөшүп, жашоодон ар кандай реалдуу мисалдарды келтирүүсү керек.*

Мектептин өкүлдөрү өздөрүнүн алдын алуу жумуштарында эч кандай колдоо көрүшпөйт. Аларга, алардын жумуштары жана салымы керектүү колдоону албай, байкалбай да калып жаткандай туюлат. Аларга төлөнбөгөн, кошумча жумушту калыс эмес эле илип коюшту деп эсептешет:

*Эмнегедир мектеп мугалимдерине эрте никелер боюнча тапшырмаларды берип коюшкан, «келгиле, имамды чакыргыла, тегерек стол уюштургула, медиктерди чакыргыла, аялдар комитетин чакыргыла. Бул биздин жумушубуз эмес, бул силердин жумушуңар». Эгер бирөөлөрдө эрте нике болгон болсо, бул биздин катабыз деп эсептешет. Бирок бул биздин катабыз эмес.*

Мектептер өткөргөн алдын алуу жумуштарынын мисалын төмөнкүдө көрө аласыздар:

*«2013-жылы эки мектеп окуучусу жашы жете электе күйөөгө чыккандан кийин, биз ата-энелер, балдар, кыздардын арасында алдын алуу иштерин күчөттүк. Биз «Эрте никелер ден-соолукка зыян алып келет» деген темадагы тегерек стол уюштуруп, ага медиктеди чакырдык. Биз, ошондой эле, Шариат боюнча мындай никелерге уруксатбы же уруксат эмес экендигин билүүгө, имамды чакырдык. Ал биз жакта болду, чындыгында эле жашы жете электе турмуш куруу ден-соолукка чоң зыянын тийгизээрин, биринчи чоңоюп, гүлдөп анан жемишин берүү керектигин айтты. Маектешүүлөр эркек балдар үчүн өзүнчө, кыздар үчүн өзүнчө болду... (Мектептин директору, Ысык-Көл областындагы айыл)*

Жогорудагы цитатадан алдын алуу чаралары, айрыкча уюштуруу жана тармактар аралык өкүлдөрдү тартууда, абдан көп жумуштарды талап кылаарын көрүп турабыз. Ушундай ишмердүүлүк окууга түздөн-түз тиешеси жок, бирок төлөнбөгөн зор аракеттерди жана убакытты талап кылат. Ушундай шарттарда, мугалимдерге жана мектеп администрацияларына өз жумушун, эрте никелердин жана ала качуунун алдын алууга тынымсыз, саны боюнча жеткиликтүү убакыт бөлүү менен, алып кетүү абдан оор болот.

Мектеп окуучулары менен болгон бала кездеги никелердин, өспүрүм курактагы кош бойлуулуктардын же ала качуулардын ар бири өзгөчө кырдаал болуп эсептелет. Өзгөчө кырдаал болгондо, протокол боюнча, мектеп билим берүү башкармалыгынын жогору турган органына же райондук билим берүү башкармалыгына маалымдоосу керек. Ушул учурда, жабыркаган окуучунун класс жетекчисинин, мектептин директорунун орун басарынын түшүндүрүү каттары менен коштолгон отчет жазылуусу керек. Класс жетекчи баалар коюлуучу журналды жана ал окуучунун мектепте окуганы анык деген справканы бериши керек. Ошондой эле ушул болгон окуянын алдын алуу үчүн мектеп администрациясы кандай чараларды көргөндүгү тууралуу сүрөттөмөнүн дагы жазылуусу керек. Окуучулардын ата-энелеринин түшүндүрмө каттары дагы отчетко тиркелүүсү керек. Ушундан кийин, атайы комиссия чакырылып, акимиаттын (шаарларда райондук администрациянын) тийиштүү бөлүмүндө, Жашы жете электердин иштери боюнча Мамлекеттик Инспекциянын катышуусу менен чогулуш өткөрүлөт. Комиссия акимиаттын башчысынын орун басарынан, райондук милициянын, өспүрүмдөрдүн иши боюнча инспектордон, ата-энелерден, класс жетекчиден, завучтан турат. Класс жетекчи жана завуч мектеп эмне себептен ушундайга жол бергендигинин түшүнүгүн берет да, класстык журналды, сабакка катышуулардын баракчаларын ж.б. көрсөтөт. Социалдык педагогдор каралган окучунун үйүнө барып, алардын жашоо шартын көрүп, барганынын отчетун жазууга милдеттүү. Алар дагы окуучунун жеке кызыгуулары, жөндөмдөрү, адаттары жазылган социалдык паспортту көрсөтүүсү керек. Мектеп психологу эрте никелерди, өспүрүм курактагы кош бойлуулукту ж.б. алдын алууга кандай иш-чаралар аткарылгандыгы тууралуу өзүнүн отчетун берүүсү керек. ЖИИнин алдын алуу лекцияларынын кыска мазмунун көрсөтүүсү зарыл. Көбүнчө ата-энелерге балдарына ушундай кайдыгер мамиле жасагандыгы үчүн 300 сомдун тегерегиндеги айып салынат да, мектеп расмий түрдө сөгүш алат.

Ушундай мүнөздөгү, башка институттар тараптан кызматташтыгы жок эле, тескерисинче институционалдык кысым көрсөтүү, биз байкагандай, «шектүү» окуучулардан кутулуу сыяктуу мектептердеги мотивацияны түшүнсө болот. Биздин сурамжылоого катышкан социалдык педагог, күйөөгө тийген кыздар үчүн мектептин эшиктери жабык экендигин ачык эле айтты,

*Ал кыз күйөөгө чыккандан кийин, биз кантип ага билим беребиз? Бул биздин билим берүүбүздө деле эмес, сөз башкалар кандай реакцияда болгондугунда болуп жатат. Эгерде ал окуугусу келген учурда да... бизде күйөөгө чыккандан кийин окуусун уланткан кыздар жок. Бизде андай учурлар болгон эмес. Биз*

*күйөөгө чыккандан кийин окуган жапайычылык деп ойлобойбуз, бирок башка адамдар мындан жапа чегип калуулары мүмкүн. (Социалдык педагог, Талас областындагы айыл)*

Башка балдардын ата-энелери да мындай көз-карашка менен макул, алар «жаман үлгүнүн» балдарынын жанында болуусун каалабайт,

*Менин кичүү кызым мектепти бүтүрүп жатканда, классында кош бойлуу кыз окуучу. Ал экзаменди килейген чоң курсагы менен берди. Мен ата-эне катары буга терс көз караштамын. Биз бул жаман үлгү алып келет деп эсептейбиз. Башка балдар дагы ушундай кылгысы келет. (Мектеп окуучусунун апасы, Ысык-Көл областындагы айыл)*

Ушундай сурамжылоолор жеке деңгээлде ата-энелердин жана билим берүү кызматкерлеринин арасындагы тескери ойго ишендирүү бар экендигин көрсөтүп турат.

Биздин отчетубузга, биз уккан, эки жакшы окуяны кошпой койсок, туура эмес болуп калат. Акыркы цитатада сүрөттөлгөндөй, бир колукту-мектеп окуучусу Чүй областындагы мектептен чыгарылган, «анткени директор анын мектепте окуусун каалаган эмес». Ошентсе да, кыз мектепти бүтүргүсү келген жана анын апасы сотко кайрылган. Ал үй-бүлө сот процессин утуп, кыз күйөөдө болгондугуна карабай, мектепти аяктады.

Экинчи окуя Баткен областында болгон, ал жерде биз, өзү жаңы мектепти бүткөн бала, он алты жаштагы кызга-мектеп окуучусуна үйлөнгөн. Ал өзүнүн аялынын, башка айылда жашаган ата-энесиникине, аялы окуусун бүткөнчө, көчүп барууну чечти.

Бул эки «ийгилик окуялары» жаш колуктулар үй-бүлөсүнүн жетиштүү колдоосун алышса, мектептеги окуусун уланта алган сейрек кездешүүчү жагдай. Бул окуялар, биз дайыма угуп жүргөн, «же мектеп, же күйөө, экөөнүн бири» деген ойду четке какты.

Таң калычтуусу, мектеп, физикалык имарат катары, кыздардын коопсуздугуна абдан жогорку коркунучту алып келет жана бул коркунуч ушунчалык чоң болгондуктан, үй-бүлөлөр кыздарынын окуусунан баш тартышат. Ушундай коркунуч чындыгында реалдуу.

Бир нече областтардагы жергиликтүү активисттерден, биз, башынан эле мектептик билим алуудагы процесстин маанилүү көз ирмемдерин түшүндүргөн иш-чаралар катары кабыл алынчу, акыркы коңгуроо жана бүтүрүү кечелери сыяктуу мектептик иш-чаралар «колуктулардын жарманкеси» катары каралат экендигин билдик. Жаш балдар жана алардын үй-бүлөлөрү бул иш-чараларга көрүүчүлөр катары келишет да, потенциалдуу колуктуну тандашат экен. Кээ бир мектеп мугалимдеринин жана милиция кызматкерлеринин айтымында, көбүнчө ала качуулар бүтүрүү кечесинде же бүтүрүү кечесинен кийин болот. Бүтүрүүчү кыздардын арасынан тандалып ала качылса, ал кыздар үчүн престиждүү жана алардын сапаттарын баалагандыктарынын белгиси болуп эсептелет. Ал эми мектеп мугалимдери үчүн дагы ушундай ала качуулар жагымдуураак болот, анткени алар көйгөй алып келбейт, кыздар мектепти бүтүрүп барбай калышат жана мектеп администрациясы алар үчүн жоопкерчиликтүү болбойт. Ошондой эле, бизде ушуну менен байланыштуу байкоолор бар, анда кээ бир мугалимдер өздөрү жашаган жамааттын тургундарынан, кыздарды окубаган, жай мезгилинде, класстар комплектациялана электе ала качууларын суранышат, анткени мектеп болгон окуяга жооптуу болбойт. Мектеп окуучуларынын мектепке барып-келүүсү кыздардан коомдук жай менен басуусун талап кылат, ошондуктан аларды жок жерден ала качылып калуу коркунучу күтүүсү мүмкүн.

## 2. Диний лидерлер

Акыркы жылдары бала кездеги никелерди колдоодо диний лидерлердин ролу маанилүү деген катуу талкууланууда. Нике, үйлөнүүнүн мусулман каадасы, ЗАГСтагы никени жарандык расмий каттоодон өткөрүүгө салыштырмалуу олуттуу болуп калды. Чыныгы нике болуп имамдын нике кыйуусу эсептелет, ал эми ЗАГС болсо, ушундай никедеде төрөлгөн балдарга туулгандыгы жөнүндө күбөлүк алуу үчүн, ашыкча өкүнүчтүү формалдуу иш болуп калган. Чындыгында, ЗАГСты күчкө салып, жергиликтүү калкка мүнөздүү эмес, «орустар үчүн» деп эсептешет (бир респонденттин сурамжылоосунан).

ЮНФПА жана УСКанын (2016) изилдөөлөрүнөн алынган маалыматтар биздин байкоолорубузду тастыктап, сандык берилүүдө нике кыйуу жолу менен гана үйлөнүүлөр баардык жерлерде жайылгандыгын көрсөттү. Никесин расмий каттоодон өткөрүү же кошумча имамдын нике кыйуусу менен айкалышта үйлөнүү жагымдуураак вариант болуп саналган Бишкек, Нарын жана Талас областтары башкалардан айырмаланып турушат. Бул изилдөө, никенин негизинде (никени расмий түрдө жарандык китепте каттоосуз) үйлөнүү, негизинен абдан жаш аялдарга (18-30), формалдык билими төмөн жана жакыр үй-бүлөлөрдөн болгон адамдарга мүнөздүү болот.

Чындыгында, аялдардын алтымыш беш пайызы жана эркектердин жетимиш пайызы ЗАГСта расмий түрдө никесин каттатуу каадасы жок эле, нике кыйдырып койуу жетиштүү деп эсептешет. Элет жергесинде жетимиш төрт пайыз респонденттер шаар жергесиндеги элүү пайыздан айырмаланып, никени үйлөнүүнүн жалкыз керектүү жол-жобосу деп ойлойт. Аялдардын (отуз жети пайызы) жана эркектердин (отуз тогуз пайызы) көп пайызы, эгерде диний нике кыйюуга чейин нике расмий каттоодон өтсө, диний нике кыйууга тыйуу салу мыйзам чыгаруучу демилгеси менен макул болбогондуктарын айтты. Бул маалыматтар, үй-бүлөлүк жана никелешүү баалуулуктарынын диний никени көздөй трансформацияланганын көрсөтүп турат. Аялдар эркектерге караганда, расмий түрдө каттоодон өтпөгөн никелердин терс кесепеттери тууралуу көп айтышты жана жогоруда айтылган мыйзам чыгаруучу демилгеге позитивдик көз караште болушат. Андан сырткары, респонденттердин көп пайызы (мисалы, Чүй областында жыйырма төрт пайызы), жооп бергенден кармалышты (жооп бергиси келген жок же жообун билген жок), бул диний жазуулар менен укук ченемдеринин ортосундагы каршылыктарды дагы бир жолу көрсөттү.

ЗАГСтагы расмий каттоодон өткөнгө караганда, нике кыйуу алда канча азыраак көзөмөлдөнөт жана никеге туруп жаткандардын өздүк маалыматтарын текшерүү баскычын камтыбайт, алардан жазуу түрүндөгү арызы талап кылынбайт, арыз берилгенден баштап, каттоосун 30 күн күтүшпөйт. Ошентип, нике ЗАГСтын жөнөкөйлөтүлгөн, тездетилген альтернативасы болуп эсептелет да, кийинкиде, бала кездеги никелердин жайылуусуна салым кошуучу, диний жана кадыр-барктуу нике каадасы салмактанган, күчтүү факторго айлануусу мүмкүн.

Нике каадасы көбүнчө имам же молдо статусундагы жергиликтүү диний кызматчылары тарабынан өткөрүлөт. Аларды күйөөнүн үйүнө церемонияга бир аз убакыт калганда чакырышат (ошол боло турган күнү да чакырышы мүмкүн). Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү жана жарандык активисттер он сегиз жашка толо элек өспүрүмдөр менен нике кыйюу тажрыйбасына активдүү каршылыктарын көрсөтүп жатышат. ЮНФПАнын изилдөөсү көрсөткөндөй, Кыргызстандагы мусулман лидерлеринин 90%зы ала качууга каршы көз караште (ЮНФПА, 2012). Ошентсе дагы, ушундай никелерге көбү өзүнүн батасын беришет, алар ушунусун аялдар алар барганча эле никеге макулдугу менин келишкендигин айтып актанышат (ЮНФПА, 2012).

Биздин талдоо диний лидерлердин бала кездеги никелерди колдогондугунун когнитивдик, жүрүм-турумдук жана эмоционалдык мотивдерин жакшы түшүнүүнү сунуш кылат. Сурамжыланган диний кызматчылар дин жагынан окугандыгы боюнча, тажрыйбасы жана жаш курагы боюнча ар кандай топтордон болуп эсептелет. Ушул жеке мүнөздөмөлөр алардын жоопторуна таасирин тийгизди, бирок кээ бир жалпы тенденцияларды биз байкай алдык. Бул топтогу респонденттердин таң калаарлык тенденциясы алардын жамааттагы жашы жете электердин никесинин «аларда жоктугу», алардын ушул маалыматты абдан төмөн билүүсү болуп саналат. Ошентип айтканы менен, алар он алты, он жети жаштагы кыздар менен болгон никелердин санынын көптүгүн баса белгилеп кетишти. Ушундан улам, алар он алты жаштагы жана андан улуулардын никелерин эрте некелер деп эсептебегин жыйынтыктаса болот. Он алты жашында кыздар паспорт алышат, ошондон улам диний лидерлер паспорт алуусун алардын жетилгенинин белгиси деп эсептешет. Респонденттердин ушул тобу, он беш жашка чейинки кыз менен болгон никелерди эрте никелер деп эсептейт.
Процессти алып көрсөк, нике кыйууга чакырылган диний кызматчы, колуктунун жаш курагын билүүгө реалдуу мүмкүнчүлүгү жок, анткени ал колуктунун өзүн (көшөгөнүн артында) көрө албайт, колукту жеңелердин тегерегинде отурат. Имам ушул жерде чакырган тараптын чынчылдыгына ишенет. Колуктунун өз дили менен макудугун алуу жагдайы дагы ушундай. Мисалы, жол-жобо боюнча, колукту никеге макулдугун «Ооба» деген сөз менен билдирет. Ушундай шарттар диний үйлөнүүнү өткөрүүнү абдан жеңил кылат. Имам көшөгөнүн артынан чыккан жооп өтө жигердүү жеңеси тарабынан айтылбай, кыз өзү айткандыгына ишениши керек. Ошол эле учурда, уялчаактык жана тазалык себептеринен, кыздар «ооба» деп өтө катуу айтпашы керек. Тескерисинче, алар макулдугун акырын, араң угуулар жана түшүнүксүз үн менен билгизиши керек. Мындай учурда көшөгөнүн артынан угулган кандай болбосун добуш, кыздын макулдугу катары кабыл алынат. Мындай шарттар диний нике кыюу жол-жобосун татаалдаштырат. Бардык сурамжыланган диний лидерлер Кыргыз Республикасынын мыйзамында жазылган никеге туруу жаш курагы, эркектер жана аялдар үчүн да он сегиз жаш, экендигин билишет. Ушундай маалымат ар ай сайын, райондук же айылдык деңгээлде болуучу, отурумдарда берилет. Мисалы, Жалалабад областындагы айыл өкмөтүнүн башкы имамы мындай деп түшүндүрдү: «Мен бардык имамдарды айыл өкмөтүнө чогултуп, аларга көрсөтмө берем, багыттайм, биз жаңы мыйзамдарды жаан саясаттарды талкуулайбыз. Так ушул жерде биз нике

кыйюуну жана ЗАГСта никени расмий каттоону тууралуу талкуулаганбыз».

Ошентсе дагы, сурамжыланган диний лидерлердин көбү өздөрүнүн жоопторунда бир маанилүү болушкан жок. Бир четинен, алар, өздөрүнүн жоопторун укук ченемдери менен дал келтирип айтып жатышты.

Башка жагынан, алар диний жазууларда болгон никеге туруунун курагына ишенишет. Мамлекеттик ченемдерге каршы турган диний негиздемелер бар:

> *Шариат боюнча, Аллах адамдын жаратуучусу болуп саналат, ал адамды билет. Ал аны жараткан жана аны билет, анын мүмкүнчүлүктөрүн дагы билет. Шариатта «балакат» деген тутум бар. Балакатка жетүү тарыхый доорго карата белгиленген жаш куракта болот. Пайгамбар тирүү кезинде, кыздар үчүн балакатка жетүү курагы 9 жаш болгон, ал эми балдар үчүн 12 жаш болгон. Азыркы убакта биздин окумуштуулардын айтуусу боюнча, эркек балдар он сегиз жашында, ал эми кыздар он беш жашында, алардын этек кири башталган убакытта келет (Жалалабад областындагы башкы имам)*

Бул цитата көбүнчө сурамжылоолор үчүн лейтмотив болуп, диний жазылган эрежелер эрте никелердин максатка ылайыктуулугунун биологиялык негиздемелерин колдонушат (мисалы, айызды (этек кирди)). Калктын чоң адамдар катмарынын он алты пайызы, бала кездеги никелердин жайылуусуна, исламдын өсүүсү таасирин тийгизип жатат деп эсептешет (ЮНФПА жана УСК, 2016).

Бир топ молдолор маектеринде, жыйырма беш жаштагы же отуз жаштагы күйөөгө тийе элек кыздарга карата сын-пикир айтышты. Алардын айтымында, мындай кыздардын үй-бүлөлөрү нааразы болуп, чыр-чатак, ызы-чуулар көп болот. Төмөндө биз Чүй областындагы бир молдонун сөздөрүн келтиребиз, ал өз пикирин төмөнкүдөй деп билдирет:

Жыйырма беш же отуз жаштагы кыздар күйөөгө тийгенде, мындай үй-бүлөлөрдө чыр-чатак, ызы-чуулар көп болот. Силер өзүңөр билесиңер да, мурунку замандарда биздин чоң энелерибиз жана апаларыбыз он төрт, он беш, он алты жаштарында күйөөгө чыгышкан. Эч нерсеге карабай, алар үй-бүлөлөр бактылуу болушу үчүн бардыгын жасаган. Азыр болсо эмне болуп жатат? Эми кыздар он сегиз жаштан ашканда күйөөгө чыгып жатышат. Анын күйөөсү кичине эле кыйкырып койсо, кайын энеси урушуп койсо, ал таарынат. Мындай болбошу керек... (молдо, Чүй областы)

Бул контекстте мыйзам ченемдеринин күчү өзүнүн актуалдуулугун көп бөлүгүн жоготот. Диний жазуулар, патриархалдык баалуулуктардын жеке түзүмү, мүмкүн, өзүн-өзү актоо, ушулардын бардыгы чогулуп, кыздар үчүн эрте никелерди колдоо өз ара ички жана күчтүү түзүмдү көрсөтөт. Диний кызматчы, өзүнүн имам катары жумушунан сырткары, ошол өзү жашаган жамааттын тургуну экендигин жана башка тургандар менен ар кандай бири-биринен көз каранды мамиледе экендигин унутпообуз керек. Башкы имам дагы, «менин үй-бүлөм жакыр. Биз жамаатыбызда жашап, адамдардын арасында иштейбиз, менин эстешимче» деп өзү жөнүндө айтты. Бул жеке окшоштуктардын компоненттери бири-биринен ажырабашы керек жана көп учурларда диний кызматчылар, уулдарынын жашы жете элек кыздар менен никесинин кыйып коюуну өтүнгөн айылдаштарына жан тартуунун жогорку даражасын көрсөтүшөт. Ушундай жагдайлар көп учурда айылдын тургундарынын молдого кысым көрсөткөнүнөн болот. «Үй ээси, бардык чыгымдар кылынды деп санаркайт жана ал молдонун нике кыйуюсун эмне кылса да кыйнап жасатат» деп бир молдо айтып берди. Жаш жана тажрыйбасы азыраак молдолор айылдагы авторитеттүү фигуралардын кысымына туруштук бере алышпайт. Молдонун ушундай конформдук жүрүм-туруму, эгерде алардын иш-аракети үчүн жоопкерчиликти кыздын же баланын ата-энеси өзүнө алгандыгына ишенгендигинен болот. Имамды же молдону көндүрүү үчүн ушундай аргумент көп пайдаланылат.

Ошентсе да, жогоруда айтылгандарга карабай, диний кызматчыларды ар кандай кысымдардын курмандыктары катары гана карасак туура эмес болуп калат. Чындгында, каршыланган жагдайлардан чыгууга, алар бир кеңири тараган ыкма менен колдонгонду үйрөнгөнүн билдик. Ал тил кат (расписка). Тил кат жеке адамдын жеке чечимин ырастоочу жазуу түрүндөгү арыз болуп саналат. Молдо эки типтеги тил катты суроосу мүмкүн, бири – колуктунун ата-энесинен, экинчиси, никеге макулдугун берип жаткандыгын тастыктаган, колуктунун каты. 2010-жылдан тартып молдо жана имамдар жубайлардын паспортторун жана эки тил катты талап кылышы керек деп бизди маалыматташты. Бизге малым болгондой, 2010-жылдан баштап, мамлекет жактан нике кыйуу жол-жобосуна абдан катуу көзөмөл жүргүзүлө баштады. Ушул категориядагы бардык сурамжылангандар, эгер колукту абдан жаш болсо, нике кыйуудан баш тартам деп айтышты. Бирок бир

гана сурамжыланган имам чындыгында эле жашы жете электеги кыздын никесин кыйюудан баш тарткан:

*Эгерде колуктунун жашы жете элек болсо, мен анын апасын жана атасын, колуктунун өзүн дагы мага тил кат жазып берүүлөрүн өтүнөм. Ошондон кийин гана никесин кыям. Эгерде мага тил кат жазып беришсе гана, никесин кыям. Колуктудан мен өз каалоом менен күйөөгө чыгып жатам деген тил кат жана анын ата-энесинен тил кат алгандан кийни гана никесин кыям. Бир жолу колукту тил кат жазуудан баш тартты, мен ошондо никесин кыйуюдан баш тарттым да, ошол үйдөн кетип калдым. (башкы имам, Жалалабад областы)*

Бул конкреттүү учурда, имамдын статусу жана кадыр-баркы ага нике кыйуюдан баш тартып, кетип калууга мүмкүнчүлүк берген (тилекке каршы, ал аял менен ошондон кийин эмне болгондугу, белгисиз болуп калды). Көп учурларда, диний кызматчылардын нике кыйуудан баш тартуусу – бул абдан тобокелчиликтүү жана каалабаган чечим. Алар мыйзам менен жазалануучу укук ченемин бузуу менен жалпы укуктун негизинде жазалануучу социалдык күтүүлөрдүн ортосунда тандоо кылынат. Көбүнчө экинчисин тандоо биринчисин тандоодон алда канча маанилүү болот. Нике кыйуудан баш тартуу үчүн социалдык салмакты алсыздантууга, саясатты иштетүүгө комплекстүү кароо керек экендиги көрүнүп турат.
Тил кат алуунун тажрыйбасы, талашсыз, бушайман болууга алып келет. Бул жашы жете элек колуктулар менен болгон никени кандайдыр бир деңгээлде билинбес кылып коет да, башкалардын көңүлүн бурбоо үчүн колдонулушу мүмкүн. Тил каттын юридикалык күчү күмөндүү болуп турат, анткени кандай жагдайда алынганын билбейбиз. Бирок тил каттын болуу тажрыйбасы, өлкөдө канчалык деңгээлде жайылгандыгына карабай, маанилүү аспекттерди көргөзүп турат.
Алардын бири болуп жашы жете элек адамдар менен болгон мыйзамсыз никелерге мамиленин олутту болуп бараткандыгы саналат. Экинчиден, ал адамдардын нике кыйую олуттуу жол-жобосуна карата дагы, жүрүм-турумун өзгөрткөнгө даяр экендигин көрсөтүп турат. Үчүнчүдөн, тил кат жазуу тажрыйбасы бар болгондугунун өзү түзүмдүү алдын алуу иш-чараларды диний жамаат менен кызматташтыкта иштелип чыгууга мейкиндиктин бар болуусун билдирет.

## 3.Укук коргоо органдары

Биздин изилдөөнүн алкагында укук коргоо органдарынын өкүлдөрү менен (анын ичинде аялдар да бар), бардыгы болуп жыйырма сурамжылоо өткөрүлгөн. Сурамжылангандардын көбүн аймактык инспекторлор жана жашы жете электердин иштери боюнча мамлекеттик инспекциянын өкүлдөрү түздү. Ала качуу жана бала кездеги никелер мыйзам менен куугунтукталат жана бул тажрыйбаларды куугунтуктап, көзөмөлгө алып, алдын алууга укук коргоо органдарынын түздөн-түз катышуулары бар. Бирок, биздин маалыматтар, бул байланыш түздөн-түз эмес экендигин көрсөттү жана укук коргоо органдарынын иштөө шарттары, алардын түздөн-түз кийлигишүүсүнө толук мүмкүнчүлүк бербейт экендигине да ынандырды. Биз алардын көпчүлүгүнө кийлигишпей койую (башкача айтканда, өзүнүн түздөн-түз милдеттерин), мйызамдын тамгалары менен иштегенге караганда, артынан анча деле олуттуу эмес кеспеттерди алып келет экендигин көрдүк.

Укук коргоо органдарынын өкүлдөрү иштеген өзгөчө эмгек шарттары бар. Уюмдун талаптары милиционерлерди иш убактысынан сырткары иштөөнү талап кылат, он сааттан ашык смена. Бизге алар түшүндүргөндөй, буйрук максатка дал келбесе да, унчукпастан буйрукту аткарууга иерархия бар экен, жана операциялык планда көрсөтүлгөн тапшырмаларды аткарышы керек (м: бир нече камакка алуулар).

Татаалдыктарды милицияга коомдун ишениминин жана сыйлоосунун жоктугун кошот. Алар коомдук мазактоолорго жана шылдыңдоолорго дуушар болоорун айтышты. Алар, ошондой эле, мамлекет тарабынан жетишсиз экономикалык жана финансылык колдоо аларын айтышат.

Ала качууга жана эрте никелерге натыйжалуу киришүүгө чектөө койгон факторлордун бири – бул институционалдык приоритеттештирүү. Биринчиси дагы, экинчиси дагы тажрыйба, милициянын күнүмдүк жумушунун багытынын приоритетинин сыртында экендигин түшүндүк. Бир милиционер айтып берди:

*Бул жерде, милицияда биздин буга убактыбыз жок. Кеп, бизде адам жетшипегенде эмес, кимдир бирөө атайын программа ойлоп чыгарышы керек. Мен баш ийүүчү катары ушуну кыла алам деп айта албайм. Менин өзүмдүн жумушум бар, эми силер мага суроолорду берип жатасыңар, а мен ойлоно*

*албай жатам, анткени мен азыр барып отчет берүүм керек.*

Башка респонденттер дагы, диний экстремизм (Жалалабад областы), эмгек миграциясы (Ош областы), жерлерди мыйзамсыз бөлүштүрүү жана кыймылсыз мүлк менен байланыштуу мыйзамсыз келишимдер (Чүй областы), жашы жете элек өспүрүмдөр арасындагы өз өмүрүн кыйуюсунун санынын өсköндүгү (Ысык-Көл областы) ж.б. менен байланышкан негизги жумуштарын айтып беришти.

Милиционерлердин ала качууга жана бала кездеги никелерге карата, бир эле учурда эки позициясы бар экен. Олуттуу расмий каршы көз караш. Мисалы, биз ушуну менен көп кезигебиз,

*Милиционер катары мен буга каршымын. Мен ушуну алдын алууга иш-аракеттерди жасап, бул кылмыш экендигин жана бул үчүн түрмөгө отургузаарын айтып, калкка түшүндүрөм (Жалал-Абад областы)*

*Эгерде, ала качууну пландаштырып жатышкан болсо, мен сөзсүз ошол кыздын ата-энесине жана өзүнө маалымдайм, анткени менин өзүмдүн эки кызым бар. (Бишкек)*

*Мага чалаары менен, мен милицияга чалам да, кчам топ ошол эле замат чыгышат. Алар кылмышкерлерди кармап, иликтөөнү башташат. (Ош областы)*

Бирок, сурамжылоо маалында, биз ала качууну жана бала кездеги никелерди жактоо жагына бир аз кыйшайуюну байкадык. Кээ бир катышуучулар, алар ала качууда катышкандыктарын, алардын кээ бири өздөрү ала качып алгандарын айтышты. Ала качуу жакшы көрүнүш экендигин көрсөтүү максатында, мисалдарды колдонушту. Төмөндө ушундай сурамжылоолордон кээ бир цитаталар:

*Менин туугандарымды, эже-карындаштарымды да ала качып кетишкен. Алар жакшы жашашат. Алардын үчтөн, төрттөн балдары бар. Алардыкы баары жакшы.*

*Мүмкүн ал адамдардын үйлөнүү той өткөрүүгө акчалары жокдур, ала качуу болсо алда канча арзан турат.*

*Эгерде мен эрте нике тууралуу уксам, расмий арызы жок болсо анан... Эгерде бул пландаштырылган болсо, анда ата-энеси бул тууралуу билгендигинин белгиси. Биз эч нерсе кылбайбыз. Үйлөнүү той? Мейли үйлөнүү той болсун. Той откөрүү – бул жакшы, муну биз бардыгыбыз билебиз. Ал кандай болгондугу бизге кызыксыз.*

*Аны ала качып алдыбы же жокпу, мага баары бир. Эгерде алар нормалдуу жашаса, анда мага баары бир. Мен өзүмдүн аялымды ала качып алгам. Мен анын таанучумун, ал түнку сменада медайым болуп иштечү. Аны эки жолу машине менен ала качууга аракет кылышкан. Мен ала качууга мажбур болдум... Мен, өзгөчө учурларда ала качуу – бул нормалдуу деп ойлойм.*

Ушул байкоолор менен, биз бул милиционерлердин, арыз түшсө кантип ыкчам аракеттерди жасоо тууралуу билими жок деп айткыбыз келген жок. Тескерисинче, сурамжылоолордон биз, алар иш-аракет кылууга тийиштүү процесс бар экендигин билдик:

*Аймактын инспектор арызды кабыл алуусу керек. Эгерде ал жазганды билбесе, баары бир жазышы керек. Протокол түзүлөт. Бул он-он беш мүнөттү түзөт. Андан кийин кылмышкерди таануу керек. Ала качып кеткен адамды участокко алып келишет, ал документтерди толтуруусу тийиш. Эгерде анын күнөөсү дадилденген болсо, кылмыш иши башталып, сот процесси башталат. Эгерде, үч күндүн аралыгында арыз жазган адам арызын алып, арызынан баш тартса, кылмыш иши токтотулат. Эгерде андай болбосо, кылмыш иши козголуп, оперативдик топ окуя болгон жерге барып, ала качып кеткен адамды кармап келет.*

Биздин маанилүү тыянактарыбыздын бири, укук коргоо органдарынын ала качуу же бала кездеги никелерге расмий түрдө реакция жасоо ыкмасы боюнча иш-аракеттерди кылуусу келбегендигин көрсөттү. Алардын «абдан жай» реакциясы жана каалабагандыгы текшерилген тажрыйба, арыз бергендер көп учурда ала качып кеткен арызынан баш тартып кеткендиги менен түшүндүрүлөт. Милиционерлер, албетте, доочунун арызын кайра алуусун жакшы түшүнүшөт. Алар курмандыкка калгандар үчүн бул процесс жөнөкөй эместигин түшүнүшөт, «арыз жазгандар үчүн бул уят, курмандыкка калгандар үчүн бул уят. Бизде уят деген түшүнүк бар экендигин айкындалды. Алар уялат, коркушат, кызынын келечекте күйөөгө чыга албай калаарынан коркушат. Биз чындыгында эле аларды түшүнөбүз» (аймактык инспектор). Бирок ошол эле учурда, кийин арыз кайра алынарын билип туруп, арыз менен иштегилери келбейт. Алардын кыжыры келет. Алардын пикири боюнча «убакыттарын куру коротуп жаткандай болушат».

Ала түшүнүктү себептер боюнча муну алектенгиси келбейт, муну керги жок «ызы-чуу» деп эсептешт, жана акыры арызын алып кеткен, «канын ичип жаткан» доочулар менен байланышкысы келбейт.

Эки тарап урушат, бир тарап арыз берди. Экинчи тарап биринчи тарапка кичине акча берип койду, ошону менен биринчи тарап эч кандай дообуз жок арыздан баш тартышат. Бул жерде биз эч нерсе кыла албайбыз. Мыйзам деген мыйзам. [Кылмыш-жаза кодексинде ылайык эки тарап элдешкен учурда, кылмыш иши токтотулат.

Кээ бир эмпатиялык кызмат адамдарына (негизинен аялдарга), өздөрүнүн чечимдеринин кесепеттерин таразалоо зарыл. Алар, эгерде ала качып кеткен адамды түрмөгө отургузуп салышса, курмандыкта калган менен эмне болот, деген суроону ойлонушат. Алар курмандыкта калган абалын мындан да татаалдатпоо үчүн, арыздан баш тартууларына жол бергендерине түшүндүрүү табышат. Биз конкреттүү мисал келтиребиз:

> *Айыл мектептердин бириндеги бүтүрүү кечеси эле. Балдар кызды түздөн-түз кечеден алып качып кетишкен. Анын апасы келип арызын жазды. Бирок үч күндөн кийин келип, кыз ала качып кеткен балага турмушка чыкканы жатканын айтып, арызынан баш тартты. Албетте, кыз калып калды. Биз ал үч күндүн ичинде эмнелер болуп кеткендигин биле албайбыз. Эгерде жыныстык катнаш болуп кеткен болсочу? Эгерде кыз кыздыгы жок болуп калсачы? Эгерде дароо эле анын боюна бүтүп калган болсочу? Эгерде биз аны түрмөгө камап салсак, анда эмне болот? Ал кыз кимге кереги бар болмок эле? Бул эки учу бар таяк болуп жатпайбы.*

Бул жогордугы сүрөттөөлөр, эмне үчүн жана кантип, укук коргоо органдарынын кызматкерлерине ала качуу жана бала кездеги никелер менен күрөшүүдө формалдык эрежелер аракети, оңой эмес тандоо экендигин түшүндүрөт. Эмне себептен, милиция кызматкерлери үчүн мыйзамды бузбай иштөө ушунчалык татаал экендигин түшүндүргөн, кошумча маалыматтарды келтиребиз. Биз, ички иштер органдарында он жылдан ашуун тажрыйбасы бар, жогорку даражадагы наамы бар, милициянын кызматкери менен болгон сурамжылоодон алынган цитатаны келитиребиз:

> *Погончон адамга мындай жумушту аткарган абдан ыңгайсыз. Мен… Мен үчүн, чынымды айтсам, элестете албайм, мен погон тагынып жүрөм жана мыйзамды билем, анан менин тууганым ала качып келсе… Мен бул көрүнбөгөн сызыкты баса албайм. Сен кантип өзүңдүн туугандарыңа каршы чыга аласың? Мен ушунчалык… Мен элестетип көрдүм, мен бир күнү эле милицияда иштебей калам. Мен дайыма эле милиционер болуп жүрө бербейм да. Мен пенсияга чыкканда жалгыз калгым келбейт. Менин этият болуум керек. Кээде туугангчылык, кесиптик милдетиңден да маанилүү болуп көрүнөт.*

Ушул цитададан, униформа кийген адам эмне кылуусу керек жана жамаатта адам эмне кылуусу керек деген, олуттуу дилемма жана окшоштук маселелери бар экендигин көрүп турабыз. Анда униформачан адам катары кылышы керек жана коомдоштуктун мүчөсү катары эмне кылыш керек деген маселел турат. Биз көрүп тургандай, адам биринчисине тандоо койсо, экинчисине караганда, олуттуу социалдык натыйжалар болоорун билдик.

> *Албетте, бул ыңагйсыз! Бул абдан жаман сезимдерди алып келет! Бирөө эле дагы бир адамды ала качып кетсе, албетте, бул абдан жаман. Мында жакшы эч нерсе жок. Сенин аялың шок болуп жатат, анын «өздүк» бузулду, анын жеке үнү жок, анан ал сени өмүр бою жек көрүп өтөт. Эгерде ала качып кеткен адам, сенин тууганың болсо, мен ага, анын аракети мыйзамсыз деп айтам, аны түрмөгө отургузуп коюулары мүмкүн экендигин айтам. Бирок мен аны түрмөгө отургуза албайм, анткени ал менин тууганым. Эгерде кошунам ушундай кылса, «жакын кошунаң, алыс тууганыңдан жакын болот», башкача айтканда, окуя жанагыдай эле болот.*

Ушул цитатадан респонденттин ала качып алган адамга жеке мамилеси айтылууда. Чындыгында эле, конкреттүү милиционерлер, ала качып кеткен адамдын жана анын ата-энесинин айылында кызмат өтөйт. Колукту башка жамааттан болуусу ыктымал же ошол эле айылдан болот; көпчүлүк учурларда башка айылдардан кыздарды ала качып кетишет. Ошентип, милиционер ак көңүлдүүлүгүн көрсөткөн жамаат, ал өзүнө сый-урмат издеген жамаат – бул дайыма ала качып келген адам жашаган жамаат болот. Ошентип, кыргыз салтынын патриокалдык элементи кечирбеген таасир тийгизет.

Кесиптик милдет жана жана жамаатын мүчөсү болгон статусу бири-бирине карама-каршы турат, өзүнун кесиптик милдеттерин ийкемдүү эмес аткаргандыгы көбүрөөк тобокелчилик алып келет. Башкача айтканда, кандай болбосун полицейскийге көйгөйгө киришпөөсү азыраак ыңгайсыздыкты алып келет. Социалдык обочолонтуу, үй-бүлөсүнүн жактырбагандыгы, жамааттын башка мүчөлөрү менен жаңжал болуу, кошуналар менен кастык мамиледе болгондугу, айрыкча жаматтык ченемдер

абдан жогору бааланган, ал эми тууганчылык мамилелер көп учурда жашоонун башка аспекттери менен байланыштуу болгон биздин коомдо, коом тарабынан башка кысымдар бийик нарк болуп эсептелет. Ушуну менен тобокелчилик кылуу максатуу эмес, айрыкча, ошол арызды алып кетүүсү мүмкүндүгү жогору, арызданууга баш тартуу жазып, доочулар акча талап кылгандарга айланып, жыйынтыгында ала качуу «бактылуу аяктайт». Милициянын кызматкерлери эки варинттын ортосунда маневр жасоого өзүнүн стратегияларын табышат. Жаңжалды «ордунан» чечүү алардын бири болуп саналат. Маалымат берүүчү мындай дейт: «ооба, силер көйгөйдү табуу үчүн ошл жакка барасыңар, алдын ала иштерди жүргүзүү үчүн барасыңар, анан эл «баары жакшы» деп айтышат. Биз азиаттар үйдөн бир нерсени сыртка алып чыккыбыз келбейт» (Бишкек). Алдын алуу иштери бул жерде, ар кандай түрдөгү маалыматтык жумушу жана бул көйгөйдү чечүүнүн кеңири жайылган бир түрү болот.

Ошентип, сурамжыланган полициянын өкүлдөрүнүн факт боюнча ала качуу жана бала кездеги никелерди каттоосу нөлгө барабар экендиги, бизди таң калтырбайт. Алардан жаттап алгандай болуп, милиция ала качуу окуясы болуп кетсе, кантип иштөөсү керектиги жөнүндөгү протоколдун майда-чүйдөсүнө чейин айтып берүүсү, «мен иштеген тажрыйбамда [жыйырма жылда] бир дагы жолу ала качуу ишин алып барган эмесмин деген сөздөрү таң калдырбай койбойт, же боблосо мындай дешет «Менин тажрыйбамда мындай болгон эмес»: же, башка маалымат берүүчү өзүнүн тажрыйбасында, эрте никелешүү тууралуу «Бизде эрте никелешүүлөрдүн пайызы абдан төмөн. Албетте, ата-энелер макулдукка келишет да, алардын бири-бирине эч кандай доосу жок болот» мындай деп айтты. Бир гана айылдан башка, маалымат топтолгон бардык жерде, ала качуунун бир дагы окуясы катталып, сотко чейин барган эмес. Бир гана жолу, жогорку наамдагы милициянын кызматкери менен сурамжылоо жүргүзүүдө 2015-жылы үч арыз түшүп, бирөөсү гана сотко жеткен, ал эми эки учурда доочулар арызынан баш тартышкан.

## 4. Аксакалдар соттору

Аксакалдар соттору – өзүнүн ыйгарым укуктары жана статусу бар, негизинен “мыкты орган” деп саналуучу калктын кызыкчылыктарына кызмат кылган жана анын мүчөлөрүнүн акылмандыгына жана тажрыйбасына таянган жергиликтүү институттар. Ошентсе дагы, алар жаң-жалды чечүүдө жетиштүү чектелген ролуна карабастан, өздөрүнүн жааматтарында аксакалдар соту адептүү лидерлер деп саналат. Аксакалдар соту менен болгон интервьюлар жана фокус группаларда, алар ички макулдашулуктун таң каларлык деңгээлин көрсөтүп, суроолорго бардык региондордо окшош жооп берип жатышты. Албетте, бул, жаратылышы боюнча мыйзам ченемдүү, ар дайым тууралыгын текшерүүгө суроолор менен коштолуп турган (башкача айтканда, «туурабы», «ушундайбы») социалдык каалоонун натыйжасында келип чыккандыр. Респонденттердин аталган топтору өздөрүнүн жоопторун туура айтып жатышабы, алар өздөрүн туура алып жүрүшөбү, бардыгы изилдөөчүлөр күткөндөй болуп жатабы дегендей кабатырланып жатышты. Ушунун бардыгы, алардын жооптору эмне үчүн бири-бирине окшош болуп жаткандыгын түшүндүрөт. Биз алардын сөздөрүнө дыкаттуулук менен мамиле кылабыз, ал эми алардын жүрүм-турумун биз маалыматтын өзү менен бол жана алардын сактыгын биздин маалыматтардын бир бөлүгү катары карайбыз. Ала качуунун жогорку деңгээлин көргөн башка респонденттерден айырмаланып, аксакалдардын ала качуу тууралуу билгендери абдан эле аз, кээ бири мындай тажрыйбанын таптакыр жоктугун айтышты. Алардын бири мындай деп айтты, «акыркы үч жылдын аралыгында бизде бир дагы ала качуу болгон жок» (Талас областы), ал эми башкасы эрте никелешүү тууралуу мындай деди:

> *Жок, бизде эмес. Мурда мындай окуялар болгон. Ал он алты жашта эле, мектепти дагы бүтө элек болчу. Тогузунчу класстан кийин окуган эмес. Бул алты же жети жыл мурда болгон окуя. Аны ала качып кетишкен. Бул окуядан башка бизде болгон эмес. (Жалалабад областы)*

Ала качууга карата, аксакалдардын арасында ушундай төмөн бала кыялдык же маалымат билбегендик, же реалдуулукту атайы бурмалообу, бардыгы ала качуу алардын айылында эки жактын макулдугу менен гана болот деп ишендиришти. Бири-бирине коендой окшош жооптор мындай болду, «жок, бизде мындай жок. Бири-бирин таанybай, чырылдатып-чыркыратып, ыйлатып күч менен ала качып, анан сотко берүү жок» (Ош областы). «Тааныбаган адамдар тарабынан ала качуу бизде таптакыр токтогон» деди, биздин, ала качуунун алдын алуу үчүн кандай иш-аракеттер кылынат деген түз суроobузга, бир аксакал кыжырлануу менен кошумчалады

> *Бизде мындай жок, [изилдөөчүнүн аты аталат]. Мен силерге айткандай эле. Мурда, алты же жети жыл мурун бир жолу болгон. Экинчи жолу мындай болуусуна биз жол бербейбиз (Жалалабад областы).*

Бизге бул респондент тараптан, “ушуну” болтурбаганга эмне кылынгандыгын тактап биле алган жокпуз..

Бир караганда, бул баардык сурамжылоолор, пайдасы жоктой көрүнөт, анткени, алар көбүнчө бийик айтылган ченемдик монологдордон турат. Бирок, мааниси жагынан Аксакалдар сотунун чөйрөсү болгон коомчулуктун мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелер, ченемдер жана баалулуктарды камтыган тармактагы көйгөйлөргө көнүл буруусундагы Аксакалдар сотунун алсыздыгын көрсөттү. Алардын бирөөсү, созулган маектен кийин төмөнкүдөй каалоону айтты:

*Аксакалдар соттору, аялдар кеңеши, жаштар комитети алдын алуу борборлору катары иштөөсү керек. Бул, мен бардыгы кандай иштөөсүн каалагандыгым. Алардын жумушу формалдуу эмес, жөн гана көрсөтмө уюм болбогондой болуусу керек. Мен бул уюм чындыгында эле өзүнүн атына иши боюнча дал келүүсү керектигин каалар элем (Ош шаары)*

Чындыгында эле, аксакалдар соттору эмне менен алектенет деген сурообузга жооптор, фрагменттүү жана чаржайыт болду, мисалы, «Жамааттарга көз салат», «тартипти карашат» ж.б. деген. Айрым сотторго Өкмөт тарабынан конкреттүү ыйгарым укук өткөрүп берилген, мисалы, контролдоодон чыккан исламизмдин жана экстремизмдин өсүүсү, ИГИЛдин үгүттөөлөрү, алар атаган «кур намыс» үчүн көп үй-бүлөлөрдү карызга батырган, той, шаан-шөкөттөрдүн кымбаттуулугу сыяктуу көйгөйлөр. Бирок, ушундай жоопторду алгандан кийин дагы, аксакалдар соттору эмне иш кылгандыгы бизге түшүнүксүз болду. Бирок, алардын күнүмдүк жалпы жумушу калктын ар кандай арызданууларын кароо. Бирок биз сурамжылоо жүргүзгөндө, бир да аксакалдан ала качуу тууралуу арыз алгандыгын уккан жокпуз. Бири дагы ушундай жагдайды эстей алган жок. Бул жерде биз аксакалдардын сотторуна арызданган арыздарынын баарын «эстөө» процесси, арыздарды каттоо тажрыйбасынын жана алардын чечилүү процессин жүргүзүүсү жоктугун байкадык. Ошенип, аткарган иштерин каттоо жана тутумдаштыруу жок экендигин көрдүк. Аксакалдар сотунун башчысы мындай деп түшүндүрөт:

*Бизде, коомго юридикалык колдоо көрсөтүүгө шартыбыз жок, айрыкча аялдарга. Бизге керектүү шаймандарыбыз жана кайрылууларыбызды, протоколдорубузду бастырып чыгаруугакомпьютерлерибиз, принтерлерибиз жок. (Ош областы)*

Анын сөздөрүнөн улам, кээ бир аларга жеткен олуттуу иштер боюнча аксакалдар сотунун башчысы тарабынан катталгандыгын аныктайт. Аксакалдар соту ала качуу боюнча эсепке алууну көрсөтө албаган себеби, андай учурлар аксакал сотуна жетпейт, жеткен кезде деле аларды каттоо укуктук жагынан эч нерсеге арзыбайт. Негизги себептеринин бири, ала качуу жана эрте никелешүү аксакалдар сотунун иш мандаттан сырткары болуусу. Аксакалдар сотунун өкүлдөрүнүн бири, айтып берди,

*Кыздарды ала качуу кылмыш-жаза кодексинде бар, бирок ал биздин кароолорубузга кирбейт. Ала качуу окуялары прокутатурада каралат, алардын көзөмөлүндө. Эгерде жубайлар ала качуу жолу менен үйлөнсө, эгерде алар никесин сактап калгылары келсе, биз анда ал жубайларга жардам беребиз. Бирок, андай кайрылуу бизге боло элек. Эч ким мындай маселе менен кайрылган эмес. (Нарынская область)*

Чындыгында, Аксакалдар сот жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Аксакалдар сотунун кандай жумуштунтүрлөрүн кароого укугу бар экендигин так белгилейт. Кыз ала качуу жана эрте никелешүү Аксакалдар сотунун мандатына кирбейт, анткени алар «майда бейбаштыктардан» башка, кылмыш иштерин караганга укугу жок. Ала качуу прокуратуранын юрисдикциясы. Чындыгында, эл арыздарын аксакалдар сотуна эмес, милицияга беришет, андан кийин милиция кайсы ишти аксакалдар сотуна жөнөтүүнү, кайсынын жөнөтпөөнү чечет. Эрте никелешүү, мектептер жана мектеп-интернаттары тараптан каралуусу зарыл маселелердей каралат.

Эмне үчүн ала качуу жана эрте никелешүү аксакалдар соттору менен каралбагандыгынын экинчи себеби, алардын миссиясы бул үй-бүлөлөрдү жана үй-бүлө баалуулуктарды сактоо. Бир аксакал минтип айтты:

*Эгерде биз, кимдир бирөөнүн үй-бүлөсүн сактасак, бул биздин ийгилигибиз болот. Биз үй-бүлөлөрдү сактоо максатында көптөгөн иш-чараларды жүргүзөбүз. Бизге -бул ийгилик, ошондуктан биз үй-бүлөнү сактап калуу же элдештирүүгө чечимдерди чыгарууга катышабыз. (Ош областы)*

Жааматтык түрдө «үй-булөнү сактоо», өзгөчөсү жок, аксакалдар кызды жана анын үй-бүлөсүн күйөөсүнүн үйүндө калып калышын колдойт. Бул салттуу ченемдерге жана баалуулуктарга туура келет деп негиздешет. Интервьюларда мындай деп айтылган:

*Ала качылган кыз, жоолук салып жатышканда, абдан катуу каршылык көрсөтпөсө, ал кыз тартиптүү болуп саналат. Коом ага ыраазы болот. Ал эми коом ал жөнүндө кандай ойдо болоору, ал үчүн абдан маанилүү.*

Бул салттык көз караштар ченемдерге ылайык келип, «либералдуу» жүөйлөр менен кошо жашайт. Биз, мындай ойлорду дагы уктук,

*Чынын айтсам, бул кыргыздын салттарына каршы болуп жатат. Кыздарды ала качуу жакшылыкка алып келбейт. Эгерде мүмкүн болсо, ушуну токтотуу керек.*

*Мен биздин коомубуз акырындап ала качуудан алыстап кетүүсү керек. Биз кыргыз үй-бүлөлөрү ушундай жол менен куруу тажрыйбасын алып салуубуз керек.*

*Ушундай жагдайда [кызды ала качуу], мен аялдар тарапта болом. Мен аялдарды колдоойм. Мен ушуну жасайм. Башка тарапка, мүмкүн болушунча, сөгүш жарыялайм, мени укпаса, мен жоопкерчилик алып, мыйзамга дал келгендей кылып, ушул көйгөйдү чечмекмин.*

Ушул жооптор, мазмунун менен бири-биринен айырмаланганы толугу менен түшүнүктүү, алар шарттуу ыңгайда турат, гипотетикалык мүнөздө тургандыгы да, реалдуулук менен аз байланышта болгондугу көрүнүп турат. Бул алардын жагдайларга киришүү укугунун жоктугу менен байланыш болуусу мүмкүн. Социалдык каалоонун натыйжасы, башкача айтканда, ресопндент жагуу максатында ушундай жооп бергендиги дагы толук мүмкүн.

## 5. Мамлекеттик бийлик органдары

Буга чейинки бөлүмдөрдө ала качууга жана жашы жетелекте никелешүү маселелерине дуушар болгон укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн жана аксакалдар сотундагы дилеммалары жана жоопкерчилиги жөнүндөгү маселелерге токтогонбуз. Мамлекеттик бийлик органдарынын өкүлдөрүн сурамжылоо ушундай эле натыйжаларды көрсөттү, бирок бир аз өзгөчө айырмалары бар.

Бул жерде биз айыл өкмөттүн башчылары, айыл кеңешинин башчылары, шаардык кеңештин өкүлдөрү сыяктуу, кызмат адамдары ала качуулар жана бала кездеги никелерге байланыштуу арыздарды караган бир дагы тажрыйбаны айткан жок. Бирок, эреже катары эле, мындай жооп берип жатышты, «Менин тажрыйбамда мындай болгон жок», «Мага эч ким, эч качан мындай маселе менен кайрылган эмес, мен эч качан мындайды уккан эмесмин...», «Мен мындай маселе менен иштегенимди эстей албай жатам». Алар ушуну өзүнө тиешелүү аймакта же жамаатта, ала качуу жана бала кездеги никелердин жоктугу менен түшүндүрүштү.

Ошол эле учурда, «алыскы аймактардын» өкүлдөрү мындай тажрыйбалардын жоктугуна ишендирип жатышат. «Биздин айылда күч менен ала качуу жок», «Бизде мындай жагдайлар болгон эмес» деген бир типтүү жооптор көп болгон. Эгерде алар кайсы бир жерде ала качуу болгондугун укса дагы, бул эки жактын макулдугу менен болгон деп ишенишет. Ушундай ала качуунун романтикалуу жүйөлөргө бала кыялдык ишенүү бул топко дагы мүнөздүү болду. Ала качууну өзгөчө интерпретация кылуунун белгилүү жолдору бар,

*Эсиңдеби? Сүйүшкөндөр бар, бири жакыр, экинчиси бай, анан алардын ата-энелери үйлөнүү тоюна макул болушпайт. Азыр дагы ошондой эле. ошондо алар ала качуу жасашат. Ушинтип үй-бүлө курушат. (бийликтин өкүлү)*

Ушуну менен бирге, бул респонденттер ала качылган аялдар өздөрүн ала качкан адамдарга турмушка өз каалоосу менен чыгат деп ишенишет, «таң каларлыгы, бул аялдар өздөрү макул болушат. Алардын ата-энелери дагы». Ушундай ишеним «бардык кыздар чыдамсыздык менен, аларды качан күйөөгө алып кетет деп күтүшөт» деген типтүү стереотип менен айкалышат.

Бир респонденттин мындай деп айтуусу болду, «эгерде мындай болгон күндө дагы, мени бул кызыктырбайт». Бир дагы сурамжыланган бийлик өкүлү, ага чейин дагы кимдир бирөөлөр ала качуу же эрте никелешүү менен байланышкан арыз же иш жүргүзүү тажрыйбасын алып баргандыгын эстей албады. Бул жооп жергиликтүү бийликтин кызматкери эч кандай институционалдык жоопкерчиликти сезбейт дегенди билдирет. Бул, төмөн потенциал жана башка факторлор менен айкалышканы, ала качуу жана бала кездеги никелер актуалдуу эмес, маанилүү эмес, жана коомчулуктун чечим кабыл алуучул катышуучуларына көрүнбөгөндөй сезилди.
Айыл администрациясынын жана аймактык башкаруунун (айыл өкмөтү) жоопкерчилик чөйрөсүн чектеген, бекитилген институционалдык алкактар бар, мындай жобо Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө Мыйзамында каралган. Ар бир жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында милдеттүү түрдө ишке ашыруу жаткан,

ишмердүүлүктүн жыйырма беш багыты (пунктар), белгиленген. Биздин бардык айыл администрацияларынын өкүлдөрү менен сурамжылоолорубузда, алар ушул жыйырма беш пунктка шилтеме жасашты. Биз бул мыйзамдын текстин таап, аялдарга каршы зомбулукту дагы камтыган, үй-бүлө маселелерин табуу максатында, ар бир пунктту көңүл бөлүп окуп чыктык. Мааниси боюнча жакын пунктту биз бирдиктүү «социалдык маселелер» категориясынан таптык. Бул жерде дагы, «социалдык маселелердин» интерпретациясы, өзгөчөлүк бурмалоого кабылуусу мүмкүн. Социалдык маселелерди кандай көрөөрүн айыл өкмөтүнүн башчысы айтууда:

*Социалдык кызмат көрсөтүүлөр жана негизги социалдык көйгөйлөр – мына биздин камкордугубуз. Бул өзүнө таза суу менен камсыз кылууну, сугат суу менен камсыз кылууну, жолдорду оңдоону, көчөөнү жарыктандырууну, балдар бакчаларды жана мектептерди оңдоп-түзөө... Булардын баары биздин негизги милдеттерибиз жана биз социалдык кызмат көрсөтүүлөр менен камсыздайбыз.*

Ошондуктан, институционалдык мейкиндик жана администрациялык артыкчылык түзүмү, бийликтин өкүлдөрүнө, ала качуу сыяктуу маселелерге керектүү убакты бөлүүсүнө мүмкүнчүлүк бербейт. Ошентип, айыл өкмөтүнүн башчылары бизге анын ала качууга / бала кездеги никелердин тууралуу суроолорго кызыкпагандыгын айтганда, биз анын жообун ал аткарууга милдеттүүлүгүн, институционалдык талаптардын жыйынтыгы деп түшүндүк. Аларды, институционалдык субъект катары, өздөрүнүн белгиленген түз артыкчылыктары менен байланышкан жумуштар санаркатат. Алар бизге ичүүчү таза суу, сугат суу, диний экстремизм ж.б., жогорку эшелондорго баяндама берчү маселелердии айтып жатышты. Шаарларда жагдай айылдардан айырмаланбайт. Артыкчылыктар биздин изилдөөнүн темасынан абдан эле алыс. Ошого карабастан, бийлик органдарынын өкүлдөрүнүн ала качуунун жана бала кездеги никенин зыяндыгын моюнга алгандыгын жана аны түп тамырыр менен жок кылуу керектигин түшүнгөнүн көрдүк. Мисалы, бир айыл өкмөттүн башчысы мындай деп айтты: "Эрте никелешүүгө менин мамилем абдан терс. Он тогуз, жыйырма жаштагылардын никеси гана туура деп эсептейм".

Башка областтагы айыл өкмөтүнүн башчысы, «Көйгөй бар жана биз ага каршы иштешибиз керек» деп бекемдеди. Көптөгөн респонденттер ушундай көз караш менен макул болуп жатышты. Бирок, өзүнүн ойун тажрыйбага киргизүү мүмкүнчүлүгү чектелген. Биринчиден, бул алардын олуттуу жыш графигинде кошумча жумушту аткаруусун талап кылат, «Биз, бардыгыбыз ушундай жумуш аткарууга үмүттөнөбүз жана каалайбыз, бирок эч кимибизде убакыт жок...» деп бир респондент айткан. Изилдөөчүлөрдүн этнографиялык жазууларында бийлик өкүлдөрүнүн иш күндөрүнүн абдан жыш, көп жумуштуу, аларга «чыгып, тамеки чегүүгө дагы убакыт жок» экендиги тастыктап турат. Ал эми башка айыл өкмөтүнүн башчысы өзүнү иш графигин мындай сыпаттайт:

*Ооба, ооба, бардык отуз айылдан эли мага эртеден кеч киргенге чейин келе беришет. Мага эл ар кандай арыз-даттануу менен келишет. Кээ күндөрү мен, көйгөйдү чечүү максатында жер-жерлерге чыгуум керек. Ошондой эле, мен иш-кагаздары, корреспонденция менен иштешим керек. Мен өзүмдүн дареметимди ушул багытта өстүрүшүм керек. Кечки алты же жетиден кийин, мен эки же үч саат иш-кагаздары менен иштейм. Мына, иш кагаздарынын агымы, көрдүңүздөрбү, алар кечээки күндөн баштап топтолуп калды. Эгерде мен бардыгын окуп баштасам, жарым күн кетет. Анда мен адамдарды укканга кантип убакыт табам. Албетте, менин жардамчыларым бар, бирок жумушумдун көбүрөөк бөлүмүн өзүм аткарышым керек.*

Ал качуу боюнча иштерине алдын алуу мамлекеттик органдарды тартууга дагы бир кошумча тоскооолдук болуп дареметтин жоктугу болуп саналат. Мамлекет органын бир кызматкери мындай деп түшүндүрдү:

*Түшүнсөңүздөр, күчүм келсе деле, мен анте албайт... Мен психолог эмесмин; Мен инженер-механикмин жана бардык социалдык көйгөйлөрдү, бизге керектүү, биздин талаптар менен дал келгендей кылып чечемин. Ушундай саясатты же программаны [ала качуу жоготуу], биз чогуу аткарышыбыш керек.*

Ала качуу жана бала кездеги никелер сыяктуу, сезгич темалар жана талкуулап жаткан жүрүм-турумдун формалары, сурамжыланып жаткан бийлик өкүлдөрүнө «оңтойсуз». Ушундай оңтойсуздуктун ичинде, башка факторлор менен бирдикте, ушундай маселелерди чечүүдөгү, өзүнүн билимине, тажрыйбасына, көндүмдөрүнө күмөн саноо камтылган. Психология жана педагогика жаатындагы тренингдер абдан керек жана татаал маселелер чечүүдө бардык логикага жатат, анткени алар маданияттын бир бөлүгү болгон жана ойлонуп чечим чыгарууну талап кылган. Ушундай оор жагдайларда, мамлекеттик бийликтин өкүлдөрү көп учурда, өздөрүнө минималдык тобокелдик алып келген, аракеттерге кайрылат. Ушундай

стратегиялардын бири – арыз анын столунун үстүнө түшүп калса, өзүнун аткара турган аракеттерине гипотетикалык ой-толгоо кылуу:

> *Биринчи, мен аны менен кезигип, эгерде ушуну [ала качуу] жасашса мен аларга мыйзамда каралган алардын милдеттерин жана кандай жаза аларын түшүндүрмөкмүн, Мен аларга нике жашына жете электе никеге турууга болбойт экендигин айтмакмын. Мен жамаатты, аялдар кеңешине чейин келип, аларды ушуга барбоого көндүрмөкмүн. Мен ага жетишмекмин деп ойлойм.*
>
> *Мен ага [эркекке] келмекмин да, айтмакмын, «Сага тегеректеги кыздар аздык кылып жатабы? Ал каалабаса, кандай жашоо болот? Сен ушуну менен кантип жашайсың?». Айыл өкмөтүнүн башчысы катары, мен мыйзамга жараша иш-аракет кылмакмын.*

Экинчи стратегия – бул өзүңдүн ийиниңдеги жүктү, башка адамдарга жүктөп койгондугу. Буга чейинки цитаталарда кылмыш өлчөмдөрүнүн жана мыйзамдардын түшүшүнүктөрү эскерилген. Бул жөн жеринен эмес. Институционалдык ыңайсыздыктын контекстинде, бийликтин өкүлдөрү, ала качуу жана бала кездеги никелер сыяктуу талаш маселелерден алыстоону туура көрүшөт, анткени алар буга укук коргоо органдары жоопттуу деп ойлошот. Мисалы, биз муну уктук,

> *Ооба, абдан көп көйгөйлөр бар... бул үй-бүлөлүк мамилелер... бул чыр-чатактар... биздин элдин менталитети боюнча, алар милицияга кайрылышпайт. Алар милицияга барышса, кандайдыр бир жаман иш болду деп ойлошот. Алар мага ушуну менен келгенде, мен аларды башка жакка жөнөтүп жиберем.*

Ошондой эле бул цитатада айтылгандай, алар мындай иштерди кандай жол менен чечүүнү билбегендигин көрсөтүп турат. Алар «мыйзам чегинде чечем» дегенде да, бул фраза кандай конкреттүү иш-аракеттерди камтыганын түшүндүргөнү жок. Бийлик өкүлдөрүнө ишти андан ары берип жибергендиги алда канча ыңгайлуу. Бир респондент түшүндүргөндөй, «эгерде менин айылыма сигнал түшсө, мен аймактык инспектор менен байланышмакмын да, алардын реакциясы дароо башталмак». «Биздин реакция» эмес, «алардын реакциясы» деген сөз айкашын колдонгону айыл өкмөт башчысынын, буга чейин изилдеген, көйгөйдөн өзүн алыстатуусу көрүндү. Бул көйгөйлөр менен алектенүү, алардын тике милдеттери эмес, ал боюнча отчет да берүүгө милдеттүү да эмес. Ошентип, ала качуу жана бала кездеги никелер алар үчүн актуалдуу эмес жана алар көрмөксөн болуп коюшат.

Корутундусунда, айкындалгандай, жергиликтүү кызмат адамдары өздөрүнүн позициясын ала качуу жана бала кездеги никелер маселелерге карата «жаман эмес» деген орунга коюшкан.
Жогоруда айтылгандар менен бирге, ушул категориядагы респонденттер, сурамжылоонун ар кайсы баскычында, ушул тажрыйбаны түшүндүрүп жана кабыл алуу керектигин айтканга аракет жасашты. Бул таң калычтуу эки жактуу көз караштын болуусу тууралуу айтып турат. Алардын кээ бирөө, баягы эле этно-маданий салттар тууралуу жүйөлөрдү колдонуп жатышты,

> *Өзбек айылдарында никелер ата-энелердин макулдашуусу менен болот, жубайлар тойго чейин бири-бирин бар дагы жолу көрбөйт. Алар бири-бирин алгачкы нике түнүндө гана көрүшөт. Билесиздерби, ушундай менталитет...*
>
> *Кыргыз айылдырында ала качуу – бул ала качуу. Мен, мисалы, өзүмдүн аялымды ала качып алгам. Биз бири-бирибизди таанычубуз.*
> *Эрте никелешүүлөрдүн практикалык жагын айтышат:*
> *Көбүнчө аялдар биздин айылда күйөөгө он сегизге чыга электе тийишет. Негизги себеби... Мектепти бүттү. Кээ бир ата-энелердин окутууга шарты жок, окуусун улантууга акчасы жок. Ким окуусун уланта алса, алар окуй беришет. Эгерде андай болбосо, ал эмне менен алектениши керек? Бизде жумуш жок, келечек жок. Жалгыз вариант – бул күйөөгө чыгуу. Бизде жумуш жок, ата-энесине жүк болуп, эмне кылат. Биз эми, таптакыр эле ушуну айткан эмесбиз, бирок, анын курагы жакшы, мектепти бүттү, жумушу жок, үйдө отурат, эч жакка барбайт. Ал мындан ары эмне кылуусу керек?*

Бул бардык байкоолор ала качуу жана бала кезинде никелешүү учурлар тууралуу арыздар мамлекеттик органдарга расмий түрдө жетип калганда, институционалдык «ыңгайсыздыкты» сүрөттөйт.

# ТЫЯНАКТАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР

4

# ТЫЯНАКТАР

Узак убакыттан бери кыргыз коомунда ала качуу жана бала кездеги никелер тажрыйбасын ордуна келтирүү аракети жасалууда. Бул басынткан жана түрү суук кадамдар «кадимки болчу нерседей» кабыл алынат жана буга бир ирет факторлор таасир кылат. Тажрыйбалардын өзү, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ичинде, алардын жынысына, жаш курагына, тажрыйбасына жана статусуна карап, милдеттерди так бөлүштүрүү менен жамааттык ишке ашырылатат. Ар бир кадам, энтомаданий салттарды, экономикалык пайда-максатты, медициналык көйгөлөрдү, коопсуздук маселелерин камтыган, рационалдаштырылган жана интеллектуалдаштырылган актоону табат. Процесстин ар бир катышуучусу башкалары менен тыгыз байланышта болуп, алардын аракети бирдиктүү. Түзүлгөн социалдык тутумунун алкагында катышкан адамдар инерттүү. Күткөн чечимден баш тартат деп ойлобогондуктан, өздөрүнүн иш-аракеттеринде зомбулук же кылмыштуулук бар экендигин ойлошпойт да, жумушунун көп бөлүгү автоматтуу түрдө жасалат. Конкреттүү аракеттин конкреттүү аракети адекваттуу аныктама албагандыктан, баары ордунда деп саналат. Баш тартуу конкреттүү адам үчүн экономикалык, социалдык жана саясий ресурстарды жоготуусуна алып келет.

Жамаатын өкүлдөрү, мамлекеттик бийликтин өкүлдөрү, мектептер жана диний лидерлер өздөрү, аялдарга каршы зомбулукка көңүл бурбаган, ошол эле тутумду түзөт. Аларын «куп», «мейли», «макул» дей берүүчүлүгү мүмкун тутумда билинбейт, бирок ал бар. Институционалдык алкактар кийлигишпөө саясатын колдошот, анткени бийлик өкүлдөрүнүн жеке жана кесиптик жашоосуна, артынан терс кесепеттерди алып келбеген, түзүмдүк жана уюшулган жоон берүүгө легитимдик мейкиндиктин керектигин ойлошпойт. Ушул тапта, бул суроолор «ыңгайсыз» жана «комфорттуу эмес» деп кабыл алынат.

Биздин натыйжаларыбыз көрсөткөндөй, ала качуу жана жашы жетелекте үйлөнүү учурлары тынчтыкка жана тынчтыкты куруу маселелерине терс таасирин тийгизет деп сунуштайт. Бул мааниде, жаңжалдан кийинки аялдардын абалы түшүнүктүү. 2010-жылдагы улуттар арасындагы жаңжал, бардык жердеги, калк арасындагы өздүк коопсуздук жөнүндөгү кабатырланууну алып келди. Коркунуч жана кыздарын коргоо жөндөмүнө ишенбеген үй-бүлөлөр, кыздарынын абдан жаш болгонунда эле күйөөгө тийүүсүн колдошот. Биздин маалыматтар, бул окуялардын алты жыл өткөндүгүнө карабастан, мындай жүйөө уланып жаткандыгын көрсөттү.

Узак мөөнөттүү келечекте биздин пикирибиз боюнча, мисал болуп жаткан гендер зомбулугу, анын ичинен ала качуу жана бала кездеги никелер дүйнө курууга жана улуттук дэңгээлде өнүгүүгө олуттуу коркунуч алып келет деп эсептейбиз. Баштапкы чекит кылып, «тынчтыкты өлкөнүн ичинде бекемдөө жана жаңжалды зомбулук колдоону менен пайда болуусу ыктымалдыгын төмөндөтүүнү узак мөөнөттүү катары, CIDA's дин (2002) тынчтыкты куруунун аныктоосун алабыз. Тынчтыкты куруунун негизги милдети, зомбулугу жок жаңжалды башкаруу болгон, коомдун улуттук дареметин күчөттүү. Акырында, тынчтыкты куруу, адамдын коопсуздугун жогорулатуу максатын көздөйт, кеңири түшүндүргөндө, демократиялык башкаруу, адамдын укуктары, укуктардын үстөмдүүлүгү, туруктуу өнүгүү, ресурстар менен текши пайдалануу жана экологиялык коопсуздук сыяктуу шарттардын болуусун каалайт» (http://www.icrw.org).

Тынчтыктын болуусу жашоонун бардык тармактарында аял менен эркектин ортосундагы теңчилик мамилелерин камсыз кылуу менен үзүлбөгөн байланышы бар деген түшүнүк менен биз макулбуз. Ала качуу жана бала кездеги никелер жаш балдарга, жаш аялдарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө абдан терс таасирин тийгизет. Зомбулукта жашаган аял, жеке инсан болуп өнүгө албайт, бардыгынан чектелген болот. Жеке жашоосу жана эркиндик аларга таандык эмес, андыктан алардын, жаңжал жана түшүнбөстүктөрдү тынчтык жолу менен жөнгө салууга катышуу болгон, коомдун өнүгүсүнө алып келүүгө ыктымал болгон салымын жоготот. Аялдардын ушундай салымы, алар зомбулуктан жабыркаган болсо, өздөрүнүн жеке укуктарын биле албай, өзүнчө чечим кабыл ала алышпайт да, үй-бүлөдөн сырткары уюмдар менен байланышбай калат. Эгерде ала качуу жана бала кездеги никелерге көңүл бурбай койсо, аялдарга жана кыздарга болгон зомбулук, туруктуу тынчтык курудагы олуттуу адамдык капиталды түбөлүккө жоготуп алат.

# 5
# СУНУШТАМАЛАР

## Жалпы сунуштамалар

1. Ала качуу жана бала кездеги никелердин алдын алуу иштеринде, тармактар аралык кызматташтыктын майнаптуулугун жогорулатуу чараларын колдоо жана иштеп чыгуу зарыл. Көйгөйлөрдү жалпы түшүнүү жана жеке жоопкерчилигин сезгендикте негизделген, биргелешкен стратегия, мектептер, медицианылк мекемелер, диний жамааттар, милиция, жергиликтүү өз алдынча башкаруyу (айыл өкмөтү), мамлекеттик бийлик органдары ж.б. менен өнөктөштүктө иштелип чыгуусу зарыл. Стратегия өзүнө, биргелешкен иш-чараларды, алардын өткөрүү даталарын, өнөктөштүктүн жоопкерчиликтерин камтыган так максаттарды камтуусу керек. Эгерде ушундай стратегия бар болсо, чечүүгө жаткан кенемтелерди жан майнаптуулугун талдоо керек. Мүмкүн, операциялык жол-жоболор жана ала качуу жана жашы жетелекте никелешүү учурлары аныкталганда керектүү аракеттердин кадамдуу колдонмо катары иштелип чыгуусу керек.

2. Кызыктуу, «социалдык патронаж» деп расмий эмес түрдө аталган тажрыйба Ысык-Көл областынын Каракол шаарында аныкталган. Он эки туруктуу иштеген социалдык кызматкер жергиликтүү Репродуктивдик ден соолук борборунун алдында эрте никелешүү, бойго жетелек боюнда бар кыздарды айкындоо үчүн, коркунучка кабылган үй-бүлөлөрдү, аялдарга жана балдарга каршы зомбулукту аныкташ үчүн чогуу иштешет. Ар бир социалдык кызматкер муктаж болгон жеке адамдардын жана үй-бүлөлөрдүн ден соолугун жана турмуш шартын көзөмөлдөө үчүн маалыматты чогултуп, каттоодон өткөрөт. "Социалдык патронаж" командасынын акыркы иштеринин арасында он алты жаштагы, жүрөк оорусу бар баланын энесин айкындалышы болгон. Социалдык кызматкерлер өз ишин аткарып, зордук-зомбулукка дуушар болгонун аныкташты. Алар медициналык текшерүү менен ошол аялга жардам берип, тиешелүү органдарга, алардын ичинде Репродуктивдик ден соолук борборуна кабарлашкан, бул борбор медициналык текшерүү, кеңеш берүү жана коргонуу каражаттарын бөлүштүрүү менен алек болот. Бул ийгиликтүү практиканы кылдат изилдеп, колдоо көрсөтүп, ошондой эле башка аймактарга таратуу мүмкүнчүлүгүн ишке ашыруусу сунушталат.

3. Эрте никелешүү жана ала качуу бир монолиттик категорияга биригүүгө болбойт, алар контекстен тышкары кароо жатат. Ушуга байланыштуу айрым кооомдоштуктар, буга айрым этникалык топторду кошкондо, жана ушундай тажрыйба жайылтылган калктуу конуштар саясаттын деңгээлинде чечкиндүү чараларды көрүнүү, ушундай кырдаалдардын өзгөчө мүнөмөздөсүн терең түшүнүүгө багытталган программалардын жана кошумча аракеттердин ишке ашыруусун талап кылышы мүмкүн.

4. Ала качуунун болтурбоо боюнча мурдагы жана учурда саясий чаралар бул тажрыйбаны юридикалык көз караштан карайт, мында күнөөнүн бардыгы күйөөлөгөн балага жүктөлөт. Биздин изилдөө көрсөткөндөй, көп учурда башка каармандар дагы бирдей деңгээлде бул тажрыйбага катышаары билинди. Ушундан улам, программалык таасир этүү процесстин өзгөчө жигердүү катышуучуларына топтолгон. Мисалы, атайын программалар улгайган аялдарга (жигиттин жана кыздын апаларына) багытталууга болот, ошондой эле, борбордук ролдогу жеңелерге дагы атайын программаларды багытталууга болот. Калктын улгайып калган бөлүгү ала качуу жана бала кездеги никелер менен күрөшүүдө социалдык мобилизацияда чоң мүмкүнчүлүгү бар, ушун мүмкүнчүлүктү сөзсүз түрдө колдонуп калуу керек.

5. Ала качуунун курмандыгы болуп калуу мүмкүнчүлүгүн талкулоо жана пландоо тажрыйбасы кызы менен энесинин ортосунда жоктугу, кийин өзгөчө ала качып кеткен баланын туугандары аркылуу сүйлөшүүдө аларды жаңылышууга алып келиши мүмкүн. Ала качуу болгонго чейинки убакта өздөрүн сактап калышы үчүн, кантип алып жүрүш үчүн жаш кыздарга, так жана түшүнүктүү көрсөтмөлөрдү таратуу керек. Бул маалымат 13-14 жаштагы кыздарга жеткиликтүү болушу керек, жана жогорку класстарда да кайра бир нече жолу кайталоо керек. Жергиликтүү ӨЭУлар, мамлекеттик бийликтин өкүлдөрү жана эл аралык уюмдар ушундай коммуникативдик маданиятты, ушундай маектерди кантип өткөрүү керектиги, энеси менен кызына ала качылган учурда атайы кадамдардын тизмесин, ала качууга негизделген никелердин терс жактарын камтыган маалымат материалдарын иштеп чыгуу үчүн жардамын көрсөтүү керек.

Ушундай материалдар кыздар жана энелердин арасына, өлкөнүн бардык мектептери, шаарлардын жогорку окуу жайлары, аялдар кеңеши жана жаштар комитеттери аркылуу жайылтуусун сунуштайбыз.

6. Алдын ала сүйлөшүлгөн жалган жана жасалма ала качууларды дагы туп тамырынан жоюу керек, анткени алар бул тажрыйбанын кадимкидей экендигине жол берет жана коомдоштук ала качууну кандай гана болбосун түрүн кыздын макулду менен болгон деп түшүнөт.

7. Кыздардын мүмкүнчүлүктөрүн жана укуктарын кеңейтүүсү өзүнө билим алуу компонентин камтышы керек. Ала качуу жана бала кездеги никелер боюнча, адамдын, аялдардын, балдардын укугун бузуу темаларын орто жана жогорку окуу жайларынын окуу программаалрына киргизүү варианттардын бири болушу мүмкүн (мисалы, Манас таануу курсунун алгагында).

8. Кыз ала качуудан жана эрте никеден анткени мындай аракеттер күтүлбөгөн жерден жасалгандыктан, курмандык тарткандар, психологиялык жактан да, дене-бой жактан да даяр эмес болуп саналат. Бирок коомчулук, ритуалдуу жыныстык катнашка кызыкдар тараптар үчүн маанилүү маданий иш-милдеттерди аткарат: кыз кыздыкты камсыз кылуу жана бардыгына көрсөтүү, болочок күйөөсүнөн кийин коргоо, ал эми үй-бүлө ичинде жеңенин статусун жогорулатууга ал камсыз кылат. Өтө эле арсар, мындай тажрыйба өзгөрүп кетиши мүмкүн, эгерде буга альтернатива табылса. Жергиликтүү ӨЭУ, мисалы, бул маданий муктаждыгын канааттандырууга мүмкүн болгон жыныстык эмес ырымдарды аныктоо үчүн жалпы коомчулук менен иштеши керек. Кыз ала качуу жана эрте никеге да толук жоюу артыкчылык болуп саналат, бирок башка ырым-жырымдарды иштеп чыгуу, жок эле дегенде, курмандык тарткандар үчүн нике тажрыйбасын руханий жаракаат жактан жеңилдетип, жана зордук менен никеге туруу практикасын толук макулдашылган никеге айлантууда биринчи кадам болушу мүмкүн.

9. Ала качуу жана бала кездеги никелер фактылар боюнча кылмыш ишин козгоодо, өзгөчө айыл арасында олуттуу тоскоолдук болуп, адвокаттардын мындай учурда билимин жана түздөн-түз тажрыйбасынын жоктугу. Ошентсе дагы, бул тажрыйбага каршы кылмыш иштери ийиликтүү утулган. Зордук менен турган никелерге каршы иш менен алектенген жеткиликтүү юристердин дайындар базасын түзүү керек. Жергиликтүү ӨЭУ, Башкы прокуратура жана эл аралык уюмдар треннигдерди уюштуру жолу менен сот процесстерин алдыга кошумча жылдыра алат, тажрыйбалуу юристтер тажрыйбасы өздөрүнүн тажрыйбасы толо элек өз кесиптештерин окутат, өзгөчө зомбулук менен нике туруу тажрыйбалары жайылтылган жерлерде, андай жерде укуктук бilimинин деңгээли төмөн болот, ошондуктан (II) адвокаттардын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөөгө программаларды жана гранттарды иштеп чыгуу керек, анда социалдык-экономикалык жактан жабыркаган үй-бүлөлөр укуктук тутумунун кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүктү алууга мүмкүндүк болсун.

## Деректелген сунуштамалар

### Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө

1. Кыздарды/аялдарды ала качуу жана эрте никелешүү окуяларына жол бербөө боюнча Кыргызстан алган жана «Балдардын укугу боюнча», «Никелешүү курагында никеге туруууга макулдук берүү жана никени каттоо боюнча», «Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жок кылуу боюнча» конвенциялары менен бекитилген милдеттемелелерин аткарууну камсыз кылуу;

2. Эрте никелешүү көйгөйлөрүн чечүүнүн жана ага текшерүү жүргүзүүнүн иш-аракет стратегияларын иштеп чыгуу максатында, негизги министрликтерден, мекемелерден, ӨЭУ жана кесиптик уюмдардан турган ыйгарым укуктуу органдын базасында, сектор аралык иш топту түзүү. Эгерде мындай стратегия бар болсо, анда анын жетиштүү майнаптуулугун жана жетишпеген жактарын талдап чыгуу. Кадамдык операциялык кадамдар ала качуу жана эрте никелешүү жагдайларында аткарыла турган, үзгүлтүксүз иш-аракетти аныктоо боюнча чечим кабыл алуу адамдар үчүн иштелип чыгуусу мүмкүн.

3. Эрте никелешүү жана ала качуу экөө бирдей монолиттүү категорияга киргизилүүсү мүмкүн эмес жана контексттен көз каранды болгон феномендер катары кароого жатат. Ушуга байланыштуу, этникалык топтор жана ушул тажрыйба көп болгон жерлерди кошуп, белгилүү бир жамааттар, атайын программаларга, программалык иш-аракеттерге муктаж, ошондой эле өзгөчөлүктү терең түшүнгөнгө багытталган кошумча аракеттерге муктаж. Конкреттүү багытталган иш-аракеттер, аярлуу жаш аялдар тобу менен жүзөгө ашырылууга тиийш. Бул топтор өзүнө балдар үйүнүн жана мектеп интернаттарынын бүтүрүүчүлөрүн камтыйт.

### Кыргыз Республикасынын Парламентине

1. «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» (КРнын Үй-бүлөлүк жана Кылмыш-жаза кодекстери) мыйзам долбоорун колдоо. Мамлекеттик органда расмий каттоодон өтмөйүн, диний никелөөгө тыйуу салууну караган, мыйзам долбоорду кабыл алуу, КРнын Өкмөтү 2015-2017-жылдарга гендердик теңчиликке жетүү иш-аракетинин Улуттук планына, 20.11.2015-жылдын № Р78 токтомун бекитүү менен, киргизди. Мыйзам долбоору, биздин өлкөнүн никени расмий каттоодон өтпөстөн, диний жол менен нике кыйдыруунун кеңири жайылган өзгөчөлүгүн эске алып, атайы чара катары чыгып жатат жана кылмыш-жаза мыйзамдын ченемдерин кайталабастан, адилетсиз ата-энелерди, жаштардын фактылык никелешүүгө чейин никесин кыйган диний кызматкерлерди жоопко тартуу менен, анын кенемте жерлерин толуктайт;

2. Мындай кылмышка аралашкан катышуучуларды, ата-энелерин, туугандарын, досторун жана эки жактан тең катышкан башка адамдарды кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу максатында, КРнын мыйзам долбооруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;

3. КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 154, 155 статьяларын (кыздарды жана аялдарды уурдоо), коомдук тартипте айыптоо катары, белгилөө керек экендиги боюнча, КРнын Жазык кодексине (КРнын жаңы кылмыш-жаза кодексине) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;

4. Кыздарды уурдоо жана эрте никелешүүнү түп тамыры менен жоготуу боюнча эл аралык деңгээлде кабыл алынган, КРнын мыйзам чыгаруусун аткаруусуна жана милдеттемелерине көзөмөлдөө киргизүү.

### Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине

1. Саламаттыкты сактоо тутумунун (саламаттыкты сактоонун бардык баскычтарынын) өкүлдөрүнүн мүмкүнчүлүгүн жана гендердик сезимталдыгын жогорулатуу, анын ичинен аялдарга жана кыздарга болгон зомбулук окуяларын документтештирүү;

2. Мамлекеттик органдардын, жаштардын, өспүрүмдөрдүн жана ӨЭУ мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп, өспүрүмдөр арасындагы тобокелдик жүрүм-турумдардын, жашы жете электерге карата жыныстык кылмыштардын, эрте никелешүүнүн алдын алуу боюнча маалымат берүү иштерин күчөтүү;

3. Кыздардын ден-соолугуна жана өнүгүүсүнө зыян келтирген салттарды жана менталитетти жоюуга, агартуулук иш-чаралар жана жигердештирүү аркылуу кыздардын укугун бузууга каршылык иштерин көрсөтүүгө багытталган, 2008-жылдын 21-июлундагы №162 «Мамлекеттик социалдык буюртма боюнча» Кыргыз Республикасынын Мыйзамындагы тажрыйбаларды ишке ашыруусун ӨЭУ долбоорлорду ишке ашырууга тартуу менен уюштуруу жана киргизүү.

4. Караколдук Репродуктивдик ден-соолук борборунун социалдык кызматчыларынын кызматтарын колдонуу тажрыйбасын пайдаланууну жайылтуу. Ушундай кызматтар эрте кош бойлуулук,

жайылтуу. Ушундай кызматтар эрте кош бойлуулук, үй-бүлөлүк зомбулук, өспүрүмдөр арасындагы бойдон алдыруу жагдайлырын таап чыгат[7];

**Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигине**

1. Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин, гендердик кылмыштарды натыйжалуу иликтөөдө жана күнөөлүү адамдарды жоопко тартууда потенциалын жогорулатуу;

2. Кыздарга жана аялдарга карата кылмыштарды (эрте никелешүү жана кыз уурдоо) натыйжалуу иликтөө үчүн, укук коргоо органдарынын кызматкерлерине, колдонмо иштеп чыгуу жана аны практика ишине киргизүү;

3. Кыз уурдоо фактыларына кайрылуу жагдайларга жооп берүү нускама пакетин иштеп чыгуу;

4. Кыз урдоого жана эрте никелешүүгө карата кылмыш ишин ачуусу үчүн сыйлык берүү тутумун киргизүү;

5. Аймактык инспекторлорду 6 ай сайын ротациялоо;

6. ЖИИнин иш-аракет планына, кыз уурдоонун жана эрте никелешүүнүн алдын алуу иштерин киргизүү.

**Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана улуттар аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттикке**

1. Кыздардын жана аялдардын абалын жакшыртуу боюнча, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларына гендердик окутууну жүргүзүү;

2. Ала качууну жана эрте никелешүүнү түп тамыры менен жок кылуудагы ЖӨБнун ишмердүүлүгүнүн моноторингин жүргүзүү;

3. ЖӨБунун ишине гендердик бюджеттөөнү киргизүү, анын ичинен, ала качуу жана эрте никелешүү жагдайларын айзайтууга карата жүргүзүлгөн финансы ресурстарын киргизүү;

4. ЗАГС органдарында никенин расмий катталуу тажрыйбасын жигердүү киргизүү.

**Жарандык коомго**

1. Ала качуу жана эрте никелешүү окуяларын түп тамыры менен жок кылуу боюнча КРнын эл аралык милдеттемелеринин жыйынтыктоочу сунуштамаларын ишке ашыруу мониторингин жүргүзүү;

2. Аялдарга карата зомбулуктун алдын-ала чара көрүү боюнча комитеттердин үлгүсү боюнча, эрте никелешүү жана ала качуу жагдайларына жооп берүү топторун түзүү же жигердештертирүү;

3. Ала качууну жана эрте никелешүүнү түп тамыры менен жок кылуу боюнча мыйзам долбоорлорун талкуулоодо, жарандык коомдук бардык өкүлдөрүн тартуу;

4. КРдагы ала качуу жана эрте никелешүүнү түп тамыры менен жок кылуудагы алдын алуу иш-чараларына катышуу.

**Жалпыга маалымдоо каражаттарына**

1. Репродуктивдик ден-соолукка багытталган баалуулуктардын, ишенимдердин жана ынанымдардын түптөлүшүн калкка кеңири маалымдоо;

2. Ала качуу жана бала кездеги никелер маселелерин чагылдыруу жана журналисттик иликтөө жүргүзүү;

3. Ала качуу жана эрте никелешүү менен байланышка сот чечимдерин, кылмыш иштерин чагылдыруу;

4. Зомбулуксуз үй-бүлө куруулардын мисалдарын чагылдыруу.

7 Ысык-Көл областынын Каракол шаарында «социалдык патронаж» деген расмий эмес аталыштагы кызыктуу иш изилденген. Репродуктивдик ден-соолук Борборунун он эки штаттык социалдык кызматчылары, калктын арасынан эрте никелешүү, өспүрүмдүк кош бойлуулук, аз корголгон үй-бүлөлөр жана кыздарга, аялдарга карата зомбулук жайгдайларын табышат. Ар бир социалдык кызматчы, жеке адамдардын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн ден-соолугунун абалы жана бакубаттуулугу боюнча маалыматтарды топтойт жана каттайт. Ушундай социалдык патронаждын акыркы жыйынтыктарынын бири болуп, колунда олуттуу жүрөк оорусу менен жабыркаган ымыркайы бар, он алты жаштагы энени табуу болду. Социалдык кызматчылар анын жагдайын көзөмөлдөп турушту да, анын зордукталганы кош бойлуулукка алып келгенин билишти. Ушундай жагдайлар тийиштүү органдарга билдирилет, анын ичинде, аларга колдоо көрсөтүп, медициналык кароодон өткөрүп, контрацептивдерди жана консультацияларды берген, Репродуктивдик ден-соолук боюнча Борбор дагы бар. Ушундай тажрыйбаларды мындан ары жайылтууга аракет максатында, дыкаат изилдөөнү сунуштайбыз.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТЫН ТИЗМЕСИ


Borbieva, N. (2012). Kidnapping women: Discourses of Emotion and Social Change in the Kyrgyz Republic. Anthropological Quarterly (85), 1, 141–170.

Cooper-Cunningham, D. (2016). Domestic Violence as Everyday Terrorism: Bride Kidnapping in Kyrgyzstan. Retrieved from: *http://www.e-ir.info/2016/04/04/domestic-violence-as-everyday-terrorism-bride-kidnapping-in-kyrgyzstan*

Ibraeva, G., Moldosheva, A. & Niyazova, A. (2011). World Development Report 2012: Gender Equality and Development: Kyrgyz Country Case Study. Retrieved from: *http://siteresources.worldbank.org/INTWDR2012/Resources/7778105-1299699968583/7786210-1322671773271/Ibraeva_Kyrgyz_case_study_final_Sept2011.pdf*

Girls not Brides (2016). Why Does Child Marriage Happen? Retrieved from: *http://www.girlsnotbrides.org/why-does-it-happen/*

Handrahan, L. M. (2004). Hunting for Women: Bride-Kidnapping in Kyrgyzstan. International Feminist Journal of Politics (6), 2, June 207-233.

Human Rights Watch (2006). Reconciled to Violence: State Failure to Stop Domestic Abuse and Abduction of Women in Kyrgyzstan, September (18), 2.

Kleinbach, R. (2003). Frequency of Non-Consensual Bride Kidnapping in The Kyrgyz Republic, International Journal of Central Asian Studies (8), 108-128.

Kleinbach, R., Ablezova, M., & Aitieva, M. (2005). Kidnapping for Marriage (AlaKachuu) in a Kyrgyz Village. Central Asian Survey (June) 24 (2), 1–12.
Kleinbach, R. & Salimjanova, L. (2007). Kyz Ala Kachuu and Adat: Non-consensual Bride Kidnapping and Tradition in Kyrgyzstan. Central Asian Survey (26), 2, 217 — 233.

The Advocates for Human Rights (2008). Domestic Violence in Tajikistan. Retrieved from: *http://www.stopvaw.org/uploads/tajikistan_3_6_07_layout_-_final_mc.pdf*

Thomas, C. (2009). Forced and Early Marriage: A Focus on Central and Eastern Europe and Former Soviet Union Countries with Selected Laws from Other Countries. Retrieved from: *http://www.un.org/womenwatch/daw/egm/vaw_legislation_2009/Expert%20Paper%20EGMGPLHP%20_Cheryl%20Thomas%20revised_.pdf*

United Nations Children's Fund (2005). Early Marriage: A Harmful Traditional Practice. Retrieved from: *file:///H:/Kim's%20abstracts/GSPS/child%20marriages/Early_Marriage_UNFPa.pdf*

ЮНФПА (2012). Краткий отчет по результатам исследования “Знания, отношения и практические методы религиозных лидеров по вопросам гендерного насилия” Retrieved from: *www.health-centralasia.org/ru/books/download/id/47*

United Nations Population Fund & National Statistics Committee of the Kyrgyz Republic (2016). Gender in Society Perception Study. Working document.

«БУУНУН АЯЛДАР» ТҮЗҮМҮ – ГЕНДЕРДИК ТЕҢДИК ЖАНА АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫ МЕНЕН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН ТҮЗҮМҮ. АЯЛДАР МЕНЕН КЫЗДАРДЫН УКУКТАРЫН КОРГООЧУ ЖАНА КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫН БИЛДИРҮҮЧҮ «БУУНУН АЯЛДАР» ТҮЗҮМҮ БҮТКҮЛ ДҮЙНӨ ЖҮЗҮНДӨГҮ АЯЛДАР МЕНЕН КЫЗДАРДЫН МУКТАЖДЫКТАРЫН КАНААТТАНДЫРУУ ЖААТЫНДАГЫ ИШТЕРДИН ЫКЧАМДАТУУ МАКСАТЫНДА ТҮЗҮЛГӨН.

«БУУнун Аялдар» түзүмү гендердик теңдикке жетишүүнүн эл аралык нормаларын жана стандарттарын ишке киргизүүсүндө Бириккен Улуттар Уюмунун мүчө мамлекеттерине колдоо көрсөтөт жана аталган стандарттарды жүзөгө ашыруу үчүн талап кылына турган мыйзамдарды, саясый мамилелерди жана программаларды иштеп чыгуу жаатында өкмөттөр жана жарандык коом менен кызматташтыкта иш алып барат. «БУУнун Аялдар» түзүмү аялдардын жашоо-турмуштун бардык чөйрөлөрүндө тең укуктуу негизде катышуусуна, приоритетүү иш-аракеттердин беш багытына өзгөчө көңүл буруу менен, көмөктөшөт. Ал багыттар – аялдардын лидерлик ролун күчтөндүрүү жана алардын коомдук жашоодогу иштерге тартылуу мүмкүнчүлүк-төрүн кеңейтүү; аялдарды басмырлоону түп тамыры менен жоюу; тынчтыкты жана коопсуздукту орнотууга байланышкан бардык маселелерди чечүүгө аялдарды катыштыруу; экономика тармагында аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү; улуттук өнүгүү жаатындагы пландоо жана аларга тиешелүү бюджетти иштеп чыгуу процесстеринде гендердик теңдикке жетишүүдө аялдардын борбордук ролун камсыздоо. «БУУнун Аялдар» түзүмү бүткүл БУУ системасынын алкагында гендердик теңдикке жетишүүнү боюнча аракеттерге көмөк көрсөтөт.

Кыргызстандагы "БУУнун Аялдар" түзүмү
Бишкек шаары, Коенкөзөв көч. 144

Телефон: +996 312 325 226
Факс: +996 312 325 226 (ext. 105)

эл. дареги: kyrgyzstan@unwomen.org
Веб-сайт: www.unwomen.org
www.kg.one.un.org
www.eca.unwomen.org